**Стив жана Мэрлин Хилл**

# Лука 10: Ыйса осуяттаган Миссия



# МАЗМУНУ:

***ЖУМУШЧУЛАРДЫН КӨЙГӨЙҮ***

1. ЖҮРӨКТҮН КӨЙГӨЙҮ.............................................9
2.ОКУУТУНУН КӨЙГӨЙҮ..........................................11
3. БОЛОЧОКТУ БОЛУМДУУ КӨРҮҮҮДӨГҮ КӨЙГӨЙ: ТҮШҮМДҮ АЙЫПТОО...................................................17

***КУРУЛАЙ СЫЙЫНУУЛАР ЖАНА ГЕОГРАФИЯДАН КӨЙГӨЙ***

1.КУРУЛАЙ СЫЙЫНУУЛАР..........................................20
2.ТҮШҮМДҮН ТӨРӨСҮ.................................................23
3. АБДАН КОНКРЕТТҮҮ СЫЙЫНУУ::..........................25

***ЖОЛДОГУ КОРКУНУЧТАР***

1. ТҮШҮМ ЖЫЙНОО – ОПУРТАЛДУУ ЭМГЕК............30
2. ЫЙСАНЫН ТАБИГАТЫ ДАЛ АЗАП ЧЕГҮҮЛӨРДӨН КӨ РҮНӨТ..............................................................................31
3. БИЗ БАШКАЛАРГА БАТА БОЛУШУБУЗ ҮЧҮН БАТАГА ЭЭ БОЛОБУЗ.............................................................34

***КАПТАР, БАШТЫКТАР, КАПЧЫКТАР, САНДАЛИЙЛЕР ЖАНА САЛАМДАШУУЛАР***

1. КАПЧЫКТАР ЖАНА МИССИЯ....................................39
2. БАШТЫКТАР ЖАНА МАДАНИЯТ..............................42
3. САНДАЛИЙЛЕР, ЫКМАЛАР ЖАНА БРУЧКО .............46
4. ТӨӨНҮН ИЗДЕРИ ТУУРАЛУ ОКУЯ ............................47
5. САЛАМДАШУУЛАР ЖАНА МАКСАТТАР....................50

***СИЗДИН БЕЙКУТТУГУҢУЗ ЖАНА ТЫНЧТЫКТЫН АДАМЫ***

1. ***ТЫНЧТЫК БОЛСУН!***...................................................56
2. ***ТЫНЧТЫКТЫН АДАМЫН ТАБУУ***...........................57

***СӨЗСҮЗ ТАМАГЫН ИЧИШ КЕРЕК!***

1. ЧЫН ДИЛДЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР ЖАНА КӨБӨЙҮ ҮЛӨР..............................................................................62

2. ТАМАК ИЧИШ, КАБЫЛ АЛУУ ЖЕ БИРИМДИК, ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЖАНА ИШЕНИМДЕР ........................................64
3.ӨЗ ЭМГЕГИНЕ СЫЙЛЫК АЛГАНГА ТАТЫКТУУ БОЛУУ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТИН БАШКА БИР ТҮРЛӨРҮ..........................................................................................65

***ПАДЫШАЛЫКТЫ ЧАГЫЛДЫРУУ ЖАНА ЖАРЫЯЛОО***
1. ООРУУЛАРДЫ АЙЫКТЫРГЫЛА ЖАНА КУДАЙ ПАДЫШАЛЫГЫН КӨРСӨТКҮЛӨ! ............................................73
2.ЖАРЫЯЛАГЫЛА ЖАНА КУДАЙ ПАДЫШАЛЫГЫН КӨРСӨТКҮЛӨ...............................................................77
3. КИМ БАШЧЫ..................................................................83
4.ДАЙЫМА КЫЗМАТЧЫ ЖАНА ЭЧ КАЧАН ПАДЫША ЭМЕС, ЖЕ АКСАКАЛДАРЧЫ?..................................................87
5. ЫЙСА СӨЗ ЖҮЗҮНДӨ ЭМЕС, РЕАЛДУУ БАШЫ ..........................................................................................91

***ЧЕТКЕ КАГУУ, КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА МАҢЫЗ***

1.БАРДЫК БИЙЛИК.........................................................104
2.БААРЛАШУУ – ЭҢ ЖОГОРКУ ОРУНДА.....................106
3.ДОСТОРДУН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ.......109

***ТИРКЕМЕЛЕР 1-4***

**ТИРКЕМЕ №1**
**АПОСТОЛДОР – МАШАЙАКТЫ КУЛДАРЫ**...............134

**ТИРКЕМЕ № 2**
**ЖАҢЫ КЕЛИШИМДЕГИ ҮЙ ЖЫЙЫНЫ**....................138

**ТИРКЕМЕ №3**
**ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕРГЕ КАРАТА БУЙРУКТАР**.........142

**ТИРКЕМЕ №4**
**ТОЛУК УБАКЫТТАГЫ КЫЗМАТ (ТӨЛӨНҮҮЧҮ) ЖАНА ЖАҢЫ КЕЛИШИМДЕГИ ФИНАНСЫЛЫК МАСЕЛЕЛЕР**.............147

## *КҮБӨЛҮК*
## *(Жаңы активдүү кызматчыдан)*

Кудайды сүйүп, кызмат кылып, даңктай алганым үчүн Ага ыраазычылык келтирем. Теңир мени тандап алып, бакытка толгондугуман быйыл Ал эмне кылгандыгы тууралу бөлүшкүм келет. Өз өмүрүмдү Ыйсага бергениме көп убакыт өтсө да, жакында гана Ыйсанын улуу чындыктарына көзүм ачылды. Мен Кудайдын сүйүктүү кызы экемин жана Ал мен үчүн атайын кызмат камдап коюптур.

Былтыр аябай чоң кыйынчылыкта калгандыгыман Теңирге жардам сурап кайрылып жаттым. Мен баарына кайдыгер болуп бараткам, кубанычым калбай, руханий жактан көмөгүм жок эле. Анан көптөн бери көрө элек эски таанышым А.эжеге жолугуп калдым. Анын рухий жактан абдан күчтүү болуп кеткенин көрүп таңгала түштүм. Эжеден ушунчалык жылуулук менен сүйүүнү сезгендиктен, «пастор болуп кеттиңизби» деп сурап жибердим. Ал үй жыйындарынын кыймылына катышып, алардын бүт өлкөдө жана башка мамлекеттерге да таралышына жардамдашып, белгилүү бир мезгилден бери шаардан тыш жерде кызмат кылып жүргөнүн айтты. Чынын айтуу керек, мен жыл бою бушайман болуп жүрдүм. Майланган пасторлордун насыятын укканга жекшемби сайын чогулбай коюу да болобу? Мага окшогон руханий билими жок адамга деле Библияны түшүнүп, жаңы жыйындарды баштаганга мүмкүнбү?

Кийин мен алардын чогулушуна мезгил-мезгили менен барып, ал жерден жашоону көрдүм. Ар кимдин өз ачылыштары жана күбөлүктөрүн айтканга укугу бар экен. Насыяттар болгон жок, бирок күбөлүктөрүндө үйбүлөлөргө кызмат кылып, айылдарда жашагандарга барып, күнүмдүк муктаждыктарына жардам кылгандары тууралу айтышты. Алардын айткандарынын баары Кудай Сөзү аркылуу далилденип жатты. Бу кишилерден сүйүү агып турду.

Мен сыйына баштадым. Өлүп бараткьанымда Кудай мени таап, жаңы жашоо бергендиктен, дайыма адамдарга барып, алар менен жакшы кабарды бөлүшкүм келчү. Бул күбөлүктөр аркылуу мен кайрадана шамалдын күчүн сезип, асмандан үн уктум. Таарыныччтардан бошонуп, бир кезде мени аябай куугунтуктаган эжемдин ден соолугу үчүн сыйындым. Өлүп бараткан эжемди Кудай айыктырды!

Кудайдын жарыгын башкалар менен бөлүшөйүн деп сыйындым эле, ага жооп болду. Азыркы убакта көп кишилерге кызмат кылып жатам. Кудай көп үйдүн эшигин ачып, алардын сегизи уга баштады. Ошондой эле мурда мени куугундаган туугандарым менен досторума барып, кызмат кылып турам.

Чогулган сайын Кудайдын оту жанып бараткан тынчтыктын үйлөрүнө ачылыш аян берип жатканы үчүн Теңирге рахмат айтабыз. Биз досторубуз Стив жана Мэрлин үчүн сыйынабыз. Кудай сиздерге баары үчүн дайыма батасын берип турсун.

## КИРИШҮҮ

Сиздерге ушул китепти сунуштаганыбызды өзүбүзгө сыймык деп баалайбыз. Библия маданий реалдуулуктары жагынан чыгыш китеби жана Ыйса чыгыш адамы деп далилдөөдөн баштаганга уруксаат берсеңиздер! Ошондуктан мага караганда сиздерге, чыгыш адамдарына - Ыйса эмнени окутканын түшүнүү алда канча жеңил болуу керек.

Бирок менин батыш адамы катары кадырымды сыйлап, төмөнкүлөргө басым койгонума көңүл бурсаңыздар: «жыйыныңарды биз жүздөгөн жылдар бою батышта курганыбыздын үлгүсүндөй кылбагыла. Биз үчүн ал жакшы аракеттенген жок. Эмне үчүн ал башка жерлерде жакшы аракеттениши керек?». Тарыхый жактан жыйынды курууда биз, батыштыктар, төмөнкүдөй салтыбызды кармандчубуз: жетекчи, келүүчүлөр, имарат, жума сайын насыяттын тегерегине курулган кызматтар, колдоо сыйынуулары жана кичи группалар. Андан ары биздин миссионерчилик жана ишенбегендерге карата кызматтар тууралу түшүнүгүбүз жыйындык түзүлүш боюнча практикабыздын тегерегинде түзүлчү. Бул практика өзгөчө орунду, өзгөчө мезгилдеги өзгөчө ишти өзгөчө адам кылганын, аларды сиз өзүңүз кылбай эле, өзгөчө адам сиз үчүн кылсын деп акча төлөшүңүздү камтыйт, - мунун баары жердеги бардык диндердин мүнөздөмөсү эмеспи! Ошентип, биз өзүбүздүн диний салтыбызды кармайбыз да турабыз.

Качан жыйынды кандай жол менен уюштурабыз деп ойлогонубузда, миссионерчилик тууралу биздин түшүнүгүбүз чогулуштарга кишилерди алып келип, жыйындын программасын катышуу, ыктыярдуу жардамдашуу жана финансылык курмандык берүү аркылуу колдоп турууга негизделет. Чынында муну миссия

деп кыйынчылык менен айтса болот. Жаман түрүндө бул – көбүнчө христиан болуп калгандарга багытталган маркетинг жана реклама. Алар коңшу көчөдөгү жыйынга эмес, сиздин чогулушуңузга келсин деп ушуну кыласыз. Жакшы түрүндө бул ак ниет, ак дил адамдар айлана чөйрөгө, коомго өз билгендериндей, өз түшүнүктөрүндөй кызмат кылып жүрүшөт. Бирок мындай контексте шакиртчилик адамды ушул айрым деноминациялык кыймылдын доктриналдык постулаттарына айрымаланган өзгөчөлүктөрүнө батыруу болуп калат. Бул постулаттарга ишенишет жана алардын тууралыгына карата иш кылышат, ал эми калгандары адашып жүрүшөт же чындыкта анча биз сыяктуу эмес дешет. Жалпысынан бул Ыйсанын бир Денедеги жолдоочулары катары Аны көрүү, угуу жөндөмүбүзгө жакшы таасирин бербейт.

Бөлөк сөздөр менен айтканда, биз өзүбүздүн экклезиологиябыздан (кантип жыйынды жасайбыз) баштайбыз жана ага өз миссиологиябызды (кантип миссиябызды кылабыз) түзгөнгө жол беребиз, анан ушул аркылуу адамдар Ыйса тууралу бирдеме билип калышаар (христология) деп үмүттөнөбүз. Бул жыйын менен миссия ар бир маданиятта, деноминациялык айырмачылыктарын эске албаганда, негизинен бирдей эле көрүнөт дегенди билдирет. Альберт Эйнштейнге төмөнкү сөздөр тиешелүү: «Акылдан айнуу – бул бирдей эле иш-аракетти кайталап кыла берүү менен башкача натыйжаларды күтүү». Дагы башка ырастоо: «дайыма кылганыбыздай иш кылсак, анда мурда дайыма алганыбызды дайыма алабыз». Биз дайыма мурда кылганыбыздай акылсыз иш кылабыз да, кандайдыр бир бөлөк, башкача натыйжаларды күтөбүз!

А эгер Ыйсадан баштасак, кандай болот я? Эгер Ыйсага биздин миссияны багыттаганга жол берип, Ыйсага Өз жыйыныбызды курганга мүмкүндүк берсек эмне болот? Эгер тартип мындай болсочу: Христология, Миссиология, анан барып Экклезиология?

Эгер Ыйса миссияны ар бир маданиятта ар кыл багыттап, Ал куруп жаткан жыйын ар бир маданиятта ар кандай көрүнсөчү?

Муну Лука 10 бөлүмү аркылуу изилдөө бу китептин максаты. Качан Ыйсанын сөзүн жыйын борборлошкон иерархиялык болуп курулган кылымдардын призмасынан карасак, анда Анын бүт сөзүн өзүбүзгө адат болуп калган түзүлүшкө койгонго аракет кылабыз. Биз өз салттарыбызды жана азыркы кылып жатканыбызды карманну үчүн Анын сөздөрүн пайдаланабыз.  Бул жыйынды биз билген традициялуу түшүнүктүн капканында калтыруу дегенди билдирет.

Ал эми Ыйса көргүсү келген жыйын көзгө кандай көрүнмөк? Эгер жыйынды Ыйсанын сөзү жана үлгүсү аркылуу көргүбүз келсе, анда эмне болмок?

Мүмкүн эгер биз Анын буйруктары боюнча иш кылып, шакирттерди кылсак (Ал бизге осуят калтыргандарга элдерди үйрөтсөк), анда Ал Өзү убада кылгандай Өз жыйынын Өзү курмак беле (Өз денесинин мүчөлөрүн Өзү багыттап, Өз денесинин ооз жүзүндөгү эмес, чыныгы Башчысы болсо)?

Эгер  Ыйса Өзү кургандай жана бизге буйругандай, миссиядан баштасак эмне болот?

Биз сиздерди Лука 10 бөлүмүндөгү буйруктар жана практикалык колдонууларды чогуу карап чыкканга чакырабыз.

# ЖУМУШЧУЛАРДЫН ПРОБЛЕМАСЫ

*««Түшүм көп, бирок жумушчулар аз. Ошондуктан түшүмдүн кожоюнунан Өзүнүн түшүмүн жыйноого жумушчуларды жиберүүсүн өтүнгүлө».*
*Лука 10:2*

## 1. ЖҮРӨКТҮН КӨЙГӨЙҮ

Ыйса түшүмдүн чоң көлөмүн жумушчулардын эң эле аз саны менен салыштырат. Ал эмне үчүн жумушчулар мынча жетишсиз экенин түшүндүрбөйт, бирок тажрыйба көрсөткөндөй көптөгөн машайакчы кызматкерлер дүйнөнүн өтө евангелизацияланган бөлүктөрүндө эле топтолуп алышкан. Ошол эле учурда ишенүүчүлөрү эң аз сандагы жактарда абдан эле жетишсиз сандагы кызматкерлер эмгектенишет.

Мындай тең салмаксыздыктын себеби биздин аман-эсендикти, бейкуттукту, стабилдүүлүктү, айлыкты, орун абалды каалообуз болуп саналат, анткени машайакчы эместер бизге мындай шарттарды жакшылап даярдап бере алышпайт да! Түшүмдү жыйноо көп учурда опурталдуу, коркунучтуу жана ал үчүн өзүбүз баа төлөйт эмеспизби! Бул жумушчунун жүрөгүндөгү ар түркүн көйгөйлөрдү көрсөтүшү мүмкүн. Мен кээде Кудайдын артынан ээрчүүгө умтулуубузда белгилүү бир этапка жетебиз да тынчтанып калабыз деп ойлойм. Биз кандайдыр бир деңгээлде Анын сүйүүсүн сезебиз, Анын кечирими тууралу билебиз, айыгабыз, кыскача айтканда, өзүбүздү жакшыраак сезүү үчүн буларды баштан өткөрөбүз. Бирок Анын жүрөгүнөн элдерди куткаруу жана дүйнөдөгү алсыздарга кам көрүүгө от алуу үчүн сүйүүсүн анча терең сезе албайбыз. Кудай бул сүйүү, бирок Анын сүйүүсү азоо, жапайы, опурталдуу, чексиз жана эр жүрөк. Түшүмдү жыйноо көп учурда оор, таза эмес жана коркунучтуу да. А биздин жүрөктөрүбүз мындай сыноолордон тайманбагандай болуулары зарыл, алар бир гана Анын жүрөгү менен бириккенде гана ушундай улуу боло алышат.

Ошондой эле азыркы оккульттук топтордогу «руханийлүүлүктөн» да абайлашыбыз керек. Ал жерде адамдар рухий сезүүлөрдү баштан өткөрүүнү жеке максат кылып алышат да, адаттан тыш нерселердин бардык формаларын издеген керектөөчүлөргө гана айланышат. Теңирден болгон нерселерге да ошондой мамиле кылып калабыз: Кудайдын катышуусун эмоциялык сезүү жана Аны менен сүйүүнүн романтикасы бизди жакындарыбыз үчүн милдеттерибизден жана ошол жыргаткан сезимдерди Бергендин Өзүнөн ажыратып салышы мүмкүн. Жаңы Келишимде булар бир-биринен ажыраган эмес. Ыйык Рухка чөмүлүү Машайакка толугу менен баш ийип, өз өмүрүн курмандыкка бергенге шыктандыруу болчу.

*«Бирок үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин күч аласыңар да, Иерусалимде, бүт Жүйүт аймагында, Самарияда, атүгүл, бүт дүйнө жүзүндө Менин күбөлөрүм болосуңар» (Элчилердин иштери 1:8).*

Жаңы Келишим Кудай менен ажайып жолугушууларга, өзгөчө укмуштай руханий сезимдерди баштан өткөргөн мисалдарга толгон эмес. Анткени алгачкы ыйыктар атайын андайды издешпептир. Апостолдордун үчүнчү асманга кантип көтөрүлсө болот, периштелерди кантип көрүп, Кудайдын үнүн кантип ажыратса болот деп жазгандары да жок. Батышта ушундай нерселерди үйрөтөм деп жарыялаган лидер-гурусу бар көптөгөн окутуулар бар. Алар үчүнчү асманга көтөрүлүүнү түштөнгөнгө кафеге барып келгендей эле кеп кылышат дейсиң, бул алардын өз фантазиясынан ары кетпегендигин күбөлөндүрүп тургандай эмеспи. Эми муну Библиядан тышкаркы окутуулар десек болот. Мындай чогулуштарда адамдар бирдемени сезишет болду бекен? Ооба, көбү сезишет, бирок эмнени? Толкуган калк, концерттик музыка, атайын өзгөчө атмосфера, эмоциялык гиперактивдүүлүк сезимдерди козгоп, көп нерсени элестеттирип жиберет, бирок жемиши аз болот. Жаңы Келишимдеги кээ бир инсандардын адаттан тыш нерселерди көргөнү биз да ошондой сезимдерди баштан өткөрүшүбүз керек экен дегендикке жатпайт. Телеберүүлөрдөгү канчалык көп харизматтык

конференциялар менен кызматтар Библиядан тышкары. Жазуудагы аяттар Жаңы Келишимде башында кандай түшүнүлгөндөй колдонулбайт. Бул алгачкы жыйын күрөшкөн адашкан окутуу болуу саналат. Ал кезде кээ бирөөлөр биздин өзгөчө «рухий» көрүнүштөрүбүз жана билимибиз бар, куткарылуу үчүн аларды окуш керек деп үйрөтө башташкан эле. Аларды «гностиктер» деп айтышкан. Гностиктер өздөрүнүн «рухий» элестөөлөрүн Ыйык Жазуунун жөнөкөй окуусунан өйдө көтөрүшкөн.

Жаңы Келишимде мындай көрүнүштөр аркылуу Кудай менен жолугушуулар Ага тил алуудан ажыратылып изделген эмес. Ишенүүчүлөр Эгесине тил алып, кыйынчылыктар жана азаптар аркылуу алга жылышкан сайын Кудай менен атайын пландашылбаган укмуштай жолугушууларды, Анын керемет кийлигишүүсүн баштан өткөрүшкөн. Мисалы, мен Пабыл үчүнчү асманга Листранын жанында таш бараңга алынганда көтөрүлгөн деп айтышкандарга кошулат элем (Элчи иштери 14:19). Мында негизги фокус Кудай менен чогуу түшүм жыйноодо болгон! Биз рухий эмоциялуу сезимдерди эле баштан өткөрүүнү издебешибиз керек. Күнөө жана эгоизм үчүн Ыйса Машайакта өлүп, ошону менен жаңы макулук катары, Кудайга карата тирүү курмандык катары, эркиндикти туйгандар катары өзүбүздү сезели. Биз Эгебиз менен кийинки үйгө, кийинки айылга, кийинки өлкөгө баруу үчүн жашап жатабыз. Биз Аны менен бара жатабыз.

## 2. ОКУТУУНУН КӨЙГӨЙҮ

Салт болуп калган түшүнүктөгү окутуу да көйгөй болуп калышы мүмкүн. Адам канчалык көп жыл кудай таануу (теологиялык) билимин окуп жүрсө, ошончолук анын башкаларды Машайакка көп алып келери күмөн экени далилденип калган.

Чындыгында традициялык библиялык мектептер менен семинарийлер эгин талаасынын жумушчуларын үйрөтүшпөйт. Алар болгону институттук системаны кармап жана чоңойтуу өнөрүнүн адистерин гана чыгарышат.

Ошондуктан анда окушкан, кийинчирээк көптөрдү ишенимге алып келишкендер Ыйсанын жемиш алып келген шакирти жана адамдарга насаатчы болуш үчүн, семинарияда үйрөнгөндөрүнүн баарын турмушта кайрадан башкача окушкандары тууралу күбөлөндүрүшкөн болучу.

Дагы башка чындык – кимдир бирөөлөрдү окутуу үчүн өз чөйрөсүнөн канчалык алыс алып кетсек, ошончолук алардын кайра өз элине кызмат кылуу үчүн кайтып келишээри күмөн. Батыш маданияты үчүн бул анча актуалдуу эместир, бирок башка өлкөлөрдүн контекстинде абдан ачык байкалат: эгер адам өз чөлкөмүнөн батышта окуш үчүн алынып кетсе же адам өзүнүн айлынан шаарга окуганы кетсе. Анан дагы эле мындай институциялык «руханий» окутуу көп учурда кызматкерлерди – «толук убакыттагы кызматтын адистерин» тарбиялап чыгарат да, алар кийин кызмат кылдыргыңар келсе, шайкеш келген жашоо стандарттарын камсыз кылгыла деп талап кыла башташат. Мындай окутуу түшүм жыйноонун оор түйшүгүн мойнуна алып, талаа жумушчусунун жашоо стандартына ээ болууга умтулган кызматкерлерди таптабайт. Жумушчулар иш ордуларында, практика жүзүндө өстүрүлөт да! Ыйса кылган сыяктуу. Демек, биз дагы ошондой эле ыкма менен үйрөтүшүбүз керек. Бизде андан «жакшыраак» ыкманын болушу мүмкүн эмес!... Ыйса караңгы балыкчылар менен айылдыктарды эмгек ордунда, түшүм талаасында үйрөтүп, аларга адамдарды кармагыч кылам деп убада берген. Ал профессионал адистерди тарбиялоого кызыккан эмес. Ал өз учурундагы диний титулдашкан профессионал адистерди ашкерелеп, каргап-шилеп, жалпысынан аларга каршы турган болучу (бул Матай 23-бөлүмдө абдан катуу берилген), азыр да Анын буга мамилеси өзгөргөн жок.

Ыйса өз ордунда окутуу тууралу Жакан 7:17 аятта мындай деген: «Кудайдын каалоосун аткаргысы келген адам, бул окутуу Кудайданбы же Мен Өз атымдан сүйлөп жатамбы, билип алат». Биз практика аркылуу таанып билебиз!...Дисциплина, ишеним жана Анын эрки боюнча иш кылууга умтулуу Андан көз каранды болуп, толугу менен

моюн сунууга алып келет. Ошол эле учурда бир эле информацияны ар түрдүү жагынан улам жаңы ыкмалар менен казгылап, доктриналарды сүргүлөй берүү толук түрдө бой көтөрүүгө алып барат. Бул Жакан 7:49 аятындагы «Мыйзамды билбеген бул караңгы эл каргышка калсын» деп айткан парзчылдардын (фарисейлердин) бой көтөрүп айткандарынан айгинеленип турбайт бекен?

Ыйса практикалык иш менен окутуу тууралу Матай 28:19-20 аяттарда дагы айтып, «буйругандарымдын бардыгын аткарууну элдерге үйрөткүлө» деген. Институциялык окутуудагы эң жаман нерсе – бул доктриналдык айырмачылыктар, бийликти жана авторитеттерди структуралаштыруу, иерархиялуулук. Бул Машайактын калган бөлүгүнөн бөлүнүүнү жана артыкчылык сезимин туудурат, анткени адам авторитеттин позициясынан өзүнүн гана окуусу абдан сонун деп ишенет. Буга карама-каршы болуп, Ыйсанын буйруктары кечирим жана элдешүү аркылуу өз ара мамилелердеги жетиктик, андан кийин башкаларга абийирдүү, ынсаптуу мамиле менен кызмат кылууну билдирет. Мында басым доктриналдык айырмачылыктарга эмес, а айыккан жүрөктөр менен мамилелерге коюлат. Тилекке каршы христиан дүйнөсүндөгү эң таланттуу, суктандырган жылдыздар көп учурда өз жакындары менен жакшы эмес мамиледе. Интеллектуалдуу бой көтөрүүчүлүк – сүйүү карым-катышы үчүн анча жакшы негиз эмес!

Өз учурунун эң билимдүү адамдарынын бири болгон Пабыл 1 Корунттуктарга 8:1 аятында «билим адамды текебер кылат, ал эми сүйүү адамдын акылына акыл кошот» деп байкаган экен.

Сиз ким болгуңуз келет – кереметтер тууралу сүйлөгөн кишиби же өзү ошол кереметтерди жасаган кишиби? Кудайдын сүйүүсү тууралу айткан адамбы же башкаларды кандай болсо ошондой сүйүп, аларга сүйүү менен кызмат кылган кишиби? Ыйсанын падышалыгында биз мактанып жүргөн өздөштүрүп алган информациянын көптүгү менен эмес, а берген жемиштерибиз менен таанылабыз. Кудайдын падышачылыгынын дубалдарын-

да дипломдор жок. Ыйса Өз Падышачылыгын билимсиз, караңгы, карапайым пенделерге ишенип тапшырган болучу. Анда эмне үчүн биздики эң мыкты метод деп ойлойбуз?...

*«Алар Петир менен Жакандын тайманбастыгын көрүп, алардын окубаган, жөнөкөй адамдар экендигин билип таң калышты. Алардын Ыйса менен бир жүргөндүгүн билишти» ( Элчи иштери 4:1).*

Практикалык эмгек ордунан тышкары окутуунун башка бир туура эмес көрүнүшү болуп – ийгиликтүү харизмалуу лидер кызмат кылууну үйрөтүү мектебин ачканын айтсак болот. Мында басым ошол лидер практика жүзүндө кылып жатканына (мисалы, элдерди айыктырууга) студенттерди үйрөтүүгө багытталып жаткандай көрүнөт. Жаман эмес угулат, чынбы? Студенттер бул адам жана анын жардамчылары кызмат кылган жактардан келе башташат. Көп учурда ал жерге абдан чаңкашкан жана абдан курмандыкчыл кишилер барышат. Бул мектептеги жана борбордук жыйындагы атмосфера абдан дүркүрөп, кызуулап, жашоолорду өзгөртүшү ыктымал. Бирок мында кандай көйгөй болушу мүмкүн?

Бул Ыйса кылган иш эмес жана кылгыла деп Ал сураган иш эмес, ошондуктан логикалык жактан алганда сөзсүз көйгөйлөр болот. Эң мыктылар чогулушат жана алардын көпчүлүгү окуудан кийин дагы мектепте калып калышат. Мектеп өсөт да, андан ары жашашы үчүн ресурстарды: администраторлорду, мугалимдерди, пасторлорду, секретарларды талап кыла баштайт. Ал уул-кыздарын үйрөнүп келип, түшүм талаасына иштешет го деген үмүт менен жиберген жыйындарды жалгабайт, чынында мектеп эң мыктыларды тартып алат да, өзүнө калтырып коет. Натыйжада, кызматчылар мектебинен жергиликтүү түшүм талаалары көп эмес, аз гана жумушчуларды алышат.

Мындай кызмат борбору конференцияларды өткөрөт, пасторлор менен лидерлердин штатын багат жана алы жеткендин баары ага табынууга келишет. Эгер сиз кыймылдын ичинде атыңыз чыксын десеңиз, сөзсүз бул борбордо жүрүшүңүз керек! Бардык насыяттар менен

сыйынуулар ойгонууга жана жандардын түшүмүнө арналат. Эң сонун! Эң сонун?...Лидерлер жыл сайын миңдеген акчаларды конференциялар менен ички иш-аракеттерге жумшашат, бирок шаарларга аз беришет, же эч нерсе беришпейт. Эгер ички иш чараларга кеткен убакыт менен акчалар жалпысынан үй-жайсыздарга, муктаж болгондорго, түрмөлөргө, качкындарга жана коомдун алсыз катмарларына жумшалса эмне болмок? Анда түшүм жөнүндө айтылып жаткан насыяттар менен сыйынуулар мүмкүн чын эле ишке аша баштамак.

Мында, Борбордук Азиядан биз ар кыл миссионердик уюмдардан сегиз (8!) библиялык программаны бүтүргөн кишилерди жолуктурдук. Эмнеге кээ бирөөлөр бир эле нерсени кечке эле уга берген түбөлүк студент болууну каалашат?...Эмне үчүн кээ бирөөлөр улам окуу жылдарын өткөрүшүп, көп дипломдорду алууга умтулушат?...

Ишеним менен айта алабыз: ар кыл миссионердик уюмдар өз спонсорлоруна библиялык мектептердин студенттеринин көпчүлүгү буга окшогон башка мектептерди же программаларды мурда эле бүтүрүшкөнүн кабарлашпайт деле. Алар жөн гана студенттеринин - «улуттун келечекки лидерлеринин» саны канча экендигин билдиришет. Эмне үчүн мындай кылышат? Алар өздөрү ушундай библиялык мектептен таалим алышкан, ошондуктан булардын негизги билген өнөрү мындай мектепти башкаруу болуп саналат. Алар адамды мекеменин ичиндеги бир кызмат орунун ээлегенди үйрөтүшөт, бирок түшүм жыйнаган жумушчуларды кантип тарбиялашты билишпейт. Алардын ийгилиги окууну бүтүргөн студенттердин саны менен аныкталат. Алар берилген дипломдорун санашат. Алар алыскы жерлерде тарбияланган окуучуларынын эсебин алышпайт.

Бактыга жараша, кээ бир студенттер мындай айлампадан тажап кетишет да, Ыйсанын артынан жөн гана ээрчип, акыры иш кылууну чечишет. Анын үстүнө кээ бир салт болуп калган программалар азыр өзгөрүлүүдө. Мен Индонезияда студент сыртка чыгып, кызмат кылып, он эки ки-

шини чөмүлдүрүп, алардан Ыйсаны ээрчигендердин коомун түзмөйүнчө бүтүрүүчү дипломун бербеген бир мектеп бар экенин уккам.

Жөнөкөй чындык – жергиликтүү жыйынга түздөн түз пайдасы жок өнүккөн кандайдыр бир уюм же бийликтин структурасы ошол жыйынга акыры душман болуп чыга келет. Мындай мекемелердин финансы жана кызматчылар штаты ресурстарын жеп жоготуп, Ыйсанын ордуна жергиликтүү жыйынга башчы болуп алат. Келечекки лидерлердин дал ушундай машайакчылык билим берүү жана үйрөтүү борборлору жалган окутуулардын потенциалдуу көчөт өстүрүүчү жайларына айланат. Бул антихристтин көрүнүшү – б.а. Ыйса Машайактын жыйындын башчысы жана ар бир ишенүүчүдө жашай турган ролун тануу же кичирейтүү болуп саналат.

Антихрист – бул келе турган кандайдыр бир өзгөчө индивид эмес, ал жыйында аракет кылган рух экени 1 Жакан 2:18-23 аяттарда айтылат. Антихристтин мындай көрүнүштөрү дал жыйындан келип чыгат, алардын принциптери иш жүзүндө Ыйса - Машайактын Өзү экендигин моюнга албоо. Мен Жакан мында сөз жүзүндөгү баш тартуу тууралу айткан деп ойлобойм, кеп жыйынынын үстүнөн Анын бийлигин иш жүзүндө тануу жөнүндө баратат. Биз Анын бийлигин ооздорубуз менен айтабыз, бирок өз каалагандай иш кылабыз, ошентип Аны Өз жыйынынын чыныгы Башчысы эмес, оюнчук, ооз жүзүндөгү гана башчы катары кичирейтүүдөбүз.

Ошого карабай акыркы жыйырма жылдын ичинде бүткүл дүйнөдө жыйындарды негиздөө боюнча орчундуу кыймылдар пайда болду. Алар эгин бышып жетилген талааларга жиберүү үчүн орокчуларды үйрөткөнгө дилгир. Мында жумушчулар практикалык кызмат процессинде тарбияланышат экен! Ыйса так ошондой кылбады беле. Ушуга окшогон кыймылдарды Дэвид Гаррисон «Жыйындарды негиздөө кыймылы» аттуу китебинде документалдуу кылып сонун сүрөттөп берген болучу («Church Planting Movements», www.churchplantingmovements.com). Шакирттер тарбияланган кыймылдар мурда же-

тишилбеген элдерде дүркүрөп өсүп жатат. Өсүүнүн өбөлгөлөрүнүн бири – практикалык кызмат кылуунун, талаадагы жыйым-теримдин процессинде үйрөтүү. Анда мындай суроо туулат: ушуга окшогон кызмат жемиш берсе, анда эмне үчүн орчундуу суммаларды библиялык мектептерге, колледждерге, кызмат мектептерине жана түшүм талаасынан тышкары болгон башка мекемелерге жумшоону улантып жатабыз? Чын эле эмне үчүн?...

## 3. АЛДЫГА КӨРҮҮДӨГҮ КӨЙГӨЙ: ТҮШҮМДҮ АЙЫПТОО

Жакандан болгон Жакшы Кабардын төртүнчү бөлүмүндө кудуктун жанындагы аял тууралу окуя бар. Адатта, жүйүттөрдүн самариялыктарды каны аралашкан дин бузарлар катары жек көрүшкөнү ушунчалык, алардын аймагын басып өткөндөн көрө айланып кеткенди артык эсептешиптир. Бирок, Жакан «Ыйсага Самария аркылуу кетиш керек эле» деп белгилейт. Ошонун натыйжасында кудуктун жанындагы жолугушуу болуп өтөт да, Ыйса эгин саргайып, түшүмү бышып калган талаалар тууралу айта баштайт:

*«Силер «төрт айдан кийин орок маалы башталат», - дейсиңер. Бирок мен силерге айтып коеюн: талаага көз чаптырып, эгинди карагылачы, ал орууга даяр болуп бышып калды». Жакан 4:35*

Шакирттери жана Ыйса бир эле талааны – Самарияны карашкан. Шакирттер түшүмү араң төрт айдан кийин боло турган бош жерди көрүштү. Алар Самарияда болууну каалашкан эмес жана анда кандайдыр бир оң көрүнүш болоруна ишенимдери да жок эле! Ыйса болсо толугу менен Атанын эркинде жашагандыктан бышып калган эгинди көрдү да, Ыйык Рухтун берген жөндөмдөрү аркылуу ишенимдин негизинде аракет кылып, түшүм жыйнап алды. Алар бир эле талааны көрүшкөнү менен жүрөктөрүнүн абалдары-

на жараша аны ар башкача караршты. Эгер кайсы бир кызмат талаасын кургак, катуу кыртыштуу топурак тура десек, анда оздон чыккан жеңил сөздөрүбүздүн аткарылышы болуп, ал жерибиз жумушчулардын колунда дал ошондой болуп калат. Мындай мамиленин башка дагы бир моменти – эмнеге өз алдынча эле жыйнала бербейсиңби деп түшүмдүн өзүн айыптоо. Же андан да жаманы – «Бул жерде Кудай башка өлкөлөрдөгүдөй аракет кылбай жатат» деп Кудайдын Өзүн айыптоо. Кызмат талааларын көрө билүүдөгү жана кабыл алуудагы көйгөйлөр көп учурда жүрөктөрдөгү проблемалардан келип чыгат. Ал көйгөйлөр тобо кылуу жолу жана Теңирге жүрөктү арноо менен гана оңдолот.

Көптөгөн жылдар бою Сауд Аравиясында радио берүү кызматы «Ыйсага келгиле, андан кийин жаныңардан жакшы жыйын таап, чөмүлүп, шакирттикти өткүлө» деген стилдеги насыяттар менен коштолуп келген эле. Бирок мындагы көйгөй - бул өлкөдө имараттарда араб граждандары үчүн жыйын чогулуштары болгон эмес. Кийин болсо башка методкиргизилген. Алар радио аркылуу жөнөкөй үй жыйындарынын чогулуштарынын үн жазмасын бере башташты. Анда ошол чогулушта отургандардын баары катышкан Библияны окуу, чөмүлүү жана оорулуулар үчүн сыйынуулар камтылган эле. Ошентип, угармандар «Ыйсага келип, өз үйүңөрдө шакирттер менен чогулуш өткөрүүгө» чакырыла баштаган. Мындай коомдор азыр ал маданиятта көбөйүп калды жана жалпы элге проценттик катышта Бельгия же Японияга караганда Сауд Аравиясында чөмүлгөн ишенгендер көп деген кабар бар. Ошол эле методология ДВД дисктер жана интернет аркылуу Иранда жөнөкөй үй жыйындарынын жайылышына шарт түзүп жатат.

## КӨП БЕРИЛГЕН СУРООЛОР:

**1. Кайсы бир өлкөдөгү же маданияттагы жүрөктөрдү, жумушчулардын көрүүсүн, ыкмаларын айыптооңуз өтө катаалдай көрүнөт. Кээ бир мадани-**

**яттар Ыйсага көбүрөөк ачык жана кабыл алуусу жакшыраак экени чынбы? Себүү жана оруп-жыюунун атайын сезондору жокпу?**

Ооба, себүү менен теримдин сезондору бар, бирок алар негизинен дароо биринин артынан бири келип, Пабыл 2 Корунттуктар 3-бөлүмдө айтканга шайкеш. Ошондой эле ар бир маданиятта кичине чыйырлар бар, ал жолдорду ошол талааны «солк этпес, абдан катуу кыртыш» деген адаттагы кабыл алууга көңүл бурбай, жөн эле Ыйсаны уккандар салышат. Кудайдын ушул кыймылдарынын көпчүлүгү калктын жарды, талкаланган, эң алсыз жана четке кагылган катмарларынын арасында болуп өткөн.

**2. Бир маданиятта иштеген нерсе башка маданиятта иштебейт да, чынбы?**

Биз мындай принциптер менен Батыштын адамдары менен бөлүшкөнүбүздө кээ бирөөлөр бул бир гана Чыгышта иштей алат деп эсептешет. Ал эми ушуларды эле Чыгышта айтканыбызда, бул бир гана Батышта эле иштейт дешет. Баарыбыз актанууну жакшы көрөбүз, бирок ошого карабай фактылар факты бойдон калат. Ошондой эле кеп тандоонун варианттары тууралу эмес, а Ыйсанын осуяттары тууралу баратат. Ал лидерлердин эң улуусу жана жашагандардын эң акылманы. Эгер Анын сөздөрү бир эле маданиятка байланса, анда баарыбыз курудук. Жок, Анын сөздөрү универсалдуу, маданий өзгөчөлүктөрдөн жогору жана Анын Падышалыгынын маданияты жүрөктөрдү, үй-бүлөлөрдү, шаарларды жана өлкөлөрдү толтуруусу үчүн бардык жабык эшиктерге ачкыч болуп саналат.

**3. Мунун баары кызмат кылуунун көптөгөн ыкмаларынын бири эмеспи?.. Мүмкүн, бул кайсы бир жерде иштеп жаткан нерсе биякта да иштер бекен деген жөн эле кезектеги аракет эмеспи?**

Биз Ыйсаны ээрчишибиз керек. Анын буйруктарын аткарганга башкаларды үйрөтүүнү Ал бизге калтырган. Биз аябай ийгиликтүү болушса да, адамдардын артынан ээрчигендер эмеспиз. Ооба, өз учурунда Машайакка, Лука 10-бөлүмдөгү Анын сөздөрүнө эр жүрөктүүлүк менен тил алып жана азыр өздөрүнүн тил алууларынын жеңиштерин тарыхый жактан

«жумшарбас кыртыш» деп таанылган өлкөлөрдөн жана маданияттардан көрүп жаткан башка адамдарга биз көп жагынан милдеттүүбүз. Бул жөн эле көптөгөн ыкмалардын бири эмес. Бул жөн эле Ыйса буйруган нерсе. Жыйындын өсүшүнүн ушунчалык көп стратегиялары бизнес менен маркетингдин дүйнөлүк үлгүлөрүнө негизделген. Ушунчалык көп лидерлик конференциялар корпорацияларды башкаруу боюнча эң акыркы ачылыштар менен сунуштарга негизделген эмеспи. Жаңы Келишим кээ бир сунушталып жаткан ойлорду колдоо үчүн гана пайдаланылат, көбүнчө пайдубал – бизнес менен менеджменттеги акыркы модадан келип чыгат. Мындай жаңы модалар жарала берет жана кете берет, бирок чындык – Ыйсада жана биз Машайактагы чындыктарды издешибиз керек. Бул көп ыкмалардын бири эмес. Бул Анын ыкмасы! Бир жагынан айрым бизнес боюнча тренерлер бир кезде Ыйса Өз жыйынына карата берген принциптерди мамиледеги ак ниеттүүлүк стратегиясы катары өз программаларында жана адамдарды интенсивдүү окутууда колдонуп жатышат.

## КУРУЛАЙ КЕТКЕН СЫЙЫНУУЛАР ЖАНА ГЕОГРАФИЯДАГЫ ПРОБЛЕМА

*«Түшүм көп, бирок жумушчулар аз. Ошондуктан түшүмдүн Кожоюнунан Өзүнүн түшүмүн жыйноого жумушчуларды жиберүүсүн өтүнгүлө»( Лука 10:2).*

## 1. КУРУЛАЙ КЕТКЕН СЫЙЫНУУЛАР

Мүмкүн, провокациядай же кызыктай угулаар, бирок Ыйса бизге куткарылбагандар үчүн сыйынууну буюрбаган. Ал бизге түшүм үчүн сыйынууну суранбаган. Жалгыздардын, кыйналгандардын, корккондордун, укуксуздардын, айрылгандардын, бейтаптардын, көз карандылардын, зордукталгандардын, ачкалардын, эзилгендердин, четке кагылгандардын ыйы дайыма Атанын жүрөгүнө тийип турат. Куткарылбагандардын ыйы өзү эле – эффективдүү, күчтүү, үзгүлтүксүз сыйынуу. Ыйса талааны карап, алардын рухий жактан жетилгенин жана жыйым-теримге даяр болуп калганынан дагы көбүрөөк нерсени көргөн. Аларга дагы рухий даярдыктын кереги

жок. Аларга биздин сыйынуубуздун да зарылдыгы жок. Биз алардын сыйынуусун угушубуз керек! Аларга биздин аракетибиз керек.

Мүмкүн, провокациядай же кызыктай угулаар, бирок Ыйса бизге жоголгондордун жанын контролдоп турган кайсы бир рухий күчтөрдү байлап, же талкалоону буйруган эмес. Мындан Ал түшүм жыйноодогу тоскоолдукту көргөн эмес. Ал өлүмү жана тирилиши аркылуу жакында Өзү караңгылыктын бардык күчтөрүн жеңерин билген. Ушундай иреттүүлүк менен Эфестиктер 1:15-23, Колостуктар 2:14-15 жана Эврейлер 2:14-15 аяттарын карасак болот. Өлкөлөрдү кулдукта кармаган рухий күчтөр Машайактын өлүмү, тирилиши аркылуу айкаш жыгачта мурда эле жеңилишкен болучу. Биз үчүн жеңүү стилинде, Ал аткарып койгон ишти биз дагы аткарып жаткандай сыйынуу – Ыйсанын триумфалдуу жеңишине ишенбегендигибиздин акты.  Биз руханий «технологияларды» жана атайын ыкмаларды иш жүзүндө кылууга аракеттенбешибиз керек, алардын баары айкаш жыгачта ишке ашпады беле! Ошондуктан биз айкаш жыгачта керилген Ыйсаны насыяттайбыз!

Ыйса чын эле миссиядан кайтып келген шакирттерине «чагылгандай болуп асмандан кулаган шайтанды көрдүм» деп жарыялады. Лука 10:18.  Бирок шайтандын бийлигинин бул кулашы шакирттери Ыйсанын буйругуна барган жерлеринде практикалык кызмат аркылуу баш ийген сайын болуп жатты. Демек, шайтандын кулашы алардын кызмат талаасындагы тил алчаактыгына жараша, б.а. адамдар менен карым-катышынын натыйжасынан эле. Ыйса шакирттери чаяндар, жыландар жана бүт душмандын күчүнүн үстүнөн бийлиги бар деп жарыялады. Дал ушул бийликти шакирттери оорулууларды айыктырып, жиндерден бошотууга колдонгон сайын Ыйса асмандан шайтандын кулаганын көрдү.

Мындай түшүнүк пайда болушу мүмкүн, көптөгөн харизматтык топтордо  чынында адамдарга түздөн түз жардам кылбаган жана алардын жанына таасир бербеген ушундай  «рухий» процедуралар жана «кызматтар» менен ишенгендер алек боло беришсе, анда жыйын башчыларында улам жаңы вариантта «кыла турган кызматтар» көп. Алар көп саат бою ырдап, «руханий күрөшкө» чыгып, аяттарды жарыялап, сыйынуу чалгындарын жа-

сап, сыйынуу саякаттарына чыгып («рухий» туризм?), келе турган ойгонуу, бышып калган түшүм тууралу пайгамбарлык кылып, түшүм маалы келди деп жарыялай беришет, бирок ошону менен өздөрүнүн убактысын жана өз ара мамилелерин Лука 10-бөлүмдө айтылган Ыйсанын жыйым-теримди азыр баштагыла деген буйругуна арнагылары келишпейт.

Ошентип, кызматчы али активдүү сыйынуулар, пайгамбарчылыктар, даярдыктар жана жарыялоолр менен алек болуп жатканда өзүн бейкут жана коопсуз сезет. Мындай иштин максатында жолум болбой калышы мүмкүн деп коркпойсуң. Обьективдүү, көзгө көрүнгөн жемиш болбогондуктан, кандайдыр бир пикир да айта албайсың. Бир гана ушундай чогулуштардан чыккандагы абалды, сезимдерди, атмосфераны, «майлоону» байкап, баалаганга гана мүмкүндүк бар. Адамдар «рухий жарып өтүүлөр» тууралуу (Жаңы Келишимдин кайсы жеринде руханий жарып, жиреп өтүүлөр жөнүндө айтылат?...) сөз кылышат, бирок муну өзгөчө «рухий» инсандар гана «рухта сезе алышат» имиш! Башкача айтканда, эстрадалык чыгуу менен чечендиктин искусствосу бааланып, кандайдыр бир артыкчылык белгиленет. Ал эми чыныгы жашоо, Кудай менен жеке мамиледе жүрүү тууралу отчеттуулук жок. Ошентип, адам Машайактын буйруктарынан жана түздөн түз шакирттерди тарбиялоодогу отчеттуулук жана жоопкерчиликтен качып, жалган руханийликтин дүйнөсүндө жашап жүрөт.

Диний рух Кудай өткөндө кылган нерсенин мурунку даңкында көлөкөлөп, келе жаткан Мессияны салтанаттуу түрдө күтөт, бирок ошол эле учурда «Силер уккан ушул пайгамбарчылык бүгүн орундалды» (Лука 4:21 — 30) деп Айтканды уккулары да келбейт. Кудайдын мурда кылганы бизди соортосо, Кудайдын кийинки кыла турганы бизге дүрүлдөгөн кубаныч тартуулайт эмеспи. Бирок Эгебиздин буйругу азыр эле бизден ишенимди, тил алууну, курмандыкты талап кылып жатпайбы.

Чындык – Ыйса бизге жумушчулар үчүн сыйынууну буйруганда жатат. Эгин мурда эле бышып жети-

лип калган! Ал азыр рухий жактан даяр. Ыйса бардык керектүү даярдыктардын баарын жасап койду. Ал улуу арачылыкты жасап койду. Бизге Анын арачылыгынын жемиштерин терип алуу гана калды. Биз жумушчулар үчүн сыйынышыбыз керек.

Жумушчулар үчүн сыйынуунун коркунучун – шакирттердин башынан өткөргөнүнөн байкасак болот. Алар өз сыйынууларына жооп болуп, дароо элге жөнөтүлүшкөн болучу. Качан өзүбүздү тил алууга моюн сундурсак, анда Кудайдын максаттарынын агымына кантип түшүп калганыбызды көрөбүз.

Биз директорлор, профессионал адистер, падышалар эмеспиз. Даярдыкты биз жасабайбыз. Биз – жумушчуларбыз.

Биз (Ыйса 21 аятта айткандай) моюн сунуп тил алып, жыйым-теримдин кыйын, оор, коркунучтуу, ылайлуу ишине баргандар үчүн сыйынышыбыз керек. Биз өзүбүз жумушчу болууга даяр болбой туруп, алар үчүн сыйына албайбыз. Жумушчулар үчүн сыйынгыла!

## 2. ТҮШҮМДҮН КОЖОЮНУ

Лукадан болгон ушул үзүндүдө Ыйса Өзүн «Түшүмдүн Кожоюну» деп атаган. Ал Өзүн минтип аташ үчүн бардык керектүү нерсени кылган болучу. Кээ бир жолдоштор Ыйса бизди кара күчтөрдүн караңгылыгынан куткаруу үчүн келмейинче жыйын жыл өткөн сайын азайууга тийиш деп эсептешет. Даниил 2-бөлүмдө пайгамбарга көрүнгөндөй жана Матай 13-бөлүмдө Ыйса жарыялаган Кудай Падышачылыгынын күчү жана таасиринин өсүшүнө караганда кээ бирөөлөр улам өркүндөп, дүйнөнү ээлеп бараткан жамандыкка көбүрөөк ишенишет. Алар курмандык сүйүүсү аркылуу кыла албаган нерсесин бийликтин күчү менен ишке ашыруу үчүн Ыйса кайтып келет деп ишенишет. Алар өз түпкүрүндө айкаш жыгачта баары жасалбаганына жана Анын курмандыгы жыгылган макулуктар үчүн жетишсиз болгондугуна ишенишет. Андай болсо кээде Ыйсага Өзүн «Азайуунун Кожоюну» деп ата-

са болмок деген сезим да туулуп кетет. Бирок Ыйса айкаш жыгачта жамандыктын үстүнөн жеңишке жетишкен жана сүйүү чынында эч качан өтүп кетпейт. Тарыхтагы сандар Кудай Падышачылыгы - өсүп туруучу Падышачылык экенин айтып турат. Биздин доордун 40-жылында Ыйса негиздеген кыймыл 10 000 ээрчигендерге ээ эле. Ал эми биздин доордун 300-жылы алардын саны 6 миллионго же Рим империясынын бүт калкынын 10 процентине чейин жетип калган. Ушул динамикалык өсүү үчүнчү кылымдан кийин токтоп калды да, жыйын институционалдык жана өлүк, жансыз коомго айланды. Бирок өсүү Ыйык Патриктин биринчи христиандык кыймылы менен кайра жанданды да, кайра дагы катуу начарлоодон кийин акыркы 500 жыл ичинде Мартин Лютер менен реформациянын башталышы, калыбына келүү жана миссионердик кыймылдар менен коштолуп келет.

Биринчи үч кылым бою жыйын үйлөрдө чогулган жөнөкөй жыйындардын кыймылы болучу. Бул табигый чогулуштар чынында жок болуп кетишкен эмес, бирок кылымдар бою традициялуу жыйын Библияны үйүндө окуганга, же балдары менен өз алдынча сыйынганга аракет кылгандарды катуу куугунтуктап, өлүм жазасына буйруп келди. Жашыруун, чар жайыт жашап келген нерсе 20-кылымда, өзгөчө Кытайда үй жыйындарынын кыймылына чейин дүркүрөп өсүп кетти.

«Куугунтуктун алгачкы жылдары көп кытай ишенүүчүлөрү ишенимди таштап кетишти...Кээ бир тарыхчылардын айтымында ошол кезде жыйындын 750 000 мүчөсүнүн 70 проценти Теңирден баш тартышкан. Кытайдын өкмөтү бардык миссионерлер үчүн эшигин жапканда бүт дүйнө анда машайакчылар таптакыр калбай калат го деп ойлогон эле.

1970-жылы Кытайдын эшиктери акырындап ачыла баштаган...Эми көптөгөн изилдөөчүлөр бирдей эле цифрага – Кытайда 100 миллион машайакчы бар деп токтолушту».

«Мегажылыш» китебиндеги Жеймс Рутцтун санагы боюнча биздин доордун 100-жылында 3600 кишиге кара-

та 1 адам машайакчы болсо, 1900-жылдары 40 кишиге карата 1 адам, 2000-жылы 7 адамга 1 киши, ал эми 2005-жылы салыштыруу 5 адамга 1 кишиге айланды. Кудайдын Падышачылыгы - өсүп туруучу Падышачылык, калктын саны жогорулап баратса да, ишенгендердин саны проценттик катышта өсө берет.

Африканы карайлычы: «1900-жылы колониялдуу Африка 108 миллион калкка ээ эле. Анын ичинен 8,7 миллион  же 9 процент эл машайакчы болушчу. Алардын көпчүлүгү копт жана эфиопиялык православныйлар эле. Мусулмандардын саны 34,5 миллиондон ашып, алардын катышы 4 адамга 1 машайакчы келип турган. 1962-жылдары 145 миллион мусулман жана 60 миллион христиандар болуп, катыш 5ке 2 ден машайакчы туура келген. 2000 жылы Африкада 360 миллион машайакчы болуп, алардын 40,6% мусулмандар жана 45% машайакчылар болушкан. 1900-жылдан 2000-жылга чейин мусулмандардын машайакчыларга карата сандык катышы төрткө бир адамдан бир кишиге бир киши деңгээлине чейин жылды»

Индиядан...«The Starfish Alliance», индиялык үй жыйындар бирикмелеринин  ассоциациясынын кабарлоосу боюнча быйыл Элүүнчү күн майрамында (2009) алар 300 000 кишини чөмүлдүрүшкөн. Башчылары Виктор жана Бинду Чадри мусулман жана брахман жамааттарынын ичине олуттуу чыйыр жолдор салынды деп айтышат».

Ыйса – Түшүм ээси. Бул Анын наамдарынын бири. Бул -  Анын табигатынын көрүнүшү. Биз – Анын өсүп бараткан Падышалыгынын бөлүгүбүз!

## 3.АБДАН КОНКРЕТТҮҮ СЫЙЫНУУ

«Жумушчуларды эгин талаасына жиберүү» тууралу сыйынууда пассивдүү боек бар.

Биз каттарды, саламдарды же көңүл айтууларды жиберебиз. Ошого карабай Лука 10-бөлүмдөгү бул этиш бизге өз жерине колу менен урук чачып жаткан дыйкан-

ды элестетиш керек. Ыйса бизди ыңгайлуу, жайлуу, коопсуз, стабилдүү дүйнөбүздөн Өз колуна алып, талаага, кыртышка ыргыта алгандай чын эле жашообуздун Эгеси, Кожоюнубу? Биз жерге кулап түшүп, көрүнбөй калып, кийин өсүп, көп түшүм алып келгенге макулбузбу? Биздин мотивациябыз кандай? Биз бир нерсе алуу үчүн эле Кудайды колдонгубуз келеби же чын жүрөктөн Анын даңкын каалайбызбы?

Жакандын Жакшы Кабарындагы 12:23-26 аяттарды терең ойлонолучу! Эгер Машайакка кызмат кылып, Аны ээрчисек, анда Анын артынан кайда болсо да барабыз жана Атабыз да муну эске алат. Ыйса азыркы моментте кай жерде? Ал мейкиндик менен убакыттагы орунду эмес, Атасынын жүрөгүндөгү орунду айткан. Биз өзүбүз дал Атанын жүрөгүндө жашап жатканыбызга ишенимибиз бар болгондо гана башкаларга Атанын жүрөгүн, Атанын табиятын көрсөтө алабыз. Ыйса буга ишенген жана муну бизге да каалайт.

Тарыхка карасак, коомдун сыйлуу, жайлуу борборлорунан Кудайдын кыймылы абдан аз чыккан. Көпчүлүгү чет жакалардагы жардылардан, үмүтсүз, четке кагылгандардан пайда болгон. Баса, Кудайдын кыймылынын абдан аз бөлүгү коомдун четиндеги ушундай адамдарды кызматка чакыруудан башталыптыр. Биз өзүбүз ошол четке кагылган жерлерге барышыбыз керек.

Кимдир бирөө жыйында география менен проблема бар деп айткан жери бар эле. Ыйса бизге баргыла деп буйрук берген, а биз жылдар бою дүйнөнү бизге кел деп суранып, ынандырып келебиз. Эмнеге биз мындай кылабыз?...Эгер бирөө биздин территориябыз менен аймагыбызга келсе, анда жазылбаган эрежелердин баарын билген биз өзүбүздү ыңгайлуу, ишенимдүү, коопсуз сезген кожоюндар болобуз да. Канчалык көп адамдар менин башкаруу жана таасир берген чөйрөмө кошулса, ошончолук ресурс менин көзөмөлүмө келип, ошончолук салмакка ээ болом.

Анткени, менин территорияма канчалык көп адамдар келген сайын ошончолук ийгиликтүү сезилем.

Котолошкон калың элди жыюу көптөгөн ийгиликтүү кызматчыларды падышаларга айлантып, алардын VIP персоналардын жашоосуна керектүү атрибуттар менен жабдылуусуна түрткү болуп жатат. Мындай ыкманын проблемасы болуп, чакырылгандардын көпчүлүгү мурда эле ишенүүчүлөр экендигинде. Болгондо да алар убактыларын жыйындардын тейлөө кызматтарынын улам жаңыраак, толугураак комплексин издөө менен короткон немелер болот. Ишенүүчүлөр катары биздин милдетибиз - муктаждыктарыбыз жана каалоолорубузду канааттандырган коомчулуктарды издөөбү (көбүнчө жыйындарды ушундай эле карайбыз)? Же биздин милдет али жыйындары жок жерлерге коомчулук ачып берүүбү?... Биз кардарларга окшоп, витринадан «рухий сезимдерди баштан өткөрүүлөрдү» тандаган керектөөчүлөр гана болбошубуз керектиги айкын го дейм. Биз эгин талаасына жумушчулар катары чакырылганбыз да.

Чындык абдан жөнөкөй. Биздин чогулуштарыбыз канчалык укмуш майланган болсо да, али машайакчы эместер ага келишпейт. Бул кампасынын эшигинин алдына туруп алып, түшүмдү чакырган дыйканга окшобойт бекен: «Кел, о түшүм! Бизде силердин ыңгайыңар жана комфортуңар үчүн бардык шарттары түзүлгөн сарайыбыз бар. Биздин даңктоо ырларыбыз рухуңарды тим эле көкөлөтөт. Биздин насыяттарыбыз укмуш майланган. Биздин балдар үчүн кызматыбыз – номер 1».

Четтен караган киши мындай фермер акылынан айнып калса керек деп ойломок болуу керек. Түшүм кампага түшүшү үчүн дыйкан талаага барып, чогултуп алып келиши зарыл да. Ушундай жумушчулар биздин сыйынууларыбыздын максатынын борбору. Түшүм Ээси бизге ушуну буйруган.

## КӨП БЕРИЛГЕН СУРООЛОР:

**1. Демек, сиз «стратегиялык рухий күрөш» деп аталган нерсеге ишенбейсизби? Сиздер өлкөлөрдү кулдукта кармаган рухий күчтөрдү ал жерде жакшы кабар айтуу үчүн байлоого ишенбейсиздерби?**

Жок, ишенбейбиз. Ыйса миссия үчүн алдын ала шарт катары мындай «согуштарды» белгилеген эмес, анда биз эмнеге муну кылмак элек? Атүгүл, Лука 10-бөлүмүнүн жарымында Ыйса «асмандан шайтан кулап түшкөнүн» көргөнүн айтат. Контекстстен мындай эле жыйынтык чыгара алабыз: бул Падышачылыктын алдыга жылышы үчүн шакирттери практика жүзүндө кылган иштин натыйжасынан улам болгон. Мындай маселе тууралу толугураак кабарды: «Чыныгы Рухий Согуш – Ыйсанын Даңкы тууралу ачылыш» аттуу материалды биздин вебсайттан таба аласыздар: www.harvest —now.org. Ыйсанын буйругу - жумушчулар үчүн сыйынуу жана баруу. Эгер камылгабыз али даяр эмес болсо, Кожоюнубуз бизди жибермек беле?

Эгер руханий күрөш тууралу окуулардын пайда болушу жана элге таралып кетиши тууралу сөз кылган болсок, анын башатында караңгылыктын падышачылыгын ичкертен билебиз деген мурунку сатанисттер турушканын көрөбүз. Эмне үчүн биз ушул кызматчылардын күбөлүктөрүн Жазуулардагы айкын окутуудан өйдө коебуз?

Азыр көптөгөн «пайгамбарлык арачылык» (таптакыр библиялык эмес термин) кызматтардын ажырагыс бөлүгү болуп, өлкөлөрдүн үстүндөгү жамандыктын бийликтерин конкреттүү түрдө таап, анан аларды байлап кулатып салабыз деген жарыялоолору. Эгер бул ушунчалык эле маанилүү болсо, анда эмне үчүн Ыйса менен Пабыл муну үйрөткөн эмес? Эмне үчүн Пабыл жаңы территорияларга миссияга чыгар алдында мындай иштерди кылганы тууралу информация жазуу түрүндө сакталып калган эмес? Мунун баары конференциялардын сценаларында укмуш таасир берүүчү драмалык оюндар болушу ыктымал, бирок бул Жаңы Келишимдик машайакчылык эмес, жана биздин практикабызда буга орун жок. Келгиле, Ыйсанын иштерин жасайлы жана «асмандагы» жин-шайтандарга фокус кылган бирөөлөрдүн фантазиясына кирип кетпейли.

**2. Ар бир эле ишенүүчү миссияга барууга чакырылганбы? Биз баарыбыз жакшы кабарчы болуп, жыйын ачышыбыз керекпи? Ыйса апостолдорго эле кайрылган да, чынбы?**

Ооба, Ыйса апостолдорго кайрылган жана баары эле өзү жашап жүргөн аймактан алыс жерге кызматка чакырылган эмес. Ошого карабай океандын, тоонун аркы жагында болсун, аркы көчөдө болсун, ар бирибиз ушундай артыкчылык жана жоопкерчиликке ээбиз – айланабыздагы дүйнөгө кызмат кылуубуз керек жана үй-бүлөбүз менен досторубуздун алдында өзгөчө милдетибиз бар.

Айланабыздагы дүйнөдө адамдар үй-бүлө куруп, балалуу болгулары келгени кадиресе көрүнүш. Ошондой эле Кудай Ата менен мамилебизде Анын уул-кыздарды, Өз Уулу үчүн сонун колукту, Ыйык Рух үчүн чоң тирүү ийбадатканааны каалашын биздин кошо бөлүшүүбүз да табигый нерсе.

**3. Сиз окуу центрлерин же библиялык колледж ачкандардын баары эле туура эмес мотивге ээ деп айткыңыз келеби?**

Жок. Бардыгыбыз мындай проекттерди жакшы мотивдер жана сонун тилектер менен баштайбыз. Биздин өзүбүздүн артыбызда үйрөтүүчү борборду куруу тарыхы жатат. Мындагы проблема, качан биз Ыйсанын сөзүн жана үлгүсүн аткарбасак, анда дайыма абдан туура эмес орунда болуп калабыз. Борборлошкон окуу жайларындагы көйгөйлөр айкын жана көптөгөн фактылар менен далилденген. Алар жакшы ниеттер менен ачылышы мүмкүн, бирок мекеме курулуп, иш аракетке өтө баштаганда, өз алдынча жашоого өтүп, өзүн-өзү максат кылып алат. Ал окуу жайдын жетекчилигинин мотивациясы да түшүм жыйноочу жумушчуларды даярдайлык деп максат койгон негиздөөчүдөн таптакыр айырмаланышы мүмкүн. Ал эми улам кийинки жетекчилер басымды мекемени колдоп, өстүрүп, айлык акынын жогорулушуна жана өз абалдарын бекемдөөгө жылдыра баштайт. Мындан оң нерсе келип чыгабы? Албетте, бирок акырында бардык мындай мекемелер жыйым-теримдин душмандары болуп калышат. Алар Ыйса түшүм жыйноого жибере турган финансылык жана адамдык ресурстарды пайдалана башташат.

Кызматка үйрөтүүнүн кыска мүнөттүү курсу катары

ойлонулган окуу жай үч жылдык колледжге айланат, колледж катары ойлонулган нерсе университет болуп калат. Негиздөөчүлөрдүн алгачкы ниеттери жоголуп кетет да, институтташтыруунун күчү баарын ээлеп кетет.

Биз Ыйсаны жолдоочулар болушубуз керек. Ал иш талаасында, практикалык процесс учурунда үйрөтчү. Кайсы жерде шакирттүүлүк, жыйындарды негиздөө кыймылы дүркүрөп өсүп жатса, анда анын жалпы мүнөздөмөлөрүнүн бири – бул кызмат ордунда окутуу. Ал окутуу көптөгөн кыска мөөнөттүү сабактар менен, эс алуу жана мындай учурларда Рухтан көбүрөөк күч алуулар менен коштолот..

## ЖОЛДОГУ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

*«Баргыла! Мен силерди козуларды карышкырлардын арасына кое бергендей жиберип жатам» (Лука 10:3).*

## 1. ТҮШҮМДҮ ЖЫЙНООНУН ӨЗҮ ЭЛЕ ОПУРТАЛДУУ ЭМГЕК

Бир жолу мен Борбордук Азиядан бул регионго Жакшы Кабар кантип келгенин сурадым. Жоопто бул жерге көп таасир берген ишенгендер «апостол Сталиндин» сиңирген «эмгеги» боюнча келип калышканын айтышты. Мен Сталин тууралу көп сөз уккам, бирок анын ичинде «апостол» деген кеп болгон эмес эле, ошондуктан муну менен эмне айткылары келгенин сурадым.

Тарых боюнча Кудайдан болгон бардык нерсени жек көргөн Сталин Москванын тегерегиндеги бардык ишенгендерди камакка алып, жүк ташыган вагондор менен Азияга жөнөткөн экен. Бүгүн бул жол үч күн, үч түндү түзөт. Ал кезде мүмкүн андан да узак болгондур. Ишенгендер үстүндө эмне болсо, ошонусу менен эле болушуп, эч тамак-ашсыз, атүгүл иче турганга суусу жок вагондорго тыгылышкан. Алардын үчтөн бир бөлүгү жолдо кырылса, бир бөлүгү келгенде кырылды. Анткени кел-

ген жеринде да азык-түлүк жок эле. Бирок тирүү калган бөлүгү бул региондогу Ыйсанын күбөлөрү болуп калышыптыр.

Мао Дзе Дун дагы Кытайдагы Машайактын мүчөлөрү аркылуу «апостол» деп аталат. Дагы эле «эмне үчүн?» деген суроо туулат. Ал качан бийликке келгенде Кытайдагы жыйындар өлкөнүн түштүк-чыгышына топтошкон болучу, ишенгендер батыш жыйынынан жана батыш ресурстардан көз каранды болуп, жалпысынан абдан алсыз эле. Мао чет өлкөлүктөрдү кууп чыгып, христиан мектептерин, семинарийлерин, жыйын имараттарын талкалап, ишенгендерди камакка алып, завод, фабрика, фермаларда кулдукка иштөөгө айдаган. Ал эми ишенгендер ал жакта жашап, кызмат кылып, каза таап өлүп жатып, көптөгөн элдерди Машайакка алып келишиптир. Ошентип, ffxc Ыйсанын күбөлүгү чет өлкөлүк маданиятта изоляцияланып, өлкөнүн кичинекей бөлүгүнө гана отургузулса, Кытайдын коммунисттик өкмөтү тарабынан бүт улутка таралыптыр.

Батыштык байкоочулар Кытайдагы жыйын режимдин иш-аракеттеринен кийин талкаланды деп ойлошкон болучу, бирок тарых куугунтуктар арасында жыйындар дүркүрөп өсүп жатканын көрсөттү. Эгер сиз Юн бир туугандын «Асман адамы» деген китебин али окубаган болсоңуз, анда абдан сунуштаар элек.

Бул ишенгендер азап тартышты беле? Ооба, алардын көбү да каза тапкан. Сталин менен Мао акыркы сөзгө ээ беле? Жок. Жыйынды жок кылабыз деп жатып, алар өз элине ого бетер терең тамырлатышты.

## 2. ДАЛ АЗАП ЧЕГҮҮДӨ ЫЙСАНЫН ТАБИЯТЫ КӨРҮНӨТ.

*«Мен үчүн кордук көрсөңөр, Мен үчүн куугунтукталсаңар, Мен үчүн жалган жалаага калсаңар, бактылуусуңар. Кубанып, шаттангыла, анткени асмандагы сыйлыгыңар чоң! Силерден мурунку пайгамбарларды да ушинтип куугунтукташкан» (Матай 5:11-12).*

## ЖОЛДОГУ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАР

Тоодогу насыятта айтылган Ыйсанын осуяттары дал ушул чындыктарды өйдө көтөрөт. Душмандарды сүйүү, каргагандарга бата берүү, пайдаланып алып кийин шылдыңдагандарга жакшылык кылуу–бул Матай 5:44.

Бул осуяттар биздин жеңил жашоо, дүнүйө жана жыргалчылыкты каалаган денелик каалоолорубузду ашкерелейт. Кайсы бир жыйындар азыр Кудайдын батасынын белгиси бул баюу, ал эми кыйынчылыктар, азаптар жана жакырчылык – жеке күнөөнүн, талкаланбаган каргыштын же ишенимдин жетишсиздигинин белгиси деп үйрөтүшөт. Бул Падышалыктын Жакшы Кабарын бузуу же будамайлоо. Ушул дүйнөнүн, өркүндөөнүн, жыргалчылыктын жалган айланасында адамдар курмандыктын, байкуштардын ролун оңойлук менен ойноп, бүгүн оор күн болгондуктан же баары туура эмес башталгандыктан Кудай сүйбөй калды деп убаракерчилик тартышат. Кудай сиздин малайыңыз эмес. Биз Кудайга Андан бирдеме алыш үчүн эле келбейбиз. Ишенимдин чыныгы формулалары Кудай Тааланы биздин колубуздун алдына койбойт. Жараткан Эге бул ишенимдин доллары, күнөөнү моюнга алуу доллары жана курмандык берүү долларын тешигине салып, заказ берген соода машина-автоматы эмес.

Биз өзүбүздүн күнөөкөр эски адамыбыз үчүн өлөбүз жана жаңы өмүрүбүздү бул азап тартуу жана курмандыкты билдирсе да, Кудайга Анын даңкы үчүн беребиз. Мусулман дүйнөсүнүн реалдуу чындыгы ушундай: Ыйсага келүү жашоону  таптакыр жеңилдетпейт. Тескерисинче, аны татаалдантып, коркунучтарды көбүрөөк туудурат.

Бул куугунтуктар менен азап тартуунун чындыктары Ыйса силерге баарын жасап берет, силер Андан баарын аласыңар деп адамдарды азгырып жаткан жеңил Евангелиени ашкерелейт. Буга карама-каршы Пабыл шакирти Тиметейге мындай айткан: «Деги эле Машайак Ыйса жолунда такыбаа жашагысы келгендерин бардыгы куугунтукка алынат (2 Тиметей 3:12). Кээ бирөөлөр муну таптакыр башкача айлантып, Ыйсага болгон ишенимибиз жетиштүү болсо, биздин ден соолугубуз жакшырып,

жашообуз оңолуп, байлыкта тунуп, бейкуттукка, жыргалчылыкка толуп турат деп үйрөтүшөт. Мындай «бейпилдик менен гүлдөөнүн евангелиеси» - жаңы келишимдик Евангелие эмес. Биз батыштык материализм менен жыргалчылыкты изденүүнү Кудайдын Падышалыгы деп атап салдык.

Ыйса ага батасын берип, анын материализмин жана акча сүйүүчүлүгүн колдоп жаткандыгын далилдеш үчүн телеберүүдөгү насыятчы Ыйык Жазуудан канчалаган аяттарды келтирет дейсиң. Билерсиңер, андайлардын сөзүнүн көпчүлүгү ак баталар жана каргыштарга арналат эмеспи. А биз кылган ишибизге жараша баталар менен каргыштарды албай эле, аларга курмандык бергенибизге жараша жалганып жаткандай элес калтырат. Жалпысынан алганда, насыятчы Мусанын мыйзамын аткарганга негизделген каргыштар менен баталардын Эски Келишимин бүгүн да машайакчыларга колдонсо болчудай кылып таалим окуйт. Ошого карабай, биз эми Эски Келишимде эмеспиз да. Эски Келишимдеги убадаланган жер Жаңыдагы убадаланган Рух болуп калды. Жердеги байып гүлдөөнүн баталары ар бир кырдаалды Ыйса менен басып өтүп жатканыбыздын  батасына айланды. Биз Ыйсада Ал кылган иши менен баталуубуз жана бул ички дүйнөбүздөгү баталар ушунчалык күчтүү болгондуктан азап чегип кыйналууда жүрсөк да кубанычыбыз бар.

Жүйүт жыйыны да азап чеккен жана «мал-мүлкүн талап-тоноп кетишкенде кайгырышкан эмес». Эмне үчүн? Анткени «асманда андан да жакшы, түбөлүктүү байлыктар бар экенин» билишчү (Еврейлерге 10:34). Эгер биз чын эле асманды көрсөк, анда бул көрүү убакытты жана баарын кандай кабыл алганга таасирин тийгизет. Биз азап тарткан бүлгүндөгү курмандык катары ыйлактабай, Кудайдын эрки аткарылгандан кийин убадаланган нерсени аларыбызга ишенимибиз болуу керек!

Пабыл тесалоникалыктарга мындай кайрылган: «ушул кыйынчылыктардан улам эч кимиңер олку-солку болбошуңар үчүн...Анткени бизге азап чегүү белгилен-

гендиги силерге маалым» (1Тес.3:3). Биз сөзсүз эле гүлдөп байып кете албайбыз. Биз Ыйсадай болушубуз керек, а бул азап-тозокту да түшүндүрүшү мүмкүн.

Бүгүн кытайлар жана башка азап чегип, куугунтук көрүп жаткандар өздөрүнүн мамилелери менен Ыйсанын айкаш жыгачынын сырын жерде аракет кылышына жол беришүүдө. Анткени алар кемсинтип кордогондорду ырайымдуулук менен кечирип жатышат, а шылдыңдарга жооп кылып бата беришүүдө. Баталар бардык каргышка караганда аябай күчтүү. Ал эми кечирим бүт зордук менен кемсинтүүдөн ушунчалык зор. Мүмкүн, сизде азыр жашооңузда болуп жаткан нерселерди тандаганга күч жоктур, бирок буга кандай мамиле кылганды тандап алсаңыз болот. Бейкапар ишеним, тынчтык, кубаныч жана душман күчүн бет маңдай туруп кечирүү – Машайак сизде жашап жаткандыгынын эң күчтүү күбөлүгү!

## 3. БАШКАЛАРГА БАТА БОЛУШУБУЗ ҮЧҮН БАТАГА ЭЭБИЗ

Ыйса мында өзгөчө метафораны колдонуп, жыландай акылман, көгүчкөндөй жөнөкөй же момун болушубуз керек экенин айткан (Матай 10:16). Ооба, биз башкаларга бата болушубуз үчүн бата алганбыз! Өзүңүздө бата жок болуп туруп, башкаларды жалгай албайсыз. Биз бекер алган нерсени бекер беришибиз керек. Бул кайрым, ырайым, кечирим, айыгуу, бошотуу жана баарын, атүгүл касыңдай иш кылгандарды сүйүүнүн негизги осуяттарынын өзү. Биз ошондой эле жашообуздун ар бир сферасында: ден соолуктан мамилелерге, финансыга чейин жалганбыз. Бизге ресурстарды бөлүштүрүүдө акылмандык керек, бизнесте жана финансыда рационалдуу болуп, карызга батпашыбыз зарыл. Методизмдин негиздөөчүсү Жон Уэсли айткандай: «Акчаны мүмкүн болушунча көп тапкыла. Мүмкүн болушунча көп үнөмдөгүлө. Мүмкүн болушунча көп кайыр садага кылгыла».

Бизге берилген бата кыйынчылыктарды тартып жаткан жакындарыбыздын же миссияга кетип жаткандардын

алдында дайыма чоң жоопкерчиликти билдирет! Жеке батаны эмне кылуу керектиги бул өзгөчө тема, бирок Жаңы Келишимде садага берүүнүн жана алуунун эки гана негизги чөйрөсү белгиленген. Биринчи чөйрө – бул муктаж болгондор, экинчиси – жаңы аймактарга кызмат кылууга бараткан элчилик топтор. Бирок эгер бата алууну көздөп алсак, анда мындан кийинки кадам – баюу, коопсуздук, комфорт, көңүл ачуу жана коркунучсуздукту максат кылып алуу келип чыгат.

Эмнеге Ыйса башынан эле коркунучтардын болушу мүмкүн экенин айткан? Ал шакирттери куугунтукка карата иммунитетке, тээ денесинин клеткасында, ДНК сынын өзүндө эле жандандырган сүйүү жана кечиримге ээ болушун каалаган экен. Бул эң биринчи нерселер!

Ошого карабай, батыштын салыштырмалуу коопсуздугу жана  бейкуттугунда деле адамдар ишенимге келишкенде, биз көп учурда эски достору аларды артка тартпасын деп коркуп, бардык карым-катышыңарды үзгүлө деп суранабыз. Анткени жөнөкөй эле азгырык менен жолукканда да бекемдик жок эмеспи. Бирок «биздин ичибиздеги бул дүйнөдөгүдөн да чоң экенин» (1 Жакан 4:4) унутуп калабыз.  Бул жаңы Машайакка кайрылган адамдар да дүйнөнүн алдындагы биздин коркунучубузду жугузуп алышат да, өздөрү прозелит болуп калышат: биздей көрүнүшөт, биздей сүйлөшөт да, изоляцияланган христиандык субкультурада – геттодо бекемделип калышат. Бирок качан кандайдыр бир мезгил өткөндөн кийин аларды барып, эски досторуңарды Ыйсанын ысмы үчүн ээлеп келгиле деп суранышса, анда алар эски тааныштарынын баары калбай, бардык мамилелер талкаланып калганын көрүшөт.

Биз айлана чөйрөбүздөгү коркунучтан коркуп отурабыз, анан эмне үчүн ага аз таасир бере алганыбызга таңгалабыз. Өзүбүздүн жеке коопсуздук, ишеничтүүлүк жана ыңгайлуулукту жеке максат кылып алабыз да, анан эмне үчүн коркунучта жашап жатканыбызга таңгалабыз. Качан биз биринчи орунга материалдык жалгоолорду койгонубузда, өзгөчө баталардын:  ишеним, сүйүү жана

өз ара мамилелердин алтын казнасын жоготобуз. Бизде баталык жалгоолор тууралу жакшы иликтенген кудай таануу окутуубуз (ерестер?) жана абдан начар иликтенген куугунтуктар жана азап чегүүлөр тууралу окутуубуз бар. Пабыл көргөн азаптарын өзү «Машайактын кызматчысы» экендигинин далили катары санап өтүп (2 Корунттуктарга 11:23-33), «Машайак үчүн алсыз болгонума, кордук көргөнүмө, муктаж болгонума, куугунтукталганыма жана кысымчылдыкты башыман өткөргөнүмө ыраазымын. Анткени мен алсыз болгондо күчтүүмүн» (2 Корунттуктарга 12:11) деген жыйынтыкка келет. Бизге өз азаптарын кылган кызматынын далилдери катары көрсөтүп мисал келтирген дагы мындай көп башка кызматчылар керек!

Ортодоксалдуулуктун бардык деңгээлиндеги жыйындык коомдордогу бир кайгылуу жак – көптөгөн жаш балдар чоңойгондо ишеним менен жашай албай калышат. Мүмкүн канчалык даңктоо музыкасы азыркы деңгээлдеги жыйында жүрсөк дагы жана анда ушунчалык кызык насыяттар болсо да, тынч диний сезимдерди жөн гана керектөөчү же диний салттарды пассивдүү карманчу болуу үчүн гана жаралган эместирбиз.

Биз ишеним жана сүйүүнүн укмуштуу окуясы үчүн жаралганбыз! Биз жарыктын Падышачылыгы жана караңгылыктын Падышачылыгын чектешкен жериндеги жашоо үчүн жаралганбыз! Ал жердеги туңгуюктун үстүнөн көпүрө салып, ар ким ал аркылуу Кудай менен чогуу бул жашоонун укмуштуу окуясына кирсин үчүн жаралганбыз! Кудай – бейпилдик жана коопсуздук эмес. Кудай баарына жагынайын деген кошоматчы да эмес. Кудай бул сүйүү, бирок Анын сүйүүсү жапан, албуут, алдын ала карабай, баарын жалмаган оттой, суудай жана бороон-чапкындай. Биздин адамдык табиятыбыз доктриналдык кыйкымчылдык же жанды тынчыткан ритуалдар үчүн эмес, Ал үчүн жаралган. Биз тобокелдикке барууга жана өз ара баарлашуу үчүн жаралганбыз.

Жаш адамдарыбыз жыйыныбыздын чындыгын көрүп турушат. Алар жалпы диний шаблондун алдын-

да адамдар кантип өзгөрүп, чүмбөт кийишип, ушул шарттуу эрежелер менен дин мыйзамдардын, - баары кантип сырткы гана көрүнүштүн тегерегинде айланып жүрүшкөнүн көрүп жатышат. Жаштар биреөлөрдөн кубаттоо алып, алдыга жылып, карьера жасоо жана коопсуздук сезимине ээ болуу үчүн жыйында өзүн кантип алып жүрүү керек экенин эң сонун билишет. Бирок жогорудан төрөлүүнүн укмуштуудай окуясы тууралу «каалаган жерде соккон, үнүн уккан, бирок кайдан келип, кайда кетерин билбеген» шамал тууралу абдан аз кабардар (Жакан 3:8). .

Ыйса менен жашоо бейпилдик менен коопсуздукту билдирбейт. Ал опурталдуулукту билгизет. Ал коркунучту эскертет, бааны эскертет. Бул Ыйса убада кылган нерсе: *«Мен муну силерге Менин тынчтыгым силерде болсун деп айттым. Бул дүйнөдө азап тартасыңар, бирок кайраттуу болгула, анткени Мен бул дүйнөнү жеңдим» (Жакан 16:33).*

Эгер өзү бул кыйынчылыктарды издесе - анда ал руханий оорулук. Бирок Машайакты ээрчүүнүн натыйжасында мүмкүн боло турган бааларды төлөөгө даяр болуу – бул руханий дени сактык. Машайактын денесиндеги кээ биреөлөр антагонисттик өкмөттөрдөн көбүрөөк азап чегишет. Айрымдар диний конфессиялардан запкы жешет. Кээ биреөлөр өздөрүнүн доктринасына, кыял-тилегине же жашоо образына шайкеш келбегендерди жек көргөн башка ишенүүчүлөрдөн кыйналышат. Пабыл ушул көп кырдуу азаптар тууралу 2 Корунттуктар 11:26 аятта айткан эле: *«каракчылар, уруулаштарым, бутпарастар, жалган бир туугандар коркунуч туудурушту».*

Ыйса менен жашоо бизди бир жерге алып келет. Ал жерден биз сыноолорду көрөбүз жана бир гана Ал – калканыбыз, досубуз, коргоочубуз, Эгебиз жана өмүрүбүз экенин түшүнөбүз.

## КӨП БЕРИЛГЕН СУРООЛОР:

**1) Машайакта жашоо менен байланышкан кыйынчылыктар тууралу мынчалык көп айтуунун эмне кереги бар? Бул адамдарды чоочутуп салбайбы?**

Лука 14:26-33 аяттарда Ыйса Аны ээрчүүдөгү чыгымдардын баарын эсептеп албасак, Анын шакирттери боло албашыбызды жарыялаган. Ал башында эле бул бааны айтып салган болчу. А биз ошол бааны жашырып, артыкчылыктарга басым жасаганга аракет кылып жатабыз! Эгер биз эмне менен элдерди кызыктырсак, алар ошону менен калышат. Ыйса бизди бул дүйнөнүн алсыздарына курмандык менен чын жүрөктөн кызмат кылууга, ишеним менен сүйүүнүн тобокелчилигине, эгер керек болсо, баарын таштаганга даяр болгонго ээлеп алгысы келет. Ошентип, Ал бизди Өзү үчүн Ага толугу менен баш ийүүгө чакырып ээлеп алууга умтулуп жатат. Ал бизди Өзү менен жана Ал жашагандай жашагыла деген чакырык менен ээлеп алгысы келет.

Эгер биз адамдарды Ыйса менен бир болууга алардын эгоисттик, жыргалчылыкты сүйгөн натураларына жараша убадалар менен чакырсак, анда өзүбүздү алардын табигый кумарларын улам канааттандырып, көңүлүн ачтырып турган жолго коебуз. Качан бул денелик каалоолор ишке ашпай калганда мындай ишенгендер машайакчылык реалдуу эмес экен деп ишенимден тайып кетишет. Ошого карабай белгилүү бир фраза бар: «машайакчылыкты чыны менен эле сынап көрүшө элек, тажрыйба аркылуу ал зыян тарттыра турганын далилдеше да элек. Машайакчылык жеңил эмес экенин гана айгинелешти, ошондуктан аны сынап көрүшкөн жок».

Албетте, бул айтылган кепте машайакчылык чын эле биздин өз күчүбүз менен эмес, бир гана абсолюттук баш ийүү аркылуу ырайым менен иш кылары эсепке алынган эмес.

**2.Демек сиз Жаңы Келишим – материалдык жалгоолордун келишими экендигине ишенбейсизби?**

Жок. Жаңы Келишим – бул материалдык жалгоолордун келишими эмес. Бул качан биз өмүрлөрүбүздү Ыйсага бергенибизде Ал эч нерсеге карабай жашоолорубуздан Кудайды даңктай турган Даңктын Келишими.

Эски келишим убактылуу баталардын келишими болучу, ал дагы эле жалпы түшүнүктө үй-бүлөлөрдө, коомдордо, өлкөлөрдө иштеп жатат. Күнөө жана эгоизм ооруларга, коркунучтарга, четке кагылууларга, жалгыздыкка, жардылыкка жана талкаланууга алып келет, ал эми «адилдик элди көгөртөт» деген принцип кала берет. Өлкөлөр капитализмге же демократияга карата эле эмес, алардын Он Осуятты кандай аткаргандыгына жараша батага ээ болушат.

Жаңы Келишим – бул артык, эң мыкты келишим, анткени бул келишим боюнча Кудай Өз элинин АРАСЫНДА эмес,  Өз элинин ИЧИНДЕ жашоого келет. Анын эли Анын ийбадатканасы болуп калат. Жана бул ийбадаткананын даңкы кандай гана кыйынчылыктар аркылуу жүрсөк да, Кудайды даңктаганга багытталат.

## КАПЧЫКТАР, БАШТЫКТАР, КАПТАР, БУТ КИЙИМДЕР ЖАНА САЛАМДАШУУЛАР

*«Капчык да, баштык да, бут кийим да албагыла, жолдо эч ким менен саламдашпагыла (Лука 10:4).*

## 1. КАПЧЫКТАР ЖАНА МИССИЯ

Бул бөлүмдү ары окуган сайын Ыйса шакирттерин тынчтыктын адамын таап, анын үйүнө кирип, аны менен чогуу ичип жегенге насааттаганын көрөбүз. Анын насааттарын башка сөздөр менен айтканда – бул адам менен болуу, анын үйүнө кызмат кылуу дегенди билдирет. Эгер биз ушуну кылсак, өзгөчө ушул жолду акчасыз баштасак, анда миссиянын учурунда ал адамдан тамак-аш, жата турган жерден көз каранды болгон конок болуп калабыз. Ошентип, акча салынган капчыктарыбыз

сөзмө-сөз маанисинен тышкары бийликти, башкаларга кокурайган мамилени жана материалдык күчтүн айырмачылыгына кандай карай турганыбыздын метафоралык маанисине да айланат. Эгер биз акчаны жаныбызга алсак, анда өзүбүз каалагандай аралчаны чоочун маданияттын ортосунда түзгөнгө мүмкүндүк алабыз. Тарыхый жактан батыш миссионерлери бүт дүйнө жүзүндө ушундай кылып чыгышкан. Бардык эле өлкөлөрдөн миссионерлердин ушундай жасалгаланган аралча чептеринин бекем дубалдарын тапсак болот. Анын ичинен үйлөрдү, мектептерди, жыйынды, ооруканаңы, балдар үйүн, библиялык колледжди көрөбүз. Адамдар мындай борборлорду куруу үчүн финансы, убакыт жана көп күчүн жумшашкан. Мындай центрлерде баарын колго алган, баарын көзөмөлдөгөн батыш адамы өзүн ыңгайлуу сезет.

Мындай мамиледеги миссия ошол чөйрөнүн маданиятынан канчалык көп кишилерди өз аймагына тартып, аларды окутуп, билим берип, өз элинде башчылардан болсун деп аракет кылуу. Адамдарды мындай магниттей тартуу жаштарды кызыктырат, алар бат эле миссионерлер менен алардын аралчасынын маданиятын сиңирип алышат да, өздөрүнүкүнөн баш тартышат. Тегерегиндеги маданият – Индуизм, Буддизм же Ислам болсо, анда жергиликтүү элдин көзү менен караганда кээ бирөөлөрдүн машайакчы болуп кетиши теңирден тескери иш жана козголоң көтөрүлүш жасагандай эле кеп.

Миссионердик аралчанын ичинде алар өз ысымдарын «христианчага» бурушат, кийимин, тилин алмаштырышып, ушул аралчанын ичинде жашаганды үйрөнүшөт. Маршал Мак Лухандын «информацияны берүү каражаты информациянын өзүнөн катуу сүйлөйт» деп айтканы белгилүү. Окууну бүтүшкөндөн кийин бул жаштар кызматчы болуу үчүн жападан жалгыз эффективдүү жол – ушундай бир центрде кандайдыр бир орунду ээлеп, анда иштөө керек деген ынанымга ээ болуп калышат. Образдуу айтканда, батыштын иш костюмун кийип, сцена жана кафедрадан чыгып сүйлөп, иштерди чет өлкөлүк акчага

сатып алынган офис столунун үстүнөн башкарып жана чек аранын ар жагынан келген акчага жашап кызматчы болоюн деп калышат. Маселенин экинчи жагы – мындай центрди ачуу кымбат турат жана аларды анча көп деле кура албайсың. Ошондой эле алар талкалануу же конфискация болуу коркунучунда турушат, тегерегиндеги элдердин батышка каршы маанайынын же антихристиандык иш аракеттеринин фокусу да болуп калышы мүмкүн.

Буга кошумча мындай центрди администрациялоо жана башкаруу чоң бюджетти эске алып, профессионалдык иш менен дайыма кароону талап кылат. А муну өз кезегинде Батыштын финансысы менен батыштын адистери гана кыла алышат, эгер батыштын донорлору каалаган иретти кармanышса. Мүмкүн, «убактысы келип, жергиликтүү ишенгендер буга даяр болгондо» мындай мекемелерди аларга берели деген максат да айтылат. Бирок мындай күн такыр деле келбейт.

«Алтыны бар киши өз эркин таңуулайт» деген алтын эреже кала берет! Башка дагы чындык: татаал системалар өлүп калышат. Мындай центрлерди сырткы колдоосуз жергиликтүү күчтөр менен кармап туруу таптакыр мүмкүн эмес. А жөнөкөй нерселер көбөйөт. Ыйса негиздеген принцип боюнча тарала алган, көбөйгөн, жергиликтүү күчтөр тарабынан өз алдынча практикаланган мамилелер гана колдонулушу керек. Тарыхтан алганыбызда батыштан көз каранды татаал системалар менен негизделген кытай жыйыны Мао тарабынан талкаланган болчу. Ал эми жөнөкөй, жүрөккө тигилген нерселер көбөйгөн.

Бирок миссияга карата мындай мамиленин дагы ошондон да катуу көйгөйү – ушундай аралчаларда окуган адамдар өз үй-бүлөлөрү, достору, чөйрөсү тарабынан өз маданиятынан баш тартканы үчүн четке кагылышат да, анын натыйжасында жок эле дегенде кадырбарктарынан айрылып, айланасына эч таасир тийгизе алышпайт. Бардык берилген акчалар өлкөгө миссиянын масштабдуу таасирин тийгизе албай, кайра ошол элдердин маданиятынын четке кагышына алып келет. Бул

көйгөйдү акылмандык менен болтурбай деле койсо болмок. Биз өзүбүз каалабаган, күтпөгөн жемиштерди терип калабыз.

## 2.БАШТЫКТАР ЖАНА МАДАНИЯТ

Эгер менин баштыгым жолдогу жан жолдошум экенин эсепке алсак, Ыйса баштыктарга каршы эч нерсе деле айтпагандай туюлат.

Баштык, чемодан, джип машинасы же жүк кемеси – бул биздин буюмдарыбызды ташуунун каражаттары болуп саналат. Баштык – бул метафора, биздин бардык маданий багажыбыздын – жакшы көргөндөрүбүз, антипатияларыбыз, адаттарыбыз, музыкалык табитибиз, ашканабыз, кийимибиз, манералар, коомдук эрежелер, никелик салттар ж.б. Баштык түздөн түз капчык менен байланышкан, анткени анда акча жетиштүү болсо, биз миссия менен кай жакка гана барбайлы, миниатюрада өзүбүздүн маданиятыбызды куруп алсак болот. Жана дал ушуну бүт дүйнө жүзүндө өз миссияларыбызда кылганды кечиктирбедик. Бул биз Ыйса жөнүндө бөлүшөлү деген адамдардын жүрөктөрү менен акылында абдан катуу будуң-чаңды туудурду. Кудайдын Падышалыгы деген эмне жана маданият деген эмне? Көбүнчө бул эки түшүнүк бир нерсеге бириккендей сезилет! Көп учурда башка маданияттын өкүлдөрү батыш маданиятынын кээ бир элементтерин жек көрүшөт (чын эле Ыйса Өзү да жаман көргөн кээ бир нерселер бар), жана анын натыйжасында христиандык нерселерди да четке кагышат, анткени батыш миссионерлери Ыйса менен батыш маданиятын ушунчалык аралаштырып салышкандыктан аларды көп адамдар ажырата алышпайт. Батыш миссионерлеринин алгачкы муундары жаңы келгендерди баарынан мурун өздөрүнүн тилин жана өз өлкөлөрүнүн сонун музыкалык салттарын үйрөткөнү менен белгилүү болушкан эле. Алар жеткиликтүү адамдар өздөрү үчүн бейтааныш болгон голланд, немис жана англис тилдерде гимн ырдоосун каалашкан. Бүгүн башка маданиятка карата мындай кокурайган мамилеге ачуу-

ланып кетишибиз ыктымал, бирок өзүбүз да ушуга окшош иш кылып жаткан жокпузбу? Баарыбыз дагы эле алардын бизге келишин каалап жатпайбызбы. Качан адамдарды алып келгенибизде, биз аларды өзүбүздү ыңгайлуу сезген, өзүбүздү абалдын кожоюну сездирген өз аймагыбызга, өз маданиятыбызга чакырганыбызда Ыйса тарабынан тыюу салынган нерсеге кирип кетебиз – бул кишилерден прозелит жасоо (Матай 23:15). Прозелит – бул биз сыяктуу эле көрүнгөн, биз сыяктуу эле сүйлөгөн, биз сыяктуу сыйынган жана биздин диний коомубуздун жазылган, жазылбаган бардык эрежелерин аткарган неме. Мындагы басым сырткы түрүндө жана эл арасындагы жүрүм-турумунда. Биздин жыйындык субкультуралар бирдей көрүнүп, сыйынып, табынып, эл арасында бирдей жүрүм-турумдун эрежелерин карманганга умтулган кишилерге толгон. Кайсы бир коомдордо чогулуштарда майрамдык кийинүү норма деп кабыл алынса, башкаларда макияж же сулуулануунун башка кошумчалары күнөө деп табылат, кээ бир жерлерде адамдар күнүмдүк жөнөкөй кийимдери менен эле жүрүшөт. Сырткы шайкештик жана ылайыктуулук коомдук кабыл алуу жана кубаттоо менен сыйланат, бирок сырткы көрүнүштүн астында көп учурда орундар үчүн таймашуу, жарышуу, борбордо болууну, «негизги» болууну каалоо, көрө албастык, ушактар жана жашыруун сырлар жатат. Юджин Петерсон мындай кыймыл тууралу өзүнүн жаңы котормосунда, Галаттыктарга 4:17 мындай дейт: «Бул жалган окутуучулар силерди аябай көп кошоматчылыгы менен курчашат, бирок алардын мотивдери – жакшы эмес. Алар силерди Кудайдын ырайымынын эркин дүйнөсүнөн ажыратып бөлүп алып, силер дайыма алардан көз каранды болуп, алардан кеңеш жана уруксаат сурап жүрүшүңөрдү каалашат. Анткени бул алар өздөрүн маанилүү сезгенге мүмкүндүк берет».

Канча жолу тарыхтан мыйзамчылдык кодекстер менен жүрүш-туруш эрежелерине сырткы шайкештик, эч кыяпатсыз жүрүмгө багытталган жогорку талаптар жана күтүүлөр, диний иш чаралардын чыңалган графиги жашыруун күнөөлөр менен аморалдуулуктун жабуулары болуп

калганы далилденди эле. Биз баарыбыз же ырайым менен же көз карандылык менен жашай алабыз!

Окуялардын өнүгүш кыймылы мындай болушу мүмкүн. Адам дүйнөдөгү кезинде наркотикалык нерселерден же коркунучтуу-экстремалдуу жашоо образынан күнкор, багынычтуу болучу. Ал бул жолго кишилердин белгилүү бир контингенти суктанып карап, курбалдаштары көңүл бурушу үчүн түшкөн. Анын бул жүрүмү канчалык опурталдуу, чектен чыккан сайын ошончолук сыйурматка ээ болот. Анан кандайдыр бир убактыдан кийин ушундай көз карандылыкта жашагандар мындай жашоо образынан тажашат да өзгөргөнгө аракет кылышат. Алар Кудайга келип, мүмкүн чын жүрөктөн кайрылышып, куткарылуу алышат да,  өз жашоо образын өзгөртүшөт. Бирок көңүл буруу жана таанылууга муктаждыгы Асмандагы Атанын жүрөгүндө жүргөнү аркылуу канааттандырылбаса, анда манипуляцияга жеңил алдырышып, жыйындагы гиперактивдүүлүктүн чуркоо жолуна түшүп калышып, нормаларга шайкеш жашоого өтүшөт. Алар тышкы кебете-кешпирин өзгөртүшөт. Акчасын беришет. Ар бир чогулушка барышат. Коомчулуктагы ишенимдүү, ак ниет жүрүм-туруму үчүн өз адрестерине мактоо кеп укканды абдан жакшы көрүшөт. Ошого карабай, кандайдыр бир убакыт өткөндөн кийин өздөрүн бирөө пайдаланып таштап койгондой сезе башташат. Алар таарынышат, терең жараат алышат, катууланышат жана кээде мурунку көз карандылыктарына кайра кайтышат. Эмне болгон?.. Кудайга келишкенде алар бир күнкорлукту экинчи күнкорлукка гана алмашышкан эле.

Алар бандиттик иш чараларын диний иш чараларга алмашышкан. Аларга бекер төгүлүп жаткан, эмгек кылынбай эле берилген Кудай сүйүүсүндө жана ырайымында жашаганды үйрөткөнгө эч шарт түзүлбөгөн. .

Авторитеттүү, руханий деп эсептелип, жыйында белгилүү бир орунду ээлеген кишилердин көңүлүн буруп, мактоо кеп угууну терең каалагандык, башкаларга  руханий адамдын образында көрүнүүнү эңсөө таңгаларлык стимул болуп, жүрүш-туруштун өзгөрүшүнө жана сырт-

кы конформизмге алып келиши мүмкүн. Бул адамдардан прозелиттерди жасоо дегендикке жатат. Алар өздөрүнө берилген нормалардын кабы-багажына жараша сыртынан өзгөрүлүүшөт, бирок жүрөктөрү эч качан Ыйсага ашып ташып толгон эмес.

Жүрөктү өзгөртүү маселеси боюнча. Дагы эле Юджин Петерсондон мисал келтирейин, бирок бул жолу анын Галаттыктар китебине жазылган кириш сөзүнөн: «Ыйса аркылуу Пабыл Кудай адамдардын белгилүү бир эрежелерге шайкеш жүрүшүнө мажбурлаш үчүн колдоно турган жалпы күч эмес эмес экенин, бизди эркин өмүр менен жашоо үчүн бошоткон жеке Куткаруучу экенин көрүп, түшүндү. Кудай бизди сырттан мажбурлабай, ичибизден эркиндикке чыгарды».

Ыйсанын Тоодогу насыятка топтоштурулган бүт буйруктары жүрөктүн мамилесине, жүрөктүн абалына байланышкан жана багытталган. Мисалы: бизге каршы күнөө кылгандарды кечирүү, бирөөлөргө карата күнөө кылсак, тобо кылуу жана элдешүү. Биздин диний иш аракетибизди көпчүлүккө демонстрациялоону уюштуруунун ордуна Кудайды жашыруун, жалгыз издөө. Кудай өз ара ишенүү жана сыйлоодогу үчилтиктин бирикмеси. Ааламдын маңызы рационализм жана мыйзамга караганда мамилелердин тегерегинде курулган. Шакирттик баарынан мурун доктринаны ийне жибине чейин үйрөнүүдө эмес, анткени Кудай теологиялык эсептөөчү машина эмес. Ал бул сүйүү. Анын ааламы өз ара мамилеге негизделген. Шакирттик баарынан мурун ак ниет эркин жүрөк менен курулган өз ара мамилелерге камтылат.

Тынчтыктын адамына өзүбүздүн маданиятыбыздын жана баалуулуктарыбыздын кабын көтөрүп барбайлы, бирок сүйүүнүн, сыйлоонун жана эркиндиктин жүрөгү менен баралы. Кудайдын Падышачылыгы – ичте. Ушуларды эле бизге миссияга, кызмат кылууга алганга уруксат кылынган! Ушуларды эле башкаларга жеткирип, бөлүшкүлө деп буюрушкан. Максатыбыз прозелиттерди жаратпай, дос болуп калуу.

# 3.САНДАЛИЙЛЕР, ЫКМАЛАР ЖАНА БРУЧКО

Ыйса бут кийимге эмнеге каршы болду экен. Ал Өзү деле бутуна сандалий кийип жүрсө керек. Менин оюмча, Луканын 10 бөлүмүнүн контекстинде бут кийим Кудайдагы жашоо тибин символдоштурган прообраз болуу керек. Кантип Кудайдын биз үчүн багыштоосун иш жүзүнө ашырып жатабыз жана Ыйса менен практикалык жактан кантип өз ара жашоодобуз?

Брюс Олсен – Борбордук Америкадагы жашоо образы таш кылымында калган метилондук индеецтер арасындагы алгачкы миссионердин (индеецтер аны Бручко деп аташкан) окуясы абдан шыктандырат. Ал эч нерсеси жок эле алардын турагына кирип барган. Капчыгы, каптары жок эле. Алардын арасында ошолордун бири болуп жашап, Америкадагы мекенинен эч кандай контактсыз, колдоосуз, дары-дармексиз жана башка эчтеке албай эле тил үйрөнгөн. Бир нече жолу ал безгектен аз жерден өлбөй калып, паразиттерден дайыма азап чегип келген. Алгачкы бир нече жылдан кийин ал акыры бир жаш адамды Машайакка ишенимге алып келет да, жакында башкалары да анын үлгүсүн кайталашып, ишенип калат деп ойлогон. Бирок ал бара-бара туңгуюкка капталган. Анын биринчи кайрылган шакирти өз ишеними тууралу уруулаштарына айтып берүүдөн качып, убактым али келе элек дей берчү. Олсен эмне үчүн жаңы шакирти башкалар менен бөлүшкүсү келбей жатканын түшүнбөгөн.

Бул уруунун маданияты оозеки чыгармачылыкка, уламышка негизделгендиктен алардын тарыхы ар бир мүчө тарабынан эстеп калып, атайын майрамдык кечелерде кезек менен айтып берүүдө сакталып турчу. Олсен алар менен жашап жүрүп, мындай кечелердин көбүндө болгону менен алардын маанисин шакирти ага бүгүн эл алдында сүйлөгөнгө анын кезеги келгенин айтканга чейин анча аңдабаптыр. Анын ошол түндөгү аңгемеси көп убакыт мурун аксакалдардын бири агыш терилүү киши келип, Кудайдын Уулу тууралу айтып бергени жөнүндө түш көргөнүн айтты. Ал жигит ошол түштү айтып берип, өзү аны чечмелеп, бул түш Олсен аркылуу ишке ашканын айтып, андан ары Библиядагы Кудай Уулу тууралу кеп кылды. Ошол түнү ал айылдын көп адамдары Ыйсаны жолдогондор болуп калышты.

Олсен артына капчыгы менен кабын калтырса да, баары бир америкалык сандалийлерин кийип жүрүптүр.

Ал качан Кудай жолуна жаңы түшкөн жигит башкаларга жалгыздан, жекече жолугуп айта баштаарын күткөн эле. Анын бул оюн шакирти түшүнгөн жок. Анын дүйнөсү жекече, басма жазуу материалдарына караганда оозеки баарлашуу жана коллективдүү чогуу иш кылууга негизделген болчу. Оозеки маданияттын дүйнөсүндө жаңы эскинин уламыштарынын чындыгынан келип чыгат жана өзүнө мурда эмне болсо, ошонун баары камтылган. Анын убакытты түшүнүүсү батыштыкындай эмес эле. Кысылган убактынын рамкасы, мезгилдин кысымы деген түшүнүктөрдү ал билбеген. Ал айта турган убактысы али келерин билген.

Биз бардыгыбыз этноцентризмге, б.а. ой жүгүртүү жана иш аракетибиз «туура» же «көбүрөөк адекваттуу» деген ишенимге ээбиз. Ал эми башкача ойлоо же бөлөкчө аракеттер бизге «адаттан тыш», «туура эмес» нерседей көрүнөт. Албетте, биз бул жерде адеп-ахлак маселелери же сүйүү, чынчылдык, кечирим, сексуалдык тазалык, моюн сунуу өңдүү моралдык абсолюттар тууралу айтып жаткан жокпуз. Жаңы Келишим жүрөктү эркин, таза сакташ үчүн сөзсүз керек болгон стандарттар, карым-катыштагы Кудай берген абсолюттарды ачык, айкын бекемдейт.  Бирок жүрөктүн ушул чындыктарын биз кантип көрсөткөнүбүз, аткарганыбыз, кантип ушул стандарттарды ээрчип жатканыбыз эң негизги сүрөткерибиз Кудайдын улуу кубанычтан жана чыгармачылыкка болгон сүйүүдөн жараткан ар кыл маданияттарында аябагандай көп түрлөргө ээ болушу мүмкүн.

## 4.ТӨӨНҮН ИЗДЕРИ ТУУРАЛУ ОКУЯ

Бир чыгыш өлкөсүндө акыркы жүз жыл бою батыштык салттык миссионердик иш-чара жүргүзүлүп келген; ар кыл деноминациянын өкүлдөрү өлкөгө келишчү, өздөрүнүн базаларын, ооруканаларын, мектептерин жана библиялык колледждерин курушчу. Алар чөмүлгүү алгандар арабча аттарын христианчага которуулары керек деп активдүү үйрөтүшкөн. Алар жаңы келгендер айланадагы мусулман чөйрөсүнөн айрымалануу үчүн кийимдеринин стилин да өзгөрткүлө деп таалим кылышкан. Мунун натыйжасында жаңы ишенип калгандар өздөрүнүн маданиятына таптакыр таасир тийгизе алышпай, изо-

ляцияланган батыш христиандык коомчулукта жашап, иштеп, үйлөнүп, балдарын чоңойтуп келишкен. Алардын рухий жашоосу имараттарга жана толук убакыттагы кызматчыларга байланышкан болчу. Өлкөдөгү тигилген жыйындар өз ара спонсор болушкан миссионердик уюмдардардын батыштагы деноминациялардан бери келаткан ортодогу бөлүнүүлөрдү  копиялап алышып, өз ара ажырымдарга ээ эле. Көптөр үчүн бул типтүү көрүнүштөй көрүнөт, чынбы?

Ал өлкөдөгү бир топ миссионердик уюмдардын эмгектеринин жүз жыл бою эмгегинин натыйжасында 160 миллион калкы жерде ишенгендердин саны 100 000 ге чейин жетип, өсүү ошол бойдон токтоп калган болучу.

Он беш жыл мурун жергиликтүү калктан чыккан эки жаш жигит Ыйсага келишти да өздөрү үчүн бир нече жөнөкөй чечим кабыл алышты. Алар өз ысымдарын жана кийимдерин алмаштырышкан жок. Алар батыштын образы менен табиятын тууraган христиан коомчулуктары менен да кошулушкан жок. Алар өз элинин маданиятын сыйлашып, анын библиялык чындык алып жүргөн элементтерин колдонуп, ушул мекендештери менен Ыйсанын ортосундагы көпүрөлөрдү курганга умтулушкан.

Алар Куранда Ыйсаны айткан жерлер бар экенин таап алышты. «Аял» деген сура Ыйса тууралу, анын кыздан төрөлүшү, кереметтерди жасагандыгы, адилдиги, Анын Кудайдан келгендиги жана Ага кайтып бара турганын айтат. Курандагы дагы бир жер ишенгендерди кайсы бир китепти окуур алдында Эски жана Жаңы Келишимди окуганга чакырат экен. Алардын мусулмандык салты ишеним үчүн сөзсүз керек болгон төрт китепти эскерткен – Куран, хадистер, Эски Келишим (бөлүктөрүн) жана Жаңы Келишимди. Өз практикасында алар элдерге Куранды чогуу окуйлу деп сунушташып, бул үзүндүдөн суроолорду беришкенде, көптөгөн дүйнөлүк адамдар чыгышып, үйлөрүнө чакырып,  көп суроо беришип, инжилди (Жаңы Келишим) сурашып, кийин Ыйсанын жолдоочулары болуу үчүн чөмүлтүүнү суранышканын көрүшкөн.

Алардан Мухаммед тууралу эмне ойлойсуңар

деп сурашканда Курандан «мен жөн эле чындыкты издөөчүмүн жана чындыкты көрсөткөнгө чакырылгам» деп Мухамеддин айткан жерин келтиришчү. Ыйса тууралу сурашканда алар Ыйса Кудайга кайткан жери айтылган аятты көрсөтүшчү. Куран өлүп калган Мухаммедге караганда Ыйса өлбөгөндүгүн көрсөтөт. Башка комментарийлердин кереги жок! Алар өздөрүнүн ишенимдериндеги провокациялар менен карама-каршылыктардан качышып, алардын маданиятынын Куранга болгон сыйлоосун колдонуп, Курандагы Ыйсаны көрсөткөн жерлерге токтолушчу.

Шакирттердин коомдору үйлөрдө, чайканаларда, иш жана коомдук турмуштун борборлорунда түзүлө баштаган. Ал эми Курандын негизинде евангелизациялоо ыкмасы «төөнүн издери» деген атка ээ болгон. Исламда адамдарга Жараткандын 99 ысмы белгилүү болуп, а 100-сү бир эле төөгө маалымдалган имиш деген уламыш бар.

Качан традициялык ишенгендерге бул кыймыл тууралу айтышканда алар бул мүмкүн эмес дешчү.

Алар бул жаңы келгендер ишенимде бекем туралышпайт, алар үчүн христиандык коомдордун коргоосуз жашоосу өтө оор болот деген. Ооба, ошол жаңы келгендердин кээ бирлери Машайак үчүн азап тарткан өлүмдү кабыл алышты, бирок кыймылда сууга чөмүлүү алган миллиондон көп киши бар жана алар өсүп жатат. Муну традициялык миссионердик иш чаралардын кызмат кылуу убактысынын ондон бир эле бөлүгүнө салыштырганда он эсе көп шакирттер болгонун көрөбүз.

Бул миссионерчиликке караганда өтө эле өзгөчө кызмат образы. Миссионерчилик мурда бул элде Падышалыкты таратуу үчүн баарынан мурун абдан чоң курмандыкты көрсөтүшкөн. Ооба, деноминациялардан келген миссионерлер өздөрүн арнашкан, курмандык кылышкан жана көп эмгектенишкен жумушчулар болушкан, бирок алар өздөрү менен капчыктарын, багажын жана пар бут кийимин ала келишкен эле. Алардын кээ биреөлөрү дагы эле Ыйса бул маданиятта кандайдыр бир алардын

түздөн-түз жетегисиз эле башкача кыймылдамак дегенди али туура түшүнө элек.

## 5. САЛАМДАШУУЛАР ЖАНА МАКСАТТАР

Эмне үчүн «жолдон эч ким саламдашпашыбыз керек»? Бул сылыксыздык жана оройлук эмеспи. Мындай жүрүм натыйжасыз болот болуш керек, анткени биздин максатыбыз элдер менен таанышып, тынчтык адамдарын издөө да.

*«Ошондон кийин Теңир башка жетимиш шакиртти тандап, аларды ар бир шаарга, Өзү бармакчы болгон ар бир жерге эки-экиден кылып, Өзүнөн мурун жөнөттү». Лука 10:1*

Бул жетимиш шакирт жол кайда барса, ошол жакка, каалаган кыштагына барбай, Ыйса Өзү бармакчы болгон жерлерге гана жөнөтүлүштү! Ыйсанын атайын стратегиялык планы бар болучу жана алардын тапшырмасы муну иш жүзүндө ашыруу эле. Ыйса абдан ачык дайыма Асмандагы Атасынан көргөнүн гана кылганын (Жакан 5:19), жана Атасынан укканын гана сүйлөгөнүн айтып жүрчү (Жакан 6:26). Ал Асмандагы Атасы менен Өз мамилелеринин негизинде кызмат кылган. Ыйса элдердин бардык муктаждыктарын канааттандырайын деген жөнөкөй умтулуу менен жүргөн эмес. Ооба, айлана чөйрөбүздө эң алсыздар үчүн кылган нерселерибиз Ыйсанын Өзү үчүн кылынганы чындык. Ооба, Матай 25-бөлүм жана Ышайа 58-бөлүм – биздин якорлорубуз жана бардык мезгил үчүн талаптарыбыз, бирок Ысрайылда Ыйса айыктырбаган көп бейтаптар калган болучу. Ачка болгондор бар эле Ыйса тойгузбаган.

Ыйса Өз Атасы менен чогуу кадамдап адам муктаждыгынын чындыгына жолугууга бараткан. Ал кирбеген Самарияда көп кыштак калган, бирок Ыйса Атанын эрки көрсөткөн жерге эле кирген. Ал Атасынын эркин сезип, Анда жашаган болчу (Жакан 4:34).

Айланабыздагы адамдык муктаждыктарга баш оту

менен кирип кетсек да, аягы жок. Эгер биздин аракетибиз ушул жетишпестиктерге эле негизделсе, анда арыктап, чарчап, тажап, ачууланып, биздин аракетибиздерди байкабай жаткандарга таарынып жана көбүрөөк каражат бербей жаткан Кудайга да акаарат айта баштайбыз. Бул бет алган жакты көздөй басып, көз көргөн муктаждыкка жооп берген жол – биздики эмес. Биз Яхве Ире эмеспиз. Биз Кудай эмнени гана айтып жатканын билип, Ал эмне кылып жатканын көрүп, Анын менен кадам сайын чогуу басып ошол багытта жүрүшүбүз керек. Бул биздин дүйнөбүз эмес жана бул биздин Жыйыныбыз эмес! Бул Атанын дүйнөсү жана бул Ыйса Машайактын Жыйыны.

*«Биз Кудайдын кызматташтарыбыз, силер болсо Кудайдын эгин талаасы жана Кудайдын имаратысыңар. Кудайдын мага көрсөткөн ырайымы менен мен акылдуу куруучу катары пайдубал салдым. Башка бирөө ошол пайдубалдын үстүнө куруп жатат. Бирок ар бириң өзүңдүн кандай куруп жатканыңа көңүл бур!»*

*(1 Корунттуктарга 3:9, 10)*

Пабыл жумушчу, Кудайдын кызматташы болгонун билчү жана акылдуу куруучу катары өзү жасай турган иштин чегин жана көлөмүн түшүнгөн. Ал пайдубалдарды салып, башкаларга анын үстүнөн салганга жол берген! Бул Кудайдын эгин талаасы жана Кудайдын имараты. Биз бүт жумушту өзүбүз кыла албайбыз. Биз эмнеге жөндөм, шыгыбыз бар болсо, ошого көңүл буруп, бир нерсени жогорку деңгээлде жасашыбыз керек.

Тартуунун борбору – бул адамдык муктаждыктар жана адам жашоосунун жакшы, ыңгайлуу оокат-жайы эмес. Андай болсо бул гуманизм, адам борборундагы философия эле болуп калат. Борбор – бул Кудай жана Анын Даңкы. Дал мына ушунда Ыйсаны ээрчүү жолунун маңызы жатат.

## КӨП БЕРИЛЧҮ СУРООЛОР:

**1. Качан ишенгендер сиз сүрөттөгөндөй өз маданиятында жашашса, анда ошол маданияттын эле-**

**менттери менен Жаңы Келишимдин окуусунун системасы аралашып, синткреттешип кетпейби?**

Бул дайым болуп туруучу коркунуч. Биз дайыма өзүбүздөн синкретизмди тапкандан көрө, башка маданияттан Падышачылыктын Жакшы Кабары менен аралашып жаткан туура эмес нерселерди жакшы көрө коебуз.

Батыштагы кээ бирөөлөр исламдан чыккан ишенүүчү беш маал намаз окуп, мусулмандык календардын салтын тутуп, орозо кармаганы үчүн тынчтыгын жоготот. Атүгүл бул ишенүүчү Машайакка гана сыйынып, ар бир кадамында Аны карап, ишеними үчүн өз өмүрүн тобокелге салып жатканына да карабайт. Андан көрө мен батыш материализминин, эгоцентризмдин жана ач көздүктүн адамдардын жүрөктөрүнө кирип, көп жыйындар баюунун культтук жайларына айланганына көбүрөөк тынчсызданат элем. Мен көптөгөндөр биздин батыш маданиятынан инсандын талантына суктанганды, харизмалык, жылдыздуулук, белгилүүлүк жана артыкчылыктарга басым койгонду, ошону менен жыйындардын бир тобун жеке инсандын культуна айланып жатканына көбүрөөк кападармын. Биз кадимки эле ачкөздүктү Кудайдан болгон каалоолор, а эгоцентристтик статус кво менен жашагандарды жогорудан бата алгандар деп атап койдук.

**2. Эгер сиздер акча албасаңар, кантип муктаж болгондорго иш жүзүндө көмөк кылса болот? Бул биздин милдетибиз эмеспи?**

Ооба, биз эки негизги максат үчүн каражат издейбиз. Алар жаңы территориялар үчүн жиберилчү апостолдук командаларга жана муктаж болгондорго жардам кылууга жумшалат. Бул чын эле биздин милдет.

Бул милдетти кантип аткаруу керек. Айылдыктардын арасында жетимдерге кантип жардам берүү керек? Батыш стандарттары менен мекемелерди курсак, алар кийин дайым батыштан финансылык колдоону жана батыштык административдик ыкмаларды талап кылып туруп алышат. Же балдарды өздөрүнө алып, кам көргүлө деп жергиликтүү үй-бүлөлөргө жардам кылсак же үйрөтсөк

кандай болот? Батыштагы балдар үйүндө балдар үчүн имарат ичинде ысык суусу бар ванна, туалет өңдүү шарт түзүп беришет, ал эми айылдыктардын үйүндө үйдүн ичинде ыңгайлыктар жок. Эмне жакшыраак?

Батыш тибиндеги мекеме көп акчаны талап кылат да, калкка карата кичине эле сандагы жетимдерге жардам кыла алат. Ага өзүнчө штат керек жана жалпысынан бул моделди жергиликтүү күчтөр менен көбөйтүү татаал. Эл мындай мекемени кармап тура албайт, бул өтө эле татаал жана ысырaптуу. Батыш тарабынан тигилген мындай мекемелер жергиликтүү калктын жардыланып, көз карандылыкка түшүп калышына алып келет. Мындай балдар үйү өздөрүн курчаган коомдо жашаганга ылайыкташпаган балдарды өстүрүп чыгарат. Алар жашоонун батыш образын жана батыштагыдай мүмкүнчүлүктөрдү эңсеп калышат.

Эгер жергиликтүү үй-бүлөлөргө өз балдарына да кам көрүүгө жана жетимдерди үйүнө алып кеткенге жардамдашсак кантет? Бул кандай көрүнмөк эле? Бул биздин бир досторубуздун Кениядагы ишиндеги бир вариантка окшоп кетет. Алар жергиликтүү үй-бүлөгө велосипеддерди белекке берип жардашышкан. Максат, алар «велотаксисттер» болуп иштеп, акча таап жан багып, өздөрүнө жыйырма бала багып алсын үчүн эле. Алардын балдары ошол маданияттагы башка балдардай эле өсүп жатышат. Бул үлгү жөнөкөй жана бул маданиятта оңой эле таралат. Мындай үлгү бул маданияттагы бардык жетимдер үчүн үй-бүлө, жашаганга там таап берүүнүн реалдуулугуна үмүт берет, анткени ал жалаң гана жергиликтүү ресурстардын негизинде ишке аша алат да.

Биз эч качан бардык балдарга кам көрүү үчүн батыштын стилинде үйлөрдү куруп, жеткиликтүү кызматчылардын штатын кармап тура албайбыз, анда эмне үчүн ушундай каражаттар менен адистикти талап кылчу проекттерди киргизгенге аракетибизди улантып жатабыз? Алар биздин эмгектерибиздин жакшы картинкасы да. Алар бизге өз күчүбүз менен таасирибизди сездирет. Жана ооба, бул багыттагы иш - ачуу тажрыйбаларыбыздан кийин акырындап өзгөрө баштады, бирок дагы эле канчалаган аймактарда көп нерсени алмаштырыш керек.

Биз жөнөкөйлүктүн, көбөйүүнүн, ойлоп тапкычтыктын, өзүн-өзү камсыз кылуунун, көмөктөшүүнүн категорияларында жана миссиябыз кызмат кылып жаткан калктын маданиятынын деңгээлинде ой жүгүртүшүбүз керек.

**3. Ресурстарыбыз чектелгендиктен кылалбай жаткан муктаждыктарды кантебиз?**

Кудай бул муктаждыктарды сизден да терең билерине ишенесизби? Сиз эгин талаасындагы жумушчулар үчүн сыйынасызбы? Чектелген ресурстар көбөйсүн деп сыйынасызбы? Эски көйгөйлөрдү чечүүнүн жаңы жолдору жана тапкычтык үчүн сыйынасызбы? Бул муктаждыкка шайкеш келген жөндөмү, таланты, ресурсу бар бирөөлөр менен шериктештикти издейсизби? Алар үчүн эшик ачасызбы? Же Кудайды өзүңүз эле жасай ала турган нерсеге чектеп саласызбы?

Бразилияда көчөдө калган балдардын көйгөйү абдан курч турат. Бул балдар наркотик колдонушат, клей жытташат жана жан сактоо үчүн уурулукка да барышат. Атүгүл жергиликтүү полицейлер мындай балдарды үйсүз иттердей эле атып салышкан учурлар кездешкен. Кээ бир досторубуз бул балдар үчүн атайын үй-бүлөлөрдү негиздеп жатышат. Алар там курушуп, ага он-он эки баланы багып алган ата-энеси менен киргизишет. Алардын үйлөрү эң сонун, бирок миңдеген балдар көчөдө калууда. Бразилиядагы жыйындардын Ассоциациясы өкмөткө көчө балдарына кандайдыр бир чара көргүлө деп кайрылышыптыр. Бирок чынында бул жоопкерчилик өкмөттөбү? Биздин досубуз эгер Бразилиядагы евангелисттик жыйындардын ар бир лидери өзүнө бирден эле баланы багып алганда көчөдө балдар калмак эмес дейт..

Мозамбикте Роланд жана Хайди Бейкер көптөгөн жетимдерди багып алышкан жана ошону менен бирге өздөрүнүн бардык лидерлери менен пасторлорун мындан үлгү алып, силер да балдарды үйүңөргө алып кеткиле деп чакырышкан. Жергиликтүү ошол лидерлердин көпчүлүгү абдан жарды жана өз балдарын араң чоңойтуп жатышса да, жетимдерди алып жатышат. Кудай ушундай ишенимди сыйлайт жана назарына алат.

Сиз канааттандыра албай турган муктаждыкты түшүнөсүзбү? Тереза Эненин «сиздин алдыңызда жат-

кан нерседен баштаңыз» деген кеңешин эске алыңыз. Мүмкүнчүлүгүңүзгө жараша кылыңыз, кайсыга көмөктөшө албай турганыңызга токтолбоңуз жана башкалардын муну кылбай жатканына көңүл бурбаңыз.

**4. Кудай бизди кайда жөнөтүп жатканын кантип билсе болот? Ыйса шакирттерине Өзү баргысы келген конкреттүү шаарларды айткан. Кайда барууну кантип билсек болот?**

Биз жакшылап байкаштырып, анан иш кылышыбыз керек. Ошондуктан жыйындын негизинде апостолдор жана пайгамбарлар турушат. Көптөгөн жакшы пландар болушу мүмкүн, бирок биз Кудайды угабызбы? Элчи иштери 10 бөлүмдөгү Петирдей же 16 бөлүмүндөгү Пабылдай түштөр менен көзгө көрүнүүнүн тилин таба алабызбы? Өз ара мамилелердеги ачылган эшиктерди жана Кудай жолуктурган кездешүүлөрдү Пабыл сыяктуу (Элчи иштери 18:1-3) ажыратып биле алабызбы?

Жүрөктөрүбүздөгү көптөн бери удургуп келаткан каалоолорубузду угабызбы?

Сизге Кудай эмнени салды экен?

Эмне жөнүндө тилек кыласыз, кыялданасыз, сыйынасыз?

Кайсы нерсеге сизде ишеним жана ырайым бар?

Азыркы турган этабыңыздан эле баштаганга даярсызбы?

# СИЗДИН ТЫНЧТЫГЫҢЫЗ, БЕЙКУТТУГУҢУЗ ЖАНА ТЫНЧТЫКТАН АДАМЫ

*«Кайсы үйгө кирсеңер да, адегенде: «Бул үйгө тынчтык келсин!» - деп айткыла. Эгерде ал үйдө тынчтыкты кабыл ала турган адам болсо, анда силердин тынчтыгыңар ошол үйдө калат. Эгерде жок болсо, анда өзүңөргө кайтып келет»*

Лука10:5-6

## 1. СИЗГЕ ТЫНЧТЫК БОЛСУН!

Мусулман маданиятындагы салт болуп калган саламдашуу - «Ассалом Алейкум!», бул «Сизге тынчтык болсун!» дегенди билдирет. Ага жооп кылып «Ваалейкум Ассалом!» - «Сизге да тынчтык болсун!» дешет. Ыйса дал ушуну айткан эле. Ал анткени чыгыш маданиятында жашаган чыгыш адамы.

Кайда гана барбаңыз, Кудайдын болушун алып жүргөн Падышалыктын Элчиси экендигиңизди билесизби? Сиз элчи катары өзүңүздүн күчүңүздү, Падышалыктын тынчтыгын алып жүрө турган жөндөмүңүз бар экенин сезесизби? Сиз үйлөргө кала турган тынчтык алып келип кызмат кыласызбы? Сиз жаңы кырдаалдарга коркунуч менен барасызбы же тынчтык жана бейкуттук менен барасызбы?

Ыйсаны али билбеген айланаңыздагы кишилер аларга болгон сүйүүңүздү, жакшы мамилеңизди жана тынчтыгыңызды сезишеби же тескерисинче соттооңузду жана алардын үстүнөн артык сезгениңиздиби? Биздин Эгебиз «күнөөкөрлөрдү досу» аталган. Биз дагы мындай атты ала алабызбы? Бузулган аялдар Аны издешкен, анткени Ыйсанын аларга мамилеси адил болгон жана аларды кабыл алган. Салык жыйнагычтар Анын жанында өздөрүн жакшы, эркин сезишкен. Анткени Ыйса алардын мойнуна бой көтөргөн жек көрүүнүн кылычын чапкан эмес эле.

Эң биринчи кезекте тынчтык менен бейпилдикти

алып жүрүү абдан маанилүү. Кээде ашкерелөө процессине абдан кызыгып кетип, көкөлөп кетебиз да, бөлүнүүнүн чек арасын өзүбүз чиймелеп, сунушубузду четке кагууну өзүбүз туудурабыз. Анткени бул бизге ишенимибиз туралу бөлүшкөнгө аракет кылдык эле, бирок алар муну четке кагышты деп айтканыбызга мүмкүндүк берет да.

Диний рух сөздөр боюнча куугунтукту жана каршылыкты жеңгендей мактаныч менен кабыл алат. А мүмкүн адамдар Ыйсаны эмес, биздин ыкмаларды четке кагып жүрбөсүн? Биринчи милдет - өзүбүз менен тынчтык алып жүрүшүбүз керек. А Чындык сизди канаттарына алып жүрөт. Сизге Чындыкты жонуңузга көтөрүп жүрүүнүн зарылдыгы жок. Анын колдорунда эс алыңыз. Ыйса – Жол, Чындык жана Өмүр, жардам кылайын деген дос сыяктуу келди. Сизге Чындыктын коргоочусу болуунун кереги жок – Чындык Өзү сизди коргойт.

Сизге тынчтык болсун!

## 2.ТЫНЧТЫКТЫН УУЛУН ТАБУУ

Бул адамдын «тынчтыктын уулу» деп аталганы анын кандайдыр бир maаниде изденип жүргөнүн көрсөтөт. Кудай анын жүрөгүндө иштеп жатат жана биз өзүбүз Кудай кайда аракет кылып жатканын тактап алышыбыз керек. Мындай адамды кайдан тапсак болот?

«Төөнүн изи боюнча» ыкмасына жол салган бир туугандар кээде мечиттердеги чогулуштарга барышып, келген кишилерге Куранды чогуу окууну сунуш кылышат. Алар «Аял» сурасын ачышат да, анын мааниси тууралу суроолорду беришип, чоң кызыгууларды пайда кылышат. Бул акырындап көбүнчө Ыйсанын Өзүнө жана Инжилге – Жаңы Келишимге алып келет. Кээде аларды бул темаларда дагы сүйлөшүү үчүн дагы келгенге чакырышат. Кээде алардын артынан сүйлөшүүгө катышкандардын бирөө жарымы чыгып, аларды Жаңы Келишим менен үйүнө келип, конок болуп кетүүнү өтүнүшөт. Бул кызматчылар ал киши менен бир нече жолу маектешет, аларды дагы чакырышканда барышса, үй толо жакын тугандары, досторун көрүшөт да, анын «эми аларга мага

айтканыңардын баарын айтып бергиле» деген суранычын угушат. Көрүнүштөр менен түштөр Кудайды чын дилден издеген мусулмандардын арасында ушунчалык көп таралгандыктан маек куруунун илинчектеринин бири – силер кандайдыр бир түш же аян алдыңар беле деген суроо берүү. Эгер бул адам Ыйса тууралу түш көрсө анда мындай суроого таңгалышы мүмкүн. Бул түшүндө көргөн кишиң жаркыраган кийимди кийип жүрүптүрбү деген тактооңузга ал адам андан да айрантаң болушу ыктымал.

Эгер сиз тынчтыктын уулун тапсаңыз, сиздин тынчтыгыңыз анын үйүнө конуп калат. Эгер андай болбосо, сиздин тынчтыгыңыз андан аркы жолуңузга кайрылып келет. Бул майлоо, Ыйык Рухтун сизде болушу, бул тынчтык өзүнө күч алып жүрөт жана сиздин жашоо тууралу күбөлүгүңүздүн орчундуу бөлүгүн түзүлөт. Эгер тынчтыктын уулун тапсаңыз, анда ал сиздеги тынчтыкты тааныйт да, өз жүрөгүн жана үйүн сиз үчүн ачык берет. Ооба, адамдар менен баарлашуунун кандайдыр бир ыкмалары бар, буга үйрөнүш керек. Жалпысынан бул Кудай аларда кандай иштегендигине жана Ал сиз аркылуу эмне кылып жаткандыгына байланыштуу болот да, Ыйса бул динамиканы тынчтыктын динамикасы менен аныктайт. Табигаты боюнча бөлүнүү жана жек көрүү боло турган жүрөктөргө тынчтык салууда Кудайдын эмгеги ушунчалык таңгаларлык.

Тынчтыктын адамы айылдагы же кайсы бир социалдык топто биринчи ишенимге келген киши болуусу мүмкүн. Алардын күбөлүгү аябагандай күчтүү болуп, ошол айылдагы же топтогу кишилердин Ыйсаны кабыл алышына жол ачышы ыктымал. Бул Жакан 4 бөлүмдөгү кудуктун жанындагы аял жана Марк 5:19 аятындагы жин даарыган кишинин тарыхына окшош.

Тынчтыктан адамы өзүнүн социалдык контекстинде абдан таасирлүү киши болушу мүмкүн. Түндүк Африкада ислам лидерлери Ыйсанын жолдоочулары болуп калышып, акырындап өз мечиттеринин кишилерин Ыйсага алып келишкени тууралу көптөгөн күбөлүктөр бар.

Мындай салмактуу тынчтык адамы Элчилер иштери 10 бөлүмдө, Петирдин Корнелий үйүндөгү кызматы окуясында жана филипилик түрмөнүн сакчысынын Пабыл жана Сила аркылуу Ыйсага келген окуясында сүрөттөлөт. Экөөндө тең «ал жана анын бүт үйү чөмүлүшкөн».

Дүйнөнүн адамы биринчи келиши ыктымал, бирок сиздин максатыңыз бир эле учурда анын бүт үй-бүлөсүн чөмүлтүү болуу керек. Биз көбүнчө шашып, бир-бирден чөмүлтүп салабыз да, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн ыдырашын туудурабыз. Баарынан жакшы жол –абалына жараша үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү үчүн библия окутуу уюштуруп, аларды чогуу Ыйсанын жолуна түшүүнү үндөп, чогуу чөмүлдүрүү керек. Ошентип, чөмүлүүнү майрамдоо жыйынды негиздегенди майрамдаганга барабар болуп калат.

## КӨП БЕРИЛГЕН СУРООЛОР

**1.Тынчтык адамы менен Шаардык жана Батыш маданияттарды кантип байланыштырса болот?**

Бизде шаардашкан же батыш коомдорунда тынчтык адамдын кантип тапсак болот деген бир топ аңгемелешүүлөр болгон эле. Лука 10-бөлүмдүн контексти чыгыш жана айылдык абалды көрсөтөт. Анда көбүнчө «үй» же «үй-бүлө» деген түшүнүктүн ичинде үч муун жана чоңойгон балдарынын үй-бүлөсү плюс бир чатырда жашаган кызматчылары биригип, жыйырмадан кыркка чейин мүчөлөр жатат. Алардын арасында жашап, тынчтыктын адамын өз үй-бүлөсүнүн, досторунун пастору/аксакалы болууга үйрөтүү жана андан аркы туугандык катыштар аркылуу көбөйтүү – азыр үчүнчү дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө болуп жатат жана бу тенденция жыйын негиздөөдөгү бат өскөн кыймылдарга жол көрсөткүчкө айланды.

Лука 10-бөлүмдөгү айтылган ушул принциптерди индивидуализм нормага кирген, туугандары менен жакын мамиле жок батыштык же шаардык дүйнөдө кан-

тип колдонсо болот? Лука 10 догу Ыйсанын окуусу бардык чек арадан жогору, бардык маданияттарга тарала алат деп далилдей алабызбы? Албетте, биз Ыйса тууралу айтып жатпайбызбы? Батышта «үй-бүлөлөр» - бул биз убактыбызды чогуу көп өткөргөн кишилер. Бул сөзсүз эле кандаш туугандыктын принцибинде эмес, а көбүнчө жалпы кызыкчылыктар же иш боюнча түзүлөт. Проблема түшүмдө эмес. Эмне, дагы эле түшүм өз буту менен кампабызга качан келет деп күтүп жатабызбы? Ыйса мындай болот деп айтты беле? Ал бизге эгин талаасына бара турган жумушчулар тууралу сыйынууну буюрган, андан ары Ал сыйынуубузга жооп кылып биздин өзүбүздү жиберип жатканын сезебиз. Азыркы батыш практикасынан бир нече мисал келтирели...

Англиядагы ар кайсы чөлкөмдөрдө иштеген кызматтын лидери крикет клубуна кирип, анын бардык жагында активист болуп калган. Натыйжа? Клубдун бир нече мүчөлөрү Ыйсанын жолдоочулары болушуп, чөмүлүшкөн.

Германиядагы бир курбу кызым бир жолу ошол жердеги пабга (бар) бар деген айкын буйрукту алыптыр. «Теңир, мен өмүр бою бир да жолу пабда болгон эмесмин. Эмнеге эми барышым керек?». Ал аякка барганда бир столго отуруш керек экенин сезди. Ал жерде эзотерика жана рухий изденүүлөргө кызыгып, жумасына бир жолу аңгемелешкенге жолугушуп жүрүшкөн аялдар отурушкан эле. Алар аны өздөрүнө кошуп алышты. Бир нече жолугушуулар бою курбу кызым аларды унчукпай угуп, суроолоруна жумшак жооп берип жүрдү, андан кийин ага Ыйса менен мамилеси тууралу бир кече бою айтып берүүнү сунушташты. Ал ушундай таңгалычтуу тынчтык үйүндө бул жөнүндө күбөлүк кылды. Мындан кийин күйөөлөрү менен шишкебек жасап жегенге талаага пикникке чыгышты. Ал жерден бирөөнүн күйөөсү мурда Библия окуган болуп чыкты да, ким аны мага түшүндүрүп бере алат деп сурап калды. Ошентип, окуя андан ары кызуу өнүктү.

Германиядагы башка бир досум жергиликтүү бир паркка үй-жайсыздар, панктар жана чектин кырындагы башка кишилер менен баарлашканга бара баштаган эле. Натыйжа? Алардын бир нечеси Ыйсаны жолдоочулар болуп калышып, сууга чөмүлүштү да, паркта ишенгендердин чогулушу түзүлдү. Ошол кишилердин бирөөнүн балалык чагы оор болуп, көчөдө 15 жыл бою өмүрүн өткөзүптүр.

Пастор болгуңуз келеби? Уулуңуздун спорттук командасынын пастору (тренери десек да болот) болууга эмне болбосун? Досторумдун бири балдардын биринин атасы менен таанышып, дос болуп кеткен эле. Кандай бир убакытта бул адам өз уулунун машыгууларына жана оюндарына келбей калды. Досум ага үзбөй чалып турду, бирок телефонду Жаңы Жылга чейин эч ким көтөрбөдү. Ал киши анда айласы абдан кетип турганын жана өзүн өзү өлтүргөнгө камданып жаткандыгын айтты. Бул көптөгөн аңгемелешүүнүн башталышы гана эле. Эми ал жана анын аялы Ыйсанын жолдоочулары болуп калышты.

Биз Петр менен Душанбеден, Тажикстандан таанышканбыз. Ал жыйын ачканы аякка келиптир. Петр параплан сабактары тууралу жарнаама кылып, анын жабдыктарын жаштар үчүн  бекер берип турду. Жаштар бардык жерде укмуштуу окуяларга катышууну жакшы көрүшөт эмеспи, бирок адатта аларда ресурстар менен мүмкүнчүлүктөр азыраак болот. Петр сабакка келген балдар менен ушундай «тынчтыктын үйүн» курду.

Нью-Йоркто, испан тилинде сүйлөгөн маданияттын арасында контакттык топтор аркылуу өткөн бир кыймыл бар. Ыйсаны сүйгөн ишенүүчүлөр досторун, туугандарын жана коллегаларын үйүнө же ресторанга, же киного чакырышып, баарлашып, оорулуулар үчүн сыйынышат. Достору Ыйсага келишет жана бул контакттык топтор акыры үй жыйындары болуп калышат да, дагы көп контакттык топтор жаралат.

Шаардык жана батыштык шарттарда «тынчтыктын

үйү» болуп элдерди кызыкчылыгы же социалдык жалпы абалы менен бириктирген топ болуп калат. Бул топтор иштери күркүрөп жүрүп турган ийгиликтүү бизнесмендерден баштап, жаңы эле келген иммигранттардан турган ар кыл, ар түрдүү болушу ыктымал. Ыйык Рух – Ааламдагы эң ойлоп тапкыч Кудай болсо да, эмне үчүн Жыйындагы ушунчалык көп адамдар чыгармачылык мамиле көрсөтүшпөйт?

Андан сурагыла. Аны менен кыялдангыла. Ишенимдин, сүйүүнүн укмуштуу окуясын Аны менен чогуу көргүлө.

Тынчтыктын адамын тапкыла.

Сиз азыр эгин жыйнап жаткан жерде тагдырыңыз да жатат!

А сиздин тагдырыңыз турган жерде сиздин түшүмүңүз да турат!!

## СӨЗСҮЗ ТАМАК АШТЫ ИЧИП ЖЕҢИЗ!

*Эгерде ал үйдө тынчтыкты кабыл ала турган адам болсо, анда силердин тынчтыгыңар ошол үйдө калат. Эгерде жок болсо, анда өзүңөргө кайтып келет. Ошол үйдө калып, берген тамагын ичип-жегиле».*

Лука 10:6-8

### 1. ЧЫН ЖҮРӨКТӨН ЖАКШЫ КАРЫМ-КАТНАШТАР ЖАНА КӨБӨЙҮҮ.

Тынчтык үйүн табаар менен ошол үйдө калыңыз. Же Петерсон Библиянын азыркы котормосунда айтканындай: «үйдөн үйгө жакшы тамак берген жерди издеп көчпөгүлө». Тапкан тынчтык үйүңүздү сыйлаңыз. Адептүү, нормалдуу мамилелерди, досчулукту жана ак дилдикти куруңуз. Эгер Кудай сизди ушул жакка алып келсе, бардык түшүнбөстүктөр менен кыйынчылыктарды жумшартып, алар менен мамилеңерди дайым жакшыртууга аракет кылып туруңуз.

Бир жерде калуу тууралу буйрук Ыйсанын шакирттерди тарбиялап, Ал үйрөткөн нерселерди аткарууга үйрөтүү

менен байланышкан. Биздин максатыбыз шашылыш тобо кылууларды саноо эмес. Сиздин тынчтык үйү менен байланышыңыз бир жолку окуя эмес. Бул узак мөөнөттөгү проект. Сиз ал үйдө калып, мамиле, карым-катнашты атайын багытта өнүктүрөсүз жана шакирттикти окутуп бүтмөйүн таштап кетпейсиз жана андан кийин дос бойдон каласыз. Сиз тынчтыктын адамын өз үйүндө үй-бүлөсү жана чөйрөсүндөгүлөр үчүн пастор болгонду үйрөтөсүз. Бул жаңы досуңуз, же тынчтыктын адамы үйүңүзгө келгенде өзүн комфорттуу сезгени менен анын достору менен үй-бүлөсү сизден чоочуркап турушат. Сиз адамдарды өзүңүздүн жаныңызга чогултканга аракет кылбай эле коюңуз. Жаңы үйлөргө барыш керек жана тынтыктын адамын да ушуну кылганга үйрөтүү зарыл. Сизге көбөйүү керек. Өзүңүзгө эле элдерди тарта берип, жыйыныңызды чоңойтосуз, ал эми шакирттериңиз сиз кылган нерсени кылышса, анда сиз көбөйүүгө жетишесиз. Шакирттердин төртүнчү муунуна келгенде бул көзөмөлдөн тышкары кеткен кыймылга айланат жана аны териштирүү кыйын болуп калат. Бирок мындай иштин ачкычы – башынан эле сапаттуу мамилелердин курулушуна аракет кылуу..

Ыйсанын он эки шакирти болгон жана алар менен Ал үч жыл туруктуулук менен иштеген. Ал топ элди жанынан алыс кылып кетирип турчу. Өзгөчө алар ага өзгөчө урмат көрсөтүп же падыша кылып алалы деп аракет кылышканда. Ал Өз өмүрүн ушул он экиге арнаган. Ыйса бул он экиге башка адамдарды кошпогон, анткени алар менен мамилесинин сапатын төмөндөткүсү келбеген. Мен көп эле жолу бирөөнүн үйүндө жыйын башташканда, адамдар жакын, тыгыз баарлашууда жыргал табышканы тууралу күбөлүк уктум. Андан кийин мындай баарлашууларда киши саны өсүп, бир үйгө батпай калышып, чоң имарат алышып, анан ошол топ өскн сайын ошол алгачкы мамилелердин сапаты жоголуп кеткенин баары сезишкен. Достуктун ордуна сандын өсүшүнө карата программалар пайда болуп, баягы алгачкы сүйүү жок болгон. Бул – бир топко кошулуу аркылуу өсүүнүн кесепетинен улам болот. Ыйса башка кишилерди ошол он эки шакиртине кошуп,

мамилелердин сапатын төмөндөткөн эмес. Башкалар да бул тар чогулушка киргенге умтулушса керек, бирок Ыйса аларга буга жол берген эмес. Эгер ошол он эки шакирттин ар бири кийин өздөрүнүн окуучулары менен ушундай эле мамилелердин сапатына ээ болушкан. Өсүү шакирттердин улам жаңы муундарынын көбөйүүсү, кошулушу аркылуу өтөт. Бул жогорудан төмөн кеткен кандайдыр бир млм маркетинг эмес, а мамилелерге негизделген дени сак жашоонун табигый көрүнүшү.

## 2. ТАМАК ИЧИШ, КАБЫЛ АЛУУ ЖЕ БИРИМДИК, ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЖАНА ИШЕНИМДЕР

Биз бардык маданияттарда окшош бир нерсе бар экенин байкадык. Конокко барып тамак жеп жатканда үй ээлери дайыма толкунданышып, тамак жактыбы деп сурап турушат. Эмне үчүн? Эгер конок алдына келген ашты аппетити менен ашап жатса, анда бул ошол маданиятка, ошол үйгө, сиздин өзүңүзгө болгон кабыл алууну, достукту, ыракаттанууну билдирет.

Бул «алардын берген тамагын ичип жегиле» деген буйрук айрым тамактарды адал, арам деп экиге бөлгөн жүйүттөрдүн консервативдүү маданиятында провокациялык түрдө угулган. Берген тамагынын баарын ичип жеш керекпи? Бул аябагандай маданий бөгөөт болгондуктан Петирге ачык аян түштүн үч жолу кайталанышы керек болду. Ушул түш үчүн а Элчи иштери 10-бөлүмдө бутпарастар менен арам тамакты чогуу ичкенге даяр болгон жана кийин бул чечимин башка апостол элчилердин алдында (11 бөлүм) актоого мажбурланган.

Лука 10:7-9 аяттардагы иш аракеттердин иретине көңүл буруңузчу. Биз тамак жеп, кызмат кылып, андан кийин гана жакындап келаткан Кудай Падышалыгы тууралу сөз кылышыбыз керек экен.

Келгиле, муну башка сөз менен айталы. Адамдарга кызмат кылуу жана мамилешүүдөгү этаптар: алгач достук, жалпылык табуу, чогуу убакыт өткөрүү, андан кий-

ин – жүрүү, кызмат кылуу, муктаждыктарын кандыруу жана эң акыркы кезекте – ишеним, чындык, Падышалыкты өткөрүп берүү. Достук, жүрүү жана андан кийин ишендирип калуу. Традициялык евангелисттик жыйындардын көпчүлүгү бу иретти тескерисинче которуп салышкан

Ыйса мындай кылган эмес. Ыйса Закайдын үйүнө өзү барган (Лука 19), Ал тараптан мындай достук, ымаладан кийин Закай күнөөлөрүн сезип, жолдорун өзгөртүү үчүн ырайымды кабыл алган.

Жакшы апостол элчи болуш үчүн биринчи талап – бул узак академиялык билим алуу эмес, а ар кыл адамдар менен баарлашканды чын жүрөктөн жакшы көрүү жана алар менен чогуу тамак-ашты жешти каалоо гана! А сиздин даярдыгыңыз кандай экен?

## 3. ӨЗ ЭМГЕГИ ҮЧҮН СЫЙЛЫККА ТАТЫКТУУ БОЛУУ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТИН БАШКА ТҮРЛӨРҮ

Белгилүү бир маданияттын, экономикалык же бир тилдик топтун  ичиндеги акча маселелери тууралу сөз кылуу татаал эле маселе, ал эми кеп маданияттардын ортосундагы маселелер, өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык айырмачылык жана тил бөгөөттөрү тууралу баратканда чыныгы проблемалар келип чыгат. Качан биз маданият аралык мамиле курганга умтулуп жатканда, бир да маселе финансыны колдонуу ишиндегидей кыйынчылыктарга жана түшүнбөстүккө алып келбейт.

Ыйса мындай көйгөйлөрдөн кантип кутулууга кеңешин берген болчу. Ал эгер сен жөнөтүлсөң, анда тынчтыктын үйүнүн меймандостугунан көз каранды болосуң деп айткан.  Сиз эмгектенген кызматчы катары сыйлык менен тамак ашка татыктуусуз.

Бул жоопкерчилик түшүнүгү менен байланышкан, эгер адамдар эң башынан эле өз жоопкерчилигин түшүнбөсө, анда алар эч качан аны түшүнүүгө келишпейт. Эгер чоң ресурсу бар бирөө аз ресурсу бар башка

бир бирөөгө келсе, көп учурда акыркылары биринчилеринен көз каранды болуп калат. Ал эми көз карандылык абийирдүүлүк, ынсаптуулук, өзүн өзү сыйлоону, кадыр-баркты талкалайт. Биз көз карандылыктын мамилелерин түзбөшүбүз керек. Биз өзүбүз кул болгубуз келбейт жана кулдар менен да иштегибиз келбейт. Биз бирөөлөрдүн проекттери же активдери болгубуз келбейт. Өзүбүз дос болгубуз келет жана бизге достой мамиле кылууларын каалайт элек.

Бирок достор бирөөгө жүк болгулары келбейт же жакынынын оокатына оорчулугун салгысы келбейт. Анын үстүнө ал жакыны жаш аялмет болсочу? Ошого карабай достор бир-бири үчүн курмандыкка барышат жана бул ар бир маданиятта урматталат. Конкреттүү орун – тынчтыктын үйү, бул меймандостуктан көрүнүшү. Алар тынчтыктын адамдары боло алышабы? Өздөрүнө жиберилген кишиге кам көрө алышабы?

Ыйса өздөрүнө жиберилген кызматчыларга карата тынчтыктын үйүнүн жападан жалгыз милдети – аларды күндүзгү гана камсыздоо экенин ачык-айкын айткан. Бул массаларга үстөмдүк кылып, тоногон динге карама-каршы эмеспи. Дин өз ийбадатканаларын куруп, өз диний кызматчыларына жана кечилдерине офистерди, машиналарды, үйлөрдү жана жерлерди берет. Байларды да, жардыларды да эзишет, аларды кайыр-садага берүүгө үндөшөт, эгер бербесеңер каргыш, берсеңер бата аласыңар деп айтышат. Эски Католиктик Чиркөө кийинки жашоого бата алыш үчүн индульгенцияларды сатышчу. А биз дагы азыркы учурда ошондой эле иш кылып, азыркы жашоого баталарды убада кылып сатып жатпайбызбы. Дин дайыма соода-сатыкта батага ээ! Диндин запасында дайыма сатыкка коюлган баталарды сатып алгысы келбегендер үчүн каргыштар жана күнөөлүү сезимдер бар. Дин элдерди муктаждыкта жана жардылыкта кармайт. Ушундай стандарттар менен Машайактын жыйыны аталгандардын көпчүлүгү башка диндерден эч айырмаланбаган баюунун культуна айланып кетти.

Ыйса шакирттерине бекер алганыңарды бекер бергиле деген эле. Кудай Падышалыгы бекер берилет жана бекер алынат. Биз эмне менен кишилерди кызыктырып, жеңип алсак – алар ошондо калышат жана өздөрүнүн христианчылыгында ошого гана умтулуп калышат.

Алардын жүрөгүн Кудайдын Падышачылыгы менен жеңип алалыбы? Алар анда ошол Падышалыкта калышат. Аларды күрүч менен жеңип алалыбы? Анда алар күрүчтү улам көбүрөөк каалай беришет дейсиң. Эгер сиз элдерди финансынын булагы катары эле карап, курмандык алуу үчүн манипуляцияласаңыз, анда өзүңүздү Падышалыктын кызматчысы катары абийириңизди кетиресиз. Сиз жалган апостол болуп каласыз.

Бирок акча бул чоң маселе. Ооба, көп учурда ресурстарыбыздын чектелүү экенин сезебиз. Ошого карабай кыймылдын өнүгүшү акчадан көз каранды болбойт. Бардык кыймылдар ишенимден, ал үчүн кызгануудан, умтулуудан, кыялдан, үмүт-тилектен башталат. Акча мотивдештирбейт. Оттуу ишеним, кыял-тилек мотивдештирет. Качан Кудай жүрөгүндөгү от сиздин жүрөгүңүздө күйүп турса, ошондо мотивация болот. Качан кыймылдар өчүп, өлүп калышканда бул финансынын жетишсиздигинен болбойт. Көптөгөн жетиштүү, өнүккөн кыймылдардын жерлери, дүнүйөсү, имараттары, техникасы, каражаттары бар, бирок аларда кыял-тилектер, ишеним, ак дилдик, жалындаган от жетишпей калат. Алар эми кыймыл болбой, мурунку даңкынын эстелигине гана айланышат. Кудай колуңузда, чөнтөгүңүздө эмне барына карабайт. Ал жүрөгүңүздө эмне барына карайт. Ресурстар кыял-тилегиңизге жана ишенимиңизге карата келип, жабышып калышат.

Бир адам машинам жок болгондуктан бара албайм деп актанат. Бөлөгү коомдук транспорт менен эле жөнөйт да, ошол барып-келүүсүн да колдонуп, автобустун ичинен эле тынчтыктын адамдары менен таанышып, сүйлөшө баштайт.

Башка бирөөнүн машинага да, коомдук транспортко каражаты жок, ошондуктан ал жөө жөнөйт да, убактысын сыйынууга жумшап, Ыйсаны эңсеген бирөөгө жолугат. Биздин чектелүүлөрүбүз Кудайдын кийлигишүүлөрүнө мүмкүнчүлүк түзүп гана беришет.

Эгер сиз Кудайдын буйругуна тил алуу үчүн чоң кирешелердин келишин күтүп отурсаңыз, эч качан баштабайсыз. Азыр колуңузда көп ресурс бар болсо, эмне кылмагыңыз Кудайды таңкалдырбайт. Ал азыр колуңузда бар нерсени кантип колдоноорyңузду күтүп отурат:

*«Анткени Кудайдын Падышачылыгы тамак же суусундук эмес, тескерисинче, Ыйык Рух берген адилеттик, тынчтык жана кубаныч. Машайакка ушундай кызмат кылган адам Кудайга жагат, аны адамдар да кадырлайт»*

(Римдиктерге 14:17-18).

Ыйса качан шакирттерди өстүргүлө деп буйрук бергенде, Ал бизге ар бир маданиятта, өлкөдө, элде бирдей эле болгон бир эле нерсени талап кылган. Ал убакыт болчу. Шакиртти өстүрүү бул ошол кишиге убакты бөлүп, анын жүрөгүн тазалап, ичинде жашап жаткан Ыйсадан көз каранды болууга үйрөтүп, жана ушул убактыны башкаларга да берип, көбөйтүүнү көрсөтүү дегенди билдирет. Жападан жалгыз керектүү ресурс – бул убакыт. Бардыгыбыздын бирдей көлөмдөгү убактыбыз бар жана бул эң кымбат ресурсубузду кандай колдонуп жатканыбыз жүрөгүбүздүн чыныгы маңызын ачып берет.

Бирок финансы жок кантип жүрүүгө болот? Финансысыз иш кылуу татаал маселе, бирок коңшу айылдагы же коңшу өлкөдөгү миссия толугу менен финансыдан көз каранды болбойт. Эгер сиз кошунаңызды шакирт кылып өстүрсөңүз, ал бөлөк шаардагы тууганын да ошондой кылса, анда кийинки муундагы шакирттер башка өлкөдөн бат эле чыгып калышы мүмкүн! Эң негизги керектүү ресурс – бул убакыт!

Шакирттик аркылуу көбөйгөн мамилелер бардык чек аралар менен жетишсиздиктерди жеңип кетет.

Эгер сиз чоң залда, көп элдин алдында сүйлөп жатсаңыз, анда ошол жерде ким баш болот? Сиз. Сүйлөп жаткан сиз – маанилүүсүз. Ар бир маданиятта мындай адам өзүн эң керектүү сезип, эл алдында чыгып сүйлөгөн чечендик кызматы үчүн аты чыгып белгилүү да болуп кетиши мүмкүн. Ыйса адамзаттын тарыхында айланасы-

на кишилерди аябай топтогон болчу, бирок ал топтошкон кишилерди жанынан алыс кууп жиберчү (Матай 14:22, 15:39; Марк 6:45, 8:9). Жакандын Жакшы Кабарында Ал артынан ээрчүүнүн баасы тууралу ачык айтканда, көптөгөн шакирттери Ыйсаны таштап кетишпеди беле (Жакан 6:66). Ыйса жыйылган калың элде ийгилик жок экенин билчү. Бир күнү алар Аны падыша кылса, башка күнү Аны өлтүргүлөрү келип калат. Адамдар сизге эмне берсе, ошону кайра алып салыштары мүмкүн.

Буга карама-каршы эгер сиз бир адам менен анын үйүндө сүйлөшүп жатсаңыз, анда ал жерде ким абдан маанилүү киши? Алдыңызда отурган киши. Сиз коноксуз, кызматчысыз гана. Ак дилден, чын жүрөктөн курулган шакирттик Кудай сизди ушунчалык сүйгөндүктөн Өз уулун же кызын жеке сизге жиберип турат дегенди түшүнүүгө негизделет. Кудай ар бир адамды ушунчалык сүйгөндүктөн куш катты, же китепти же телеберүүнү эмес, а уулун же кызын ага жиберип турат.

Ыйса өз өмүрүн он экиге багыттаган. Анын мындай жекелик мамилесинин мааниси – алардын ар бири Кудай үчүн эң чоң мааниге ээ экендигин көрсөтүү эле. Бул биз барган бирөөнүн же бир нече кишинин жүрөгүнө салына турган кабар.

Бул Ыйса үлгүсүн берген шакирттиктин эң негизги маанилеринин бири - сиз Кудайга эң керексиз, маанилүүсүз! Кудай сиз менен баарлашууну, достошконду каалайт. Жана бул кабарды жеткирүүнүн негизги ыкмасы – адамдар менен мамилешүүгө өз убактыңарды бөлүштүрүү. Ушундай кылуу жөн гана Ыйсаны тууроо дегенди билдирет.

## КӨП БЕРИЛГЕН СУРООЛОР

### 1. Сиз Массалык Кабар берүү Каражаттарындагы кызматтарга каршы сүйлөп жаткан жоксузбу?

Ооба, так ошондой! Ыйса он эки менен бетме-бет сүйлөшкөн да, бизди артынан ээрчип, Ал кылгандай иш кылууга чакырган. Ал жыйылган элдерди жанынан кууп

жиберчү. Эмне үчүн биз андан жакшыраак жолубуз бар деп ойлойбуз? Круссейддердин (массалык евангелизациялардын) эң көп чогулуштары тарыхта Африкада болуп өткөн, бир эле жүрүштө миллионго чейин адам тобо кылууга колдорун көтөрүшчү. Нигерияда мындай масштабдуу круссейддери көп уюштурушкан жана эми анда дүйнөдөгү эң чоң жыйындар бар. өлкөнүн түштүгүндөгү калктын 80% Машайыктын жолдоочуларыбыз деп айтышат, бирок планетадагы эң коррумпировкаланган коомдордун бири бойдон калууда. Геноцидге чейин Руанда 90% чейин машайакчыбыз дешкени менен бир эле жыйынга барган ишенгендер бир-бирин мачете бычак менен кырып салышкан. Көптөгөн африкалыктар тобо кылууга колдорун көтөргөнү менен бир азы гана Ыйсанын буйруктарына тил алган шакирттикте тарбияланышкан.

Круссейддеги чогулган калың калк евангелисттин атын чыгарып, ага укмуштай акча тапканга жардам бергени менен жемиши – катастрофа болуп атпайбы. Эмне үчүн? Биз Ыйса кылгыла деп сураган нерсени кылбай жатабыз.

Ушуга окшогон көрүнүштөр медиалык кызматтардын көбүндө да түзүлүүдө. Миңдеген үйлөрдүн ичине экран аркылуу кирип баралы деген кептер жакшы угулат, бирок анда эмне үчүн Ыйса бизден шакирт жасагыла деп өтүнгөн жана аны он эки киши менен мамилесинде көрсөткөн? Машайакчылык – бул Ыйса тууралу жөн гана насыят окуу эмес. Машайакчылык бул – сизде жашап жаткан Ыйса, сиз Аны менен дагы бир нече башка адамдарды жетектеп баратасыз. Ыйса дайыма биз аркылуу жерге денеде келет. Массалык Информация Каражаттары аркылуу кызматтар кино жылдыздарынын жашоосу менен жашаган тележылдыздарды жаратат. Медиа кызмат өтүүнү эстрадалык чыгууга айлантат. Ыйса бизге өз ара мамилешүүгө негизделген, маданият аркылуу көбөйгөн кызматтын үлгүсүн берген. Медия кызматтар эки кырдуу: чыгып сүйлөө жана акча, сүйлө жана акча чогулта бер. Ыйсанын кызматы үч кырга ээ болчу: жеке катышуусу, чын жүрөктөн болгон ыймандуу мүнөз жана сүйүүнүн, чынчылдыктын (акча талап кылуусуз!) мамилеси

## 2.Сиз адамдар жарды бойдон кала берүүсүн каалайсызбы?

Жок! Көбүнчө адамдар айткан фактылар боюнча миссиянын талаасына сырттан келген финансылык кошумчалардын көбүрөөк болушу - шакирттер, чөмүлүүлөр жана жаңы жыйындар өңдүү чоң түшүмдөргө алып келбейт. Эффект таптакыр тескери. Көп акча көп учурда аз түшүмдү билдирет. Эмне үчүн? Кеп экинчи же үчүнчү дүйнөнүн адамдары батыштыкына караганда акчаны туура кармана албаганда эмес. Мындай тескери көз карандылыктын эки себеби бар.

Биринчиден, сырттан канчалык каражат келген сайын сырткы адамдар ушул ресурстарды алып жаткандардын иш-аракетин көзөмөлдөөгө укуктары бар деп эсептеп жаткандарында. Качан кимдир бирөө жергиликтүү кишилердин чечимдерин сырттан көзөмөлдөп турса, анда бул ишенимди, жоопкерчиликти жана инициативаны өлтүрүп таштайт жана түз айтканда, сырткы контроль Ыйсанын Өз Жыйынын жергиликтүү ишенүүчүлөр аркылуу курушуна тоскоолдук кылат.

Экинчиден, көбөйүп бараткан акча агымдары шакирттикке жана жандуу общинанын калыптанышына багытталбайт, көбүнчө имараттарга, мекемелерге, административдик аппаратка жана анын кызматкерлеринин айлыгына багышталат. Ошентип, дагы эле Ыйса Өзү кылбай, башкаларга да кылбагыла деген нерселер Ал кылган жана буйруган нерселерге душман болуп чыгып, ошол чыныгы айкындыктардын жашоосун соруп жатат. Бюрократиялык системалар бүт дүйнө жүзүндө пайда болуп, өз жашоосу менен жашап, бюджеттин көбөйүшүн талап кылып, оордоп бaратат. Ал эми диний бюрократиялар эң жаман болушу ыктымал.ы

Бул көйгөйдү чечүү «адамдарды жардылыкта кармоодо» эмес. Буга жооп кишилерде Ыйсага карата ишенимдин болушунда, Ал баарынын булагы экендигин жана Ыйык Рухту - курмандык кылуунун, чыгармачылыктын, көбөйүүнүн Руху экендигин таанууда. Жер-жерлерде досторубуз өздөрүнүн күчтөрү менен түзүшүүсүнө шыктан-

дырып, үндөп туруудa бул көйгөй чечилет. Микрокредит берип, бизнести үйрөтүү да жагымдуу таасирин бериши мүмкүн.

Үчүнчү дүйнөдөгү муктаж болгондор көп учурда жалкоолугунан жарды жашашпайт. Негизги себеп – системадагы абдан терең коррупциялуулук. Ал өз эмгегине тийиштүү акы алууну чектейт жана тоскоолдук кылат..

Мурун биз өзүбүздөй эле окшош деп ойлогон түшүнүккө, ой-пикирге эгедер батыштагы кээ бир достор менен чогуу кызматташ болууга аракет кылган элек. Ошого карабай конфликттик кырдаал пайда болгондо алар ачууланып, басмырлаган түр менен: «Эмне үчүн сиз аларга (Борбордук Азиядагы командага) эмне кылышты жана кандай кылышты айтпайсыз?» деп сурашкан. Алардын көз карашы боюнча менин бул команданы акчалай колдоп жатканымдын өзү эле мага аларга эмне кылыш керек экендиктерин үйрөткөнгө, болбосо аларды колдоодон баш тартам деп коркутууга укук бермек имиш..

Мен аларга досторума эмне кылышты буйрук бере албайм деп жооп бердим, анткени кулдар же баш ийген малайлар менен эмес,  а Жакшы Кабар таратуудагы достор жана партнерлор менен кызматташкам. Борбордук Азиядагы досторум өздөрү чечим чыгаруулары керек, аны менен кийин алар өздөрү жашашат да. Биздин келечекке карай көз карашыбыз бирдей – бул биздин тартип. Бизде стратегияны түшүнүүдө биримдикке ээбиз – бирок бул көз карашыбыз менен айкалышпаса, анда муну кылбай деле коебуз. Биз өз ара дос жана кызматташ катары келишимдебиз.

Менин жоопкерчилигим, жүйөөлүбү же жүйөөсүзбү, бир кеңеш айтуу. Ал эми калганын алар Ыйса ошол кырдаалга карата кандай иш кыл дегенин сезгенине жараша чечим кылышат. Кээде мага өзүм акылсыздай эле көргөн чечимдерге макул болуп колдогонго туура келген эле.

Ошого карабай көп учурда досторум туура чечим кабыл алышканына күбө болдум. Бул ошондой эле кээде абдан туура эмес чечимдерди колдогонумду да билдирет. Андан кийин терс натыйжаларды чогуу өткөзгөнбүз. Өзүңдү кыйналып азаптануудан коргогонго караган-

да достук менен кызматташтык маанилүүрөөк. Өзгөчө ошондой коргоонуунун баасы – контролдоо жана буйруп берүүдө болсо.

# ПАДЫШАЛЫКТЫН КӨРҮНҮШҮ ЖАНА ЖАРЫЯЛАНУУСУ

*«Ал жердеги оорулууларды айыктырып, аларга: «Кудайдын Падышалыгы силерге жакындап калды», - деп айткыла»*

Лука 10:9

*«Мен силерге жыландарды, чаяндарды жана душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем. Эми эч нерсе силерге зыян келтире албайт»*

Лука 10:19

## 1. ООРУЛУУЛАРДЫ АЙЫКТЫРГЫЛА ЖАНА КУДАЙ ПАДЫШАЛЫГЫН КӨРСӨТКҮЛӨ!

Христиан дүйнөсүндө ушунчалык көп нерселер сөздөрдөн турат...китептер, ТВ, радио, насыяттар, CD, DVD. Кандайдыр бир деңгээлде бул жакшы эле көрүнүш, анткени биз жакшы кабарды таратып жатпайбызбы. Бизге «Машайакты жүрөгүңөрдө Теңир катары ыйык туткула. Силердин үмүтүңөр жөнүндө айтып берүүңөрдү сураган ар бир адамга момундук жана коркунуч менен жооп берүүгө дайым даяр болгула» деп айтылган эмеспи (1 Петир 3:15). Биз жүрөгүбүздө ыйык туткан Эгебиз тууралу күбөлүк айтканга дайым умтулуубуз, үйрөнүүбүз керек. Ошого карабай Пабыл корунттуктарга мындай деген: «Анткени Кудай Падышалыгы сөз аркылуу эмес, күч аркылуу көрүнөт»(1 Корунттуктарга 4:20). Бул фраза анын акыл-насаат айтканга укугу бар экендигин далилдеп жаткан контекстте айтылса да, Кудай Падышалыгынын бул аныктамасы чоң бир көйгөйдү көрсөтүп турат. Биз сөз менен эле адамдарды Падышалык реалдуу

экендигине ынандыра албайбыз, Ыйса да бизден муну күткөн эмес. Ал бизге оорулууларды айыктырып, Падышалыктын көрүнүшүн жана күчүн көрсөткөндөн кийин гана ал тууралу жарыялоону буюрган. Мындай көрүнүш тынчтыктын адамынын үйүндө болуу керек. Аны баарыдан мурун өзгөчө круссейдде, өзгөчө евангелист менен, хордун ырдоосу жана ылайыктуу атмосфераны түзүү менен жасагыла деп бизге айтылган эмес. Майлоо адис музыканттардын бир саат ырдап, атайын атмосфераны түзүп бергенинен көз каранды болбойт. Майлоо асмандан түшпөйт. Петир табынуу саатын өткөрүп, Ыйык Рух мына түштү деп жарыялаганга чейин Ыйса адамдар үчүн сыйынуудан баш тартып жатканын элестип көргүлөчү. Майлоо бул сизде жашаган жана сизде конуп турган Ыйык Рухтун күчүнүн көрүнүшү. Биз кайра Лука 4:18-21 аяттарын окушубуз керек! Биз майлоо асмандан түшүп, өзгөчө адамдарга барган Эски Келишимде эмеспиз. Сиздин денеңиз – Ыйык Рухтун ийбадатканасы. Майлоо келип, кетип турбайт. Ал бизде калуу үчүн келет. Биз мейманкана эмес, Кудайдын жайы болобуз.

Эмне үчүн христианчылыктан көп сөздүүлүктү жаман көрүшүбүз керек? Ар ким көркөм, руханий сүйлөп, атүгүл Ыйык Жазуудан аяттарды жатка келтиргени менен өз акылынан айтып жатышы мүмкүн. Куру сөз менен каалагандай иллюзияны түзүп жана топтолгон калың калктын алдында эмоциялуу, жандуу сүйлөп чыгып, презентацияларды жасап элдин башын айлантса болот. Бирок котолошкон киши жок бөлмөдө отуруп, бир же бир нече жин даарыган кишилер үчүн сыйынуу – мына, чыныгы чакырык. Бул жерден эч кандай иллюзияны жасай албайсың. Ал адамдар али Ыйсаны таанышпайт. Алар сизди таанышпайт. Алар же айыгышат жана бошонушат же жок. Сиз же Ыйсаны жана сизде жашаган Ыйык Рухту билесиз же жок.

Бу эми сиз келтирип жаткан Жазуу аяттарынан, сыйынуудагы сөздөрүңүздүн руханийлүүлүгүнөн же канчалык катуу кыйкырып, жарыялап жатканыңыздан көз каранды болбойт (кандай гана болбосун бирөөнүн аш

бөлмөсүндө кыйкырып, секирип жатсаңыз көзгө күлкүлүү көрүнөөрүңүз анык эмеспи). Адамдар биздеги Ыйык Рухка момундук менен таянуубуздан жана аларды сүйүп, айыктыра алышына болгон ишенимибизден гана айыгуу алышат.

Адамдык муктаждык бизди Кудай алдында жылаңач турушубузга мажбурлайт. Биз Падышачылыкты алып жүрөбүзбү же жокпу? Башкаларга Падышалыкты көрсөтө алабызбы же жокпу? Адамдарды сүйөбүзбү же жокпу?

Оорулууларды сакайтуу да кишилерге иш жүзүндө кызмат кылууну түшүндүрөт. Мындай бир эски айтым сөз бар: «Аларга кам көрүп жатканыңызга көздөрү жеткенче, сиздин эмнеге ишенериңиз тууралу эч кимдин иши жок». Кайсы бир мезгил мурун бир досум «Баңги заттардын паркы» аталган жерде үй-жайсыз, алкаш, баңги, селсаяктар менен жолугуша баштаган эле. Досум аларды өз машинасына салып барчу жерине жеткирип, жардам көрсөтүп күнүмдүк чыгымдарына акча төлөп,  өзүн аларга бийлетип жүрдү. Ооба, ошол акчанын көбүн тамеки, наркотик, ичкиликке жумшап салышканы менен досум аларга кызмат кыла берди. Аларды алпарган жер мүмкүн тамеки, баңги заттар, арак саткан жер экенин билсе да, жардамдашканын токтоткон жок. Кандайдыр бир убактан кийин көчөнүн адамдары ал чын эле аларга кам көрүп, боору ооруп жүргөнүнө ишене баштาшты да ага суроолорду бере башташты. «Баңги заттардын паркы»  көп өтпөй «сыйынуу жолугушуулардын паркы» деп аталып калды. Иш жүзүндө практикалык кызмат өтөө айыгууга, бошонууга, куткарылууга жана парктагы жыйындын пайда болушуна алып келди.

Жыйындарды негиздөө кыймылы өсүп жаткан дүйнө бурчтарынан дайыма ушундай күбөлүктөр угулууда: көп жөнөкөй жыйындар айыгуу же бошонуу өңдүү Ыйык Рухтун ишинен улам башталып жатышат. Көп учурда тынчтыктын адамы ошол айыккан же бошонуу алгандардын бирөөсү же үйүндө аялы же баласы сакайган болуп чыгат. Эгер кимдир бирөөнү сөз менен ишендирсе, анда оңой эле башка бирөөлөр да аны айнытып салышы

ыктымал. Бирок ошол бирөө анын жакынын айыктырган же бошоткон н Кудайдын сүйүүсүн көрсө, анда эмне көргөнүн ал билет.

Кээ бир машайакчылар, өзгөчө батыштагылар дүйнөлүк маданият эми абсолюттук чындыктарга ишенбей калганын же атайын авторитеттүү булактарга гана таянаары тууралу көп айтып жатышат. Алар гуманисттик (адам борборундагы) маданият өз башынан өткөргөн нерселерге же достору айткандарга эле ишенери тууралу талкуулоодо. Мындай тенденцияларды алар постмодернисттик ой жүгүртүү деп аташат, анда жеке баштан өткөрүү бул чындык, эмоция болсо - далил жана досторунун ушундай нерселерди көргөн тажрыйбалары ырастоо, күбөлөндүрүү дешет. Көптөгөн машайакчылар нравалык чындык жана абсолюттар жок мындай маданиятта Машайак тууралу бөлүшүүгө аракет кылуудан көңүлү калышат

Так ошондой, бул дүйнөлүк маданият абсолюттук чындыктарга ишенбейт жана өздөрүн авторитет эсептеген кишилердин оозунан чындык тууралу уккусу да келбейт. Бирок, экинчи жагынан, эч качан адаттан тышкары укмуштарга, руханий нерселерге, Кудай Падышалыгынын көрүнүштөрүнө ачыгыраак болгон маданият эч качан болгон эмес. Анын үстүнө баары эле биз ойлогондой эмес, алар Кудай Падышалыгынын көрүнүшүн көрүү үчүн чогулуштарыбызга келишпейт. Алар биз анда элдин башын айлантып, акча жыйнап жатабыз деп ойлошот. Эгер чоң круссейддердеги же телеберүүлөрдөгү курмандык берүүгө үндөөлөрдү карасак, анда алар туура айткан болуп чыгат. Баары акча маселесине аралашкан. Алар кайсы негизде бизге ишениши керек? Башкача айтканда, биз аларга, алардын контекстине, досторунун арасына барып Падышалыкка шайкеш иштерди кылып, анын реалдуу экенин көргөндөй кылуубуз керек. Падышалыкты оңой көрсөтө алган мурунку муундар али болгон эмес. Бизде акча, бийликке асылган секта эмес, а чын эле жакындарына кам көргөн, досчулук күткөн машайакчылык бар экенине ишениши үчүн муну алардын өздөрүнүн чөйрөсүндө көрсөтүүбүз зарыл.

# 2.КУДАЙ ПАДЫШАЛЫГЫНЫН ТҮСПӨЛҮН КӨРСӨТКҮЛӨ ЖАНА ЖАРЫЯЛАГЫЛА

1970-жылдардан кийин «апостолдукту кайра жаратуунун» ар кыл кыймылдары пайда болду жана алардагы жалпы акцент апостолдун жыйынга бийлөөчү катары болгон кызматына басым жасаган беш кырлуу кызматтын бийлигин «калыбына келтирүүгө» коюлду. «Түзүлгөн бирикмелерге кошулуу», «Кудайдын тартибин таануу», «иретке келүү», «жогору тургандарга кызмат кылуу», «Падышалыктагы бийликтерге баш ийүү», «ыйгарымдуу бийлик ээлерине моюн сунуу», «рухий жабуу», «бийликти урматтоо», «Кудайдын эрин сыйлоо» өңдүү фразалар бул кыймылдардын жалпы колдонуучу тыйындарына айланган.

Мындай «тартиптин» акыл жагынан да рухий жагынан болгон картинасы – саясий иерархиянын, коммерциялык уюмдардын, караңгылыктын падышалыгынын пирамидасы гана. Анда баш ийүү, сыйлоо жана байлык төмөндөн жогору жакка акса, жогорудан төмөнгө буйруктөр жана көзөмөлдөөлөр агып турат.

Бул жаңы апостолдук кыймылдардын баары рухтагы эркиндикти убада кылышат жана көп учурда алар даңкылдаган азыркы музыкага, бийлерге, желектерди булгалоого, пайгамбарлык ырларга жана пайгамбарлык жарыялоолорго «бай болушат». Алардын эң сүйүктүү аяты «Теңирдин Руху болгон жерде – эркиндик» (2 Корунттуктарга 3:17). Баары сонун, бирок бул эркиндик төрт дубалдын ичиндеги эле жашоого, тагыраак айтканда чогулуш учурундагы денени кыймылдатканга байланыштуу. Лидерликтин түзүлүшү – айкын көрүнгөн катаал иерархиялык пирамида, эгер кимдир бирөө моюн сунуудан кандайдыр бир түрдө баш тартса, анда автоматтык түрдө дисквалификацияланат же лидердикке же кайсы бир жоопкерчиликке ылайыксыз деп таанылат. Эгер сиз эркек болсоңуз, анда дароо сизден Абышаломдун рухун таап, козголоңчул, кадыр-баркты сыйлабаган киши ката-

ры тааныласыз. А эгер сиз аял киши болсоңуз, анда сизге «Изебелдин руху» деген диагноз коюлат.

Иерархия кайсы бир көлөмдүү, татаал уюм жашап туруусу үчүн жападан жалгыз модель болушу мүмкүн (мамлекеттик структуралар, диний уюмдар, КГБ, мафия же караңгылыктын падышалыгы сыяктуу эле). Анткени бир адам бир эле учурда бир эле жерде боло алат, ошондуктан ал жетекчиликтин бийлигин майдалап, бөлүштүрүп, карамагындагыларды башкарып, регулярдуу отчетторду төмөндөн жогору кеткен чынжырлар аркылуу алып турат. Ошого карабай бизнес дүйнөсүндө да уламдан улам теңдештирилген, «жалпак» уюшулган структуралар жана «лидерсиз» уюмдардын күчү көп тарап жата..

Ыйсанын денеси – бийик жерлери жок уюм. Ал анын башчысы жана Ал чектелүү эмес. Ал бардык жерде жүрөт жана кудуреттүү. Ал бүткүл жакта жана бардык убакытта боло алат. Ал баарын көрүп, билип турат. Ага кандайдыр бир чынжырлар аркылуу жүрүп турган отчеттордун кереги жок жана Ага кайсы бир укук-милдеттерди бөлүштүрүүнүн зарылдыгы деле жок.

Ыйса өз ара бийлик кылууга адамга бийлик бербеген. Ооба, бийлик берилген, бирок «бардык душман күчтөрүнө» карата гана. Атүгүл ал мындай бийликтин бүт көрүнүштөрүнө тыюу салган: «силердин араңарда мындай болбосун»!

*«Ыйса аларды чакырып алып: «элге башчылар үстөмдүк кылып, төрөлөр бийлик жүргүзөөрүн билесиңер. Бирок силердин араңарда мындай болбосун. Араңарда ким чоң болгусу келсе, ал силерге кызматчы болсун. Араңарда ким биринчи болгусу келсе, ал силерге кул болсун. Анткени Адам Уулу да Өзүнө кызмат кылдыруу үчүн эмес, тескерисинче, Өзү кызмат кылуу үчүн, Өз жанын берип, көптөрдү куткаруу үчүн келген», - деди» (Матай 20:25-28 ).*

Сиз анда «апостол» деген сөз кызмат кылуунун бардык жөндөмдөрүнүн башы эмеспи деп сурайсыз? Бул тура эмес түшүнүк жана Жаңы Келишимге негизделген эмес. Ал заманда Рим империясынын үчтөн бир бөлүгү

кулдар, экинчи бөлүгү эркиндикке чыккан кулдар жана акыркы бөлүгү кул ээлөөчүлөр эле. Алар мурда Америка Кошмо Штаттарындагыдай крепостной, жансыз мүлк сыяктуу же азыр Түндүк Африкадагы кээ бир араб мусулмандарынын кара негр кулдарындай болушкан эмес. Рим империясынын кулдар тууралу кодекси боюнча аларга жакшы кам көрүп, кызмат кылган мөөнөтүнөн кийин эркиндикке чыгарышкан. Кулдар жогорку билим ала алышкан, үй-чарбасын, кожоюнун дүйнө-мүлкүн, бизнесине чейин башкарууга, балдарына сабак үйрөтүп, өз эркиндиги үчүн акча иштеп тапканга укуктары бар эле. Бошонгон кулдар көп учурда эркиндикке караганда кожоюнун колунда жакшы күн көргөндүктөн кулчулукка кайрылып келишчү.

Ал эми «апостол» деген сөз грек тилинде жөн гана «жиберилген» дегенди гана билдирет, бирок биз бул сөздүн маанисин жоготуп алдык.

Эң төмөнкү даражадагы кул апостол деп аталчу. Эмне үчүн? Ал заманда саякат кылуу көп учурда коркунучтуу жана кооптуу болгон экен. Эгер сиз элчилик миссия менен же баалуу нерселерди жеткизүү үчүн жиберилсеңиз, анда каракчылардан коргоо үчүн жаныңызда куралчан эскорт кишилер коштоп жүрмөк. Эгер анча маанилүү эмес нерсени алып баратсаңыз, анда жалгыз кетмексиз. Кожоюн өзүнүн эң аз бааланган кулун мындай ишке колдончу. Коргонучсуз жүргөн апостолду карактап, же кармап алып, кайрадан бирөөлөргө кулдукка сатып жиберүүлөрү мүмкүн эле. Эгер кожоюнуңуз үчүн эң төмөнкү баадагы мүлк болсоңуз, анда сиз «апостол» болмоксуз («Апостолдор – Машайактын кулдары» тиркемесин караңыз). Бул жагынан алып караганда «Ыйса Машайактын кулу, элчи (апостол) болууга чакырылган, Кудайдын Жакшы Кабарын таратуу үчүн тандалып алынган Пабылдан салам» делген Римдиктер 1:1 аяты таптакыр башкача көрүнүп калат!.

Ошол замандын көз карашы муну Пабыл өзүн эң төмөнкү кул катары көрсөткөн деп кабыл алмак. Бирок бул Кудай Падышалыгы менен кандайча байланышкан?

Түзмө-түз жана жалпысынан! Падышалыктын Евангелиеси ар бир уккан киши үчүн жакшы кабар болуусу ке-

рек. Так эле ошондой эмеспи! Падышалыктын Евангелиеси бу адам эмес, а Ыйса – сиздин Падышаңыз, Теңириңиз, Эгеңиз, Кожоюнуңуз, Башчыңыз, Даңкыңыз болгонунда. Ал сизде жашайт жана Ал сиздин үмүтүңүз!

Эгер мен сизге Кудай Падышалыгына болуу үчүн мага баш ийишиңиз керек жана анын тартибине кирүү керек десем анда бул өзү жакшы кабар эмес! Кимдир бирөөнү рухий башчым же жабуум, же бийлигим деп атоо – бул 1 Тиметей 2:5 аятын четке кагуу: «Анткени Кудай бирөө, Кудай менен адамдардын ортосундагы арачы да бирөө. Ал – адам болуп келген Машайак Ыйса». .

Кызык, биз бирдей эле жекече куткарылуубуз бир гана Ыйса аркылуу болорун жана Ыйса ар бирибизге Башчы экендигине ишенебиз. Биз 1 Тиметей 2:5 аятын буга келтирип, ыйык кызмат кылуучу (священник) күнөөлөрдү кечирүүчү арачы экендигин айткан католикалык жана православиелик догматтан баш тартабыз да, Кудай Падышалыгындагы практикалык коллективдүү жашоого келгенде ошол эле адамдык башчылыкка баш ийүү тууралу православиелик же католиктик догматты үгүттөй баштайбыз. Бизге эгер адам башчыга баш ийип турганда эле Падышалыкта жүрө алышыбызды айтышат. Бизге Машайактын Денесине, Анын коллективдүү көрүнүшүнө арачы керек, ал Ыйса эмес, бөлөк бирөө болушу керек дешет. Качан ушундай болгондо Ыйса жөн эле курулай сөз жүзүндөгү башчы болуп калат да. Бирок ошого карабастан Ыйса дайыма Өз денесинин чыныгы, иш жүзүндөгү башчысы болуп келген. Биздин Ыйса бизге өздүк Теңир деп, андан кийин адамдык башкаруучулукка коллективдүү баш ийүү тууралу окутуубуз – шизофрениялык карама-каршылык десек да болот. Анан кантип ушундан кийин ишенүүчүлөрүбүз ошончолук адашкан жана жемишсиз болуп жатпасын?

Ошондой эле жаңы ишенип калгандарга бардык жыйындардын башчыларынын наразычылыгынын бар болушу таңгалычтуу эмес: алар «козголоңчулдар», «көз карандысызга умтулушат», алар «бийликке баш ийгенди үйрөнүүлөрү» керек дешет. Ал эми иштин баары жаңы ишенүүчүлөр өз Падышасы менен жолугушканында бо-

луп отурат. Алардын жүрөгүндө Падышанын үнү жаңырып, алардын жан дүйнөсүндө Падышанын Руху орун алып, адамдарга болгон Өз максаттары жана сүйүүсү менен толтургандыктан оттой жанып, жаңы Падышасы менен кеткенге даяр турушат. Айланасындагы жыйынга келүүчүлөр болсо, өзүнө гана кам көргөн, тегерегиндеги дүйнө менен өтө аз байланышкан же ага такыр кызыкпаган, жолу эч кайда алпарбаган диний маданияттын маңызы болгон доктринага үйрөтүлүшөт.

Көптөгөн жыйындар «пастор-келүүчүлөр» - 20 жыл мурун кандай болсо, ошол эле бойдон калышкан.

Бирок ушунча убакыт бою алар ойгонуу, имараттардагы орундуктар адамдарга толсун деп күн сайын сыйынып келишет. Алар жаңы келген ишенүүчүдөгү Ыйсанын өмүрүн өлтүрүп алышат да, андан кийин өздөрү жок кылган ушул өмүрдү тирилтүүгө аракет кылып ойгонуу чогулуштарын жыл сайын өткөрүшөт.

Жаңы келген адамды сүргүлөп-жылмалап, ушул динчил системага киргизүү жана башка келүүчүлөрдөгү Чындыкка баш ийүүнүн жетишсиздигин норма катары анын кабыл алуусу үчүн лидер ар кандай психологиялык мажбурлоолорго, басымга, эмоциялык манипуляцияларга, жүрүм-турумдун «дрессировкаларына» чейин барат. Жаңы келген адамга сага чейин ишенип калышкан бул тил албас, рухий муздак, бирок жакшы эле адамдар, ишенимдеги аксакалдарың, сага туураганга үлгү деп ынандырыш үчүн Ыйык Жазуу бурмаланат жана туура эмес колдонулат! Бул – Машайакты жолдоочуну эмес, а прозелитти өстүрүү процесси. Бул кимдир бирөөнү кайсы бир жыйынга ушунчалык даражада катуу бекемдешет дейсиң, ал кийин Ыйсага караганда ошол мекемеге көбүрөөк берилип, арналып калат.

Башчылыкка же мекемеге мындай берилгендик бара-бара криминалдык топтор талап кылган ишенимдүүлүккө окшошо баштайт. Сиз жогоруда турган адам жаман иштерди жасап жатканын көрүп-билип турсаңыз да, туруктуу болуп кызмат кыла бересиз. Чындык менен ак ниеттүүлүк маселелери бузулуп жатса да сиз башчыңызга ишенимдүү бойдон каласыз. Ал эми

бирөөгө болгон ишенимдүүлүк чындык жана ак дил маселелеринен жогору боло баштаганда, сиз Кудай Падышалыгынан чыгып каласыз да. Сиз криминалдуу уюмдасыз жана көп учурда динчил башчылар кимдир бирөө аларды алдоочулугун же эки жүздүүлүгүн ашкерелегенге аракет кылса, кылмышкердей эле иш кылышат!

Эмесе бул кантип Лука 10 менен байланышкан? Биз Кудай Падышалыгын адамдарга көрсөтүп, оорулууларды айыктыргандан кийин ал жакындап калды деп жарыялашыбыз керек. Мындан кандай жылыш болот? Эгер бирөөнүн бейтап уулу, күйөөсү, кызы, аялы же атасы сиздин сыйынууңуз менен айыгып кетишсе эмне болот? Алар сизди аябай сыйлап, урматтап калышат эмеспи. Сиз аларды башкарып «хан» болуп алыш үчүн мындай мамилени оңой эле пайдалансаңыз да болот. Деги кандай кылыш керек? Сиз анда Кудайдын Падышалыгы жакындап калды деп жарыялашыңыз керек. Бул эмнени билдирет? Бул ошол үйдүн кожоюну жана мүчөлөрү каалаbackground Кудай Падышалыгна кире алышат жана сиздей эле оорулардын, жиндердин үстүнөн бийликке жетишет дегенди түшүндүрөт. Ал эми сиз болсо, үйдүн ээлери Кудай Падышалыгына кирип, Ыйсаны өздөрү таанышсын үчүн жиберилген жана Кудай Падышалыгын көрсөткөн «апостол» элесиз.

Биз караңгылыктын үстүнөн Падышанын бийлигин көрсөтүү аркылуу Падышалыкты чагылдырабыз. Ошондой эле биз кызматчы катары калып, Падышаны урматтаганыбыз менен Падышалыкта жашоонун үлгүсүн көрсөтөбүз. Биз эч качан Кудай менен адамдын ортосунда арачы болбойбуз. Биз эч качан бирөөлөрдүн үстүнөн руханий башчы болуп калбайбыз.

Мусулман маданиятында бул өзгөчө аяр маселе. Кээ бир мусулмандар чындык үчүн жанын берүүгө даяр болгон изденүүчүлөр. «Мусулман» деген сөз «Кудайга тил алчаак» дегенди билдирет. Бирок эгер буларга Кудайдын Падышалыгына кирүү үчүн чет өлкөлүк диний маданиятка, чет өлкөлүк руханий иерархияга баш ийиш керек же чет өлкөлүктөрчө курулган имаратка кириш керек десе –

бул аябагандай чоң азгырык, анткени алар өз ичтеринен мындай тууроо же баш ийүү туура эмес экенин сезишет..

Мы являем Царство Божье в их домах и их культурах. Мы никогда не становимся царями, но всегда слугами и наше служение – проявить Царство Божье таким образом, чтобы мы могли свободно войти в него через Иисуса и лишь Него, и жить в нем в послушании только Иисусу. Конечно, это относится к любой культурной или этнической группе.

## 3. КИМ БАШЧЫСЫ?

Адам тарабынан түзүлгөн бардык мекемелердеги жана келген кишилери бар ар бир жыйындардагы биринчи эле суроо «а анын башчысы ким экен?» деген суроодон башталат. Акыл-эсибиздеги уюмдашкан түзүлүштүн сүрөтү автоматтык түрдө пирамиданын, иерархиянын элесин берет. Биз ошол уюмдабыз десек, анын кайсы бөлүгүнө кирерибизди элестетишибиз керек. Жергиликтүү жыйындардагы ресурстарды күчтүү борборлошкон бийлик жана көзөмөл аркылуу бөлүштүрүү боюнча сөзсүз боло турган кагылыштарды болтурбоого жаңы апостолдук кыймылдар аябай аракет кылышкан. Алар бул баштапкы жыйында болгон нерсенин «кайра жаралуусу» деп айтышканы менен Рим Папасы учурунда курулган эски система болуп саналат. Папа, ыйык кызматчы, кардинал, епископ, поп болсо апостол, пайгамбар, пастор, аксакалдар менен алмаштырылат. Бул көптөгөн майда попторду, көптөгөн кулдарды, көптөгөн көйгөйлөрдү туудурат да, баштапкы жыйындар менен эч кандай жалпылыгы жок болот. Пирамидалар - өлүк адамдар үчүн. Пирамидаларды кулдар курушат!

Бирок Лука 10 бизге башкача сүрөттү тартат. Баштапкы жыйында эмне болгон? Сиз бирөөнүн үйүнө барсаңыз, анда ал жерде жөн гана конок болосуз. Сиз эч качан башчы, кожоюн болбойсуз. Эч качан аларга эмеректерди кандай коюш, үйдү кандай жайгаштырыш

жөнүндө акыл үйрөтүп, жакшы көргөн тамагыңызды талап кылбайсыз.

Сиздин милдетиңиз – үйдүн кожоюндарын өз үй-бүлөсүнүн пастору/багуучусу/епископу/аксакалы болууга үйрөтүү аркылуу Падышалыкты көрсөтүү (бул түшүнүктөрдүн бардыгы Жаңы Келишимде эквиваленттүү же бир-бирин алмаштыра алат – Элчи иштери 20:17 и 20:28). Кудай Падышалыгынын жердеги чагылышы, таасири жана табигый кадыр-баркы – үй-бүлө аркылуу болот.

Көптөгөн салттуу жыйындар менен системалардын кайгылуу реалдуулугу – алар үй-бүлөдөгү жана үйлөрдөгү кадыр-баркты талкалашат. Уюмдардын программалары күч жана убакыт талап кылган үй-бүлөлөр менен конкуренцияга чыгышат. Анын кесепеттеринин бири - ишенгендердин үйүндө чоңойгон көптөгөн балдар чоңойгондо ишенимден кетип жатышат.

Качан сиз Падышалыкты жарыялап жатканыңызда аны менен кошо жаңы шакиртиңиз – ыйык кызмат кылуучулардын Падышалыгынын, падышалык ыйык кызматчылардын, ыйык элдин мүчөсү (1 Петир 2:1-10), Асман Атасынын кызы же уулу (1 Жакан 3:3-1), Ыйсанын каны аркылуу Ыйыктын Ыйыгына киргенге мүмкүнчүлүгү бар (Еврейлерге 10:19-25, 12:22-24), бардык чындыкка жетектеген ичинде Ыйык Руху бар (Жакан 16:13-15 и 1 Жакан 2:24-27), Кудай Өз мыйзамдарын жаза турган жаңы жүрөгү бар (2 Корунттуктарга 3:3), Ыйсаны даңкы жана Башчы катары кабыл алган (Колостуктарга 1:18) жана баарына Машайакта ээ экендигин жарыялайсыз (Ефестиктерге 1-3 мене 1 Корунттуктарга 3:21-23).

Мунун баарынын адамдык лидерликке кандай катышы бар? Лидерликтин негизги милдети – Машайакта ким экендигине, Кудай жетектеп жүрөт деген таянычка негизделген ишенимге негизделген Падышалыкты чагылдыруу. Адамдык лидерликтин мааниси – Машайактын бардык жагынан Эгелигине адамдарды шыктандыруу жана сүйүү.

*«Биз силердин ишенимиңердин үстүнөн бийлик кылып жаткан жокпуз, тескерисинче, силердин кубанышыңарга өбөлгө түзүп жатабыз, анткени силердин ишенимиңер»*
(2 Корунттуктарга 1:24). .

1 жана 2 Корунттуктарга жазылган каттар бою Пабыл корунттуктарга өз көйгөйлөрүн чечип, күнөөдөгү бир тууганды тартипке чакыруу үчүн кеңеш айтууга умтулат. Ал муну кылгыла деп аксакалдарга жазбайт! Ал бийликтин даражаларынын протоколун карманбайт же башкаруунун деңгээлдеринин чынжырларына көңүл бурбайт. Ал бүт жыйынга жазат жана алар адилдик деген бар экендигин билишкендиктен ага шайкеш иш кылууларын өтүнөт, анткени ал аларды сүйөт жана дайыма баа төлөп кызмат кылып келбеди беле.

Кудай Падышалыгындагы лидерлик – бул өз жеке үлгүсү менен сабак болуу, кеңеш берүү, насааттоо. Бул кеңеш акылмандарга да, акылсыздарга да берилет, бирок акыркы чечим кийин ушул чечимдер менен жашай тургандарга калтырылат.

Мунун маңызы – Кудай балдарын Кудай алдында тургузуп, өз жоопкерчилигин алышы үчүн жана Ыйсага Өз жыйынын курганга жол берүү. Көптөгөн азыркыл жыйындарда лидерлик бир нерсеге уруксаат берүү же бербөөдөн, бир нерсеге колдоо же колдобоодон, бата берүү же бата бербөөдөн көрүнөт. Ал «ооба» же «жокко» негизделген. Кызматчылар атүгүл адеп-ахлактык гана эмес, а жеке маселелерде да эмне кылса болот, эмне кылбаш керек экендигин сизге айтып турушат. Көзөмөл менен буйруктар кантип Кудайдын кызматташы, партнеру болуш керектигин билбеген руханий майып балдарды жаратышат.

Чоң уюмдарда катуу башкаруу жана көзөмөл болушу керек деген кеңири таралган пикир бар.

Мүмкүн, бул туурадыр, бирок Ыйсанын жыйыны чоң жыйын болсун деп ойлонулду беле? Эгер Ыйсаны угуп, шакирттерди үйлөрдө тарбиялап, көбөйтсөк, ар бир жыйын кичине болгондуктан анын бардык мүчөсү өз мурасын ээлөөнү, Өз Мырзасынын үнүн угуп, тил алууну, бир-бирин күткөндү б.а. чыдамдуулук менен бир-бирине өсүүгө жол

берүүнү үйрөнөт. Ыйса Машайактын жыйыны – бу он экинин жыйыны. Ыйса Машайактын жыйыны - бул Анын денеси. Мындай майда организмдер бүт Рим империясы боюнча таралып кеткен да, калктын он проценти христиан болуп калышкан. Алар муну борбордук офиси, иерархиясы, бийликтин көзөмөлүсүз жана акча, каражат жыйнап бөлүштүргөн системасыз эле жасашкан. Ар бир ишенүүчү өз жүрөгүндө уюмдун ДНК клеткасын алып жүргөн. Ар бир ишенүүчү Эгесинин ДНКсына ылайык башка шакирттерди тарбиялап чыгарган. Ал эми Баш жана Анын денесинин ортосунда адамдык лидерлик келгенде баары баш аламан болуп кетет! Тирүү организм уюмга, мекемеге айланганда баары кыйшайа баштайт.

Биз ушунчалык өзүбүз билген жыйынга көнүп калгандыктан Ыйсанын жыйынын башкача элестете албайбыз! Ушунчалык адамдык лидерликти кабыл алып, ага муктаж болгонду, ага аябай таянганды «үйрөтүп» коюшкандыктан бир гана Ыйсага болгон таянууну чагылдыруу козголоңчул өз алдынчалык катары саналат!

Лука 10 бөлүмүндө Ыйса ойлонуштурган жыйынга эмнени салыштырса болот? Эмен жыгачынбы же кулпунайдын көчөттөрүнбү? Пилдиби же кроликтиби? Ооба, Кудай алардын баарын жаратканы менен Лука 10 бөлүмдү угуп тил алгандан жаралган жыйынды эмне мүнөздөйт? Жооп бирөө эле! Кулпунайдын көчөттөрү менен кроликтер. Пилдер жана эмен дарактары үчүн Кудайга шүгүр, бирок эмне үчүн адамдар өжөрлүк менен ошолорду кура беришет? Эмен дарагында же пилдин үстүнө так тургузса болот, анда бүт дүйнө сизди көрө алат жана кандай укмуш кызматыңыз бар экенине күбө болушат. Бирок кулпунайдын көчөттөрүнө отуруу же кроликке минүү кызыктай эле көрүнмөк.

Ошентсе да кулпунайдын көчөтүн жердин тилкесине отургузса, ал бат эле мурутчаларын чыгарып, башка көчөттөрдүн жаралышына алып келет. Ар бир көчөт өз тамырын кое берет да, Өмүр Суусун издеп, Уулдун сүйүүсүнө каныгып, жалбырактарын жаят да, бат эле бүтүндөй талаа

кулпунайдын көчөттөрүнө толуп кетет. Алар өз ара мамилелер менен байланышат, бирок бир-биринен көз каранды болушпайт! Анан кайсы кулпунайдын көчөтү алардын ичинде биринчи болгонун табуу мүмкүн эмес болуп калат!!

Эгер эки коёнду эки жылга калтырып койсо, анда эки жылдан кийин жок эле дегенде миллион коён жаралат. Эгер эки пилди эки жылга калтырса, анда алар бир гана пилди чыгарышат жана бул үчүн аябай көп ресурстарды сарп кылышат.

Лидерлерсиз уюмдардын «проблемасы» - аларды байлык түзүү үчүн колдонуу кыйынга тургандыгында. Иерархиялар байлыктын бүтүндөй агымдарын жаратышат. Адам өзү түшүнбөгөн нерседен айлыгы көз каранды болорун аңдабасын кимдир бирөө айткан эле.

Бир жаңы таанышым жергиликтүү семинарияда докторлук даража алуу үчүн окуп жатат. Андагы көптөгөн магистрлер менен докторлукка кандидаттар жөнөкөй, табигый жыйындар жөнүндө талкуулашып, бул библиялык үлгү экендигине ынана башташат. Бирок бул алар үчүн массалык көйгөй болуп саналат. Алар чоң жыйындарда атайын адис кызматчы болуу үчүн жылдар бою окушкан да. Эгер алар табигый жыйын тууралу ойлорунун натыйжасын жана Ыйсанын буйругу – мекемелерди куруу эмес, шакирттерди тарбиялоо экендигин кабыл алышса, анда өздөрүнө жана үй-бүлөлөрүнө оокат кылуу үчүн башка жолду тандаганга туура келмек.

Деги ким мында негизги башчы?

Ыйса!

## 4. ДАЙЫМА КЫЗМАТЧЫ ЖАНА ЭЧ КАЧАН ПАДЫША ЭМЕС, ЖЕ АКСАКАЛДАРЧЫ?

Лука 10 - бөлүмүн призма катары бүткүл Жаңы Келишимди карасаңыз, үйдөгү жыйын тууралу 15 түздөн түз жана 15 кыйыр сөздөрдү көрө аласыз (Тиркеме №2 кара). Бул жыйындарда тынчтыктын адамын өстүрүшкөн жана ал өз үй-бүлөсү жана достору үчүн койчу/пастор/епископ/аксакал болуп калган.

Бирок аксакалдарды, же пресвитерлерди таанууну кайда алпарабыз? Бул иерархияны эске салбайбы? Табигый жыйын менен мунун кандай жалпылыгы бар?

Баарынан мурун биз мүмкүн «кол коюу» (шайлоо) деген терминден алыс болушубуз керек окшойт. Диний уюмдарда болчу «кол коюу» эрежеси бийлик менен орун иеархияда жогору турган бирөөлөр аркылуу берилерин билдирет. Мунун ордуна 1 Тиметей 3 жана Тит 1 бөлүмдөрүндө Пабыл айткан процесс жеке кишиге түшкөн Кудайдын ырайымын таануу катары мүнөздөлөт. Бул жеткилең жемиш алып келүү менен аныкталат дагы. Ошондой эле чыгыш маданиятында болчу жаш жагынан улуу, Кудайдагы убактысы боюнча тажрыйбалуу адамдарды сыйлоо өңдүү көрүнүштөрдү эске алышыбыз керек окшойт. Бул жаштарды жөндөмү, жылдыздуулугу, харизмалуулуна карап, алдын ала көтөргөн батыш стили эмес. Бул ийгиликтүү турмуштук тажрыйбасына жараша аксакалдын жоопкерчилигин көтөрө алган кишилерди сыйлаган чыгыштагы көрүнүш.

Ушундай жол менен Пабыл Критти кыдырып, бир нече үй жыйындарын негиздеген. Андан кийин ал Титти ал жакка жиберип, аксакалдарды коюп келишин өтүнгөн (Тит 1). Тит мында ушул мезгил ичинде көрүнгөн алардын жөндөмү, талантына эмес, алардын мүнөзү, өз ара мамиледе акыл-эстүү аракетине карашы керек экендиги айтылган. Лука 10-бөлүмдүн призмасынан карасак, бир үйгө бир аксакал адам, пресвитер дайындалган болчу, ошондой эле ал өз үйүнөн тышкары да кызмат кылып, шаардагы башка жыйындардагы чогулуштарга акылнасаат да айта алчу. Кээ бир үй-бүлөлөрдүн башчылары өз жашоолорунда жемиши болбогондуктан аксакал катары таанылышпаган. Ал эми ушундай жемиштери барлар Криттеги жыйындардын пресвитерлери деп аталышкан. Келгиле, Пабылдын эфестик пресвитерлерге кайрылуусун ушундай өңүттө карайлы.

Ушуга окшогон көчөт отургузуу, иш жүзүндө сыналуу жана таанылуу Эфесте да болуп өткөн жана Пабыл Иерусалимге акыркы жолу бара жатканда пресвитерлерди чакырып алып мындай деп эскерткен эле:

*«Анткени мен кеткенден кийин араңарга үйүрдү аябаган жырткыч карышкырлар кирерин билем. Шакирттерди ээрчитип кетүү үчүн, өзүңөрдүн эле араңардан чындыкты бурмалап сүйлөгөн адамдар чыгат»*

(Элчи иштери 20:29-30)..

Ал эки коркунучту көргөн. Алардын бири сырттан келген «жырткыч карышкырлар» болчу. Бул тууралу ал 2 Корунттуктарга 11 бөлүмүндө да айткан. Булар акча жана бийликке эле кызыккан жалган апостолдор. Пабыл сырткы ушул коркунуч жөнүндө кайрадан Тит 1:11 да айтат: : *«Алардын жаагын жап кылуу керек. Алар өз керт башынын уятсыз кызыкчылыктары үчүн окутпаш керек болгон нерсени окутуп, кээ бир үй-бүлөлөрдү толугу менен бузушат».*

Экинчи коркунуч ич арадан келип чыккан: кээ бир пресвитерлер шакирттерди өзүнө тартып алышы мүмкүн. Мунун кандай мааниси бар?

Пресвитер – бул өз үйүндө да, үйүнөн тышкары ошол шаарда да пресвитер катары таанылган бирөө. Мындай кызматчылардын жоопкерчилиги баарыдан мурун айрым үй жыйындарынын дени сактыгын Падышалыктагы өз жашоосунун үлгүсү аркылуу көрсөтүү; экинчиден кол коюп сыйынуу аркылуу айыктыруу кызматына ээ болуу; үчүнчүдөн башка ошол жердик жергиликтүү жыйындар менен алака түзүшүп, кызматташуу, төртүнчүдөн аларга ошол аймактагы үй жыйындарын көбөйтүүгө жардамдашуу; бешинчиден локалдуу түрдө ачылып жаткан айрым бир кызматтарга көмөктөшүү, мисалы, Пабыл македондуктар жана корунттуктардан белек жыйнап, ачкачылыктан жабырланып жаткан Иудеянын жыйындарына ташып жеткирген.

Кызматчынын ушул беш функциясын аткаруунун ордуна кээ бир пресвитерлер өз жөндөмдөрүн Падышалыкты бурмалап, башка үй жыйындарынан шакирттерди өзүнө чакырып алууга колдонушкан эле. Эгер алар үйдө кызмат кылып, Лука 10-бөлүмдөгү милдеттерди уга беришсе, анда алар кызматчы кул бойдон калышат. Алар

дайыма жолго чыкканга жана жаңы тынчтыктын үйлөрүнө Ыйсанын жолдоочулары болуп калууларына жардам берип турушат

Бирок эгер пресвитерлер шакирттерди азгырып, өзүнө тарта башташса, анда алар падышага айланып калуулары мүмкүн. Алар өз жөндөмдөрүн, майлоосун, күчүн Жыйыны үстүндөгү Ыйсанын ордун ээлеп алганга жумшашы ыктымал. Алар өздөрүнө орун, бийлик, байлык түзүү үчүн пайдубал куруп, көбөйүү процессине зыян келтирүүсү да мүмкүн. Пабыл кул катары кызмат кылууга жөнөбөй эле айланасына киши топтоп калгандар буга «окутпаш керек болгон нерсени окутуп» жетип жатканын айтат.

Бирок азыркы христиан дүйнөсүндө бир топ кишилерди артынан ээрчитип жүргөндөр аябай ийгиликтүү кишилер катары саналып, конференцияларды уюштуруп, башкаларды «окутпаш керек болгон нерсени окутуп» жатышат.

Ошентип, пресвитерлер атайын таанылып, дайындалышкан. Ага карабай алар башкаларга эмне кылыш керектигин айтуу үчүн жашап турушкан эмес. Алар бир нерсеге уруксат берип же бербей чечим чыгарышкан эмес. Алар адамдарга кызмат кылышкан жана Машайактын өз ара бир-бирине карата буйруктарын кантип аткарып жашаш керек эендиги тууралу башкаларга үлгү болушкан. Алардын милдетине башка адамдар кандай кызмат кылышы керек дегенди чечүү кирген эмес. «Дайындоо», «колдоо», «уруксаат берүү» - бул Жаңы Келишимдик пресвитериандык кызмат болгон эмес. Жаңы Келишимдик аксакалдар – үй жыйындарынын жеткилең, жемиштүү башчылары болуп, ошонун негизинде башка үйлөргө кызмат кылууга жөндөмдүү деп табылышкан. Эгер алар артынан көптөрдү тартып, ээрчите баштаса, анда бул өз кызматын бурмалоону билдирген. Эгер алар бир нерсеге уруксаат бергенге же бербегенге бийлиги бар немелерге айланышса, анда алар мунусу менен Дененин Башы болгон Ыйсанын ордун ээлеп калышпайбы..

Сиз үй башчысы, аксакалсызбы? Адамдарды сүйөсүзбү? Эгер андай болсоңуз, аларга өзүңүзгө каала-

гандай Ыйсадагы эркиндикти бере аласызбы? Жана аларга момундуктун, ак ниеттиктин, акылмандыктын жеке үлгүсүн көрсөтө аласызбы?.

## 5. ЫЙСА СӨЗ ЖҮЗҮНДӨ ЭМЕС, РЕАЛДУУ БАШЧЫ

О Падышаны кантип сыйлаганыбыз аркылуу Падышалыкты чагылдырышыбыз керек. Үйдө жыйын кантип жашап турат? Падышалык кылган Ыйык Кызматчылардын тобу кантип иш аткарышат? Машайактын дене мүчөлөрү кантип иш жүзүндө алардын жалпы башчысы ким экендигин көрсөтүшөт? Кантип Ыйык Рухтун тирүү таштары ичинде үй кылып жашап жаткан Кудайга карата өз табынуусун жана урматтоосун көрсөтүшөт? Жаңы Келишимде Машайактын Денесин сүрөттөгөн салыштыруу сөздөрү «денеден» баштап «ийбадатканага», андан ары «үй-бүлөгө» жана «армияга» чейин жетет. Ал эми «аудитория», «угармандар менен көрүүчүлөр» деген сөздөр менен Машайактын Денеси таптакыр сүрөттөлбөйт.  Дене жыйындагы кызматты көрүп, суперлидерлердин чыгып сүйлөгөн сөздөрүн угуш үчүн курмандык төлөп отурган пассивдүү байкоочулар эмес. Жыйын ыйык кызматчылар жана келүүчүлөр, гладиаторлор жана көрүүчүлөргө бөлүнгөн эмес. Эгер биз Ыйык Рух ар бир ишенүүчүдө жашай турганына ишенсек, анда муну ар бир мүчөнүн активдүү катышуусунан аларда жашаган Рухту көрүшүбүз керек..

Жаңы Келишимде кыркка жакын «бир-бириңерге» карата деген буйруктар бар: «бир-бириңерди сүйгүлө», «бир-бириңерди күткүлө», «бир-бириңердин жүгүңөрдү көтөргүлө», «бир-бириңерге чындыкты айткыла», «бирбириңерге Кудайдын коркунучу менен баш ийгиле» деген өңдүү буйруктар бар (толук тизмени 3-Тиркемеден караңыздар). Эгер биз аларга «жакыныңды өзүңдөй сүй» баш болгон жакындар жана бир тууғандар тууралу аяттарды кошсок, анда өз ара мамилелер жөнүндө осуяттардын саны жетимиштен ашып кетет.

Бирок экинчи жагынан Теңирде биздин үстүбүздө

тургандарды сыйлаганга чакырган алты гана аят бар. Бул аяттардын кайсы тобуна салттуу жыйындарда басым коюлат? Албетте! Лидерлерге баш ийүү тууралу жанагы бир нече аяттар... Мындай тандалган басым коюу ересь мамилени жаратат. Бул аяттар иерархияны негиздөө үчүн тартылат да, жеке Биринчи Ыйык Кызмат Кылуучу алдындагы ыйык кызматчылардын денеси тууралу көп аяттар эске алынбайт. Бул Американын Түштүгүндөгү кулчулукту же Түштүк Африкадагы апартеидди актоо үчүн Ыйык Жазууну бурмалоо, туура эмес колдонгон мезгилге окшоп кетет. Ал кезде теңчилик жана бир туугандык тууралу аяттар эч качан айтылган да эмес эле.

Мындан тышкары аксакалдарды сыйлоо тууралу бардык эле аяттар «бир-бириңерге» б.а. «бирдейликке» байланыштуу мамилелер жана осуяттарга толгон контекст менен курчалышкан. Ошентип, Ефестиктер 5 бөлүмдө сүрөттөлгөн өз ара мамилелердин структуралык түзүлүшүнүн алдында «бир-бириңерге Кудайдын коркунучу менен баш ийип» деген аят бар (5:21). 1 Петир 5:5: «ошондой эле жаштар, Жыйын башчыларына баш ийгиле» деген деген жери ушул эле аятта «бардыгыңар бир бириңерге баш ийип, момун болгула» деген сөздөр менен коштолот. Ооба, лидерлер бар. Ооба, көп нерсе лидерликке байланыштуу төрөлүп же өлүп кетиши мүмкүн. Бирок 1 Петир 5:3 аятта айтылгандай, биз» «Кудайдын энчисинин үстүнөн үстөмдүк кылуу менен эмес, үйүргө үлгү болуу менен кайтарышыбыз» керек. Өзүнө кыйынчылык, азаптарды алганды каалаган биринчи катарда болуп, элди ээрчитүү, башкалар үчүн биринчи болуп жанын берүү, биринчи болуп кечирип, биринчи болуп «туура эмес кылыпмын, кечириңиз» деп моюнга алуу. Биздин башчылыгыбыз маңызы боюнча таңууланбай, үлгү жана табигый таасир болушу керек. Баш ийүүнү талап кылган лидер бардык адеп– ахлактык, руханий баркын жана жүзүн жоготуп коет

Бул динчил, кулчулуктагы кошоматчыл менталитет эмес. Бу кандайдыр бир жалган момундук эмес..

Ооба, биз Машайак менен асманга отургузулган-

быз. Бирок биздин «ой жүгүртүүбүз Машайак Ыйсанындай болушу керек. Ал Кудайдын бейнеси болгондугуна карабастан, Өзүнүн Кудай менен теңдигин олжо деп эсептеген жок. Бирок кул кейпин кийип, адамга окшош болуп, сырткы көрүнүшү боюнча адамдай болуп, Өзүн Өзү басынтты» (Филиппиликтерге 2:5-8). .

Бирдей сезимге, бирдей ой жүгүртүүгө ээ болуу! Ошентип, эгер Ыйса айрым мүчөлөрдүн жеке Эгеси гана эмес, Өз Денесинин реалдуу башчысы болсо, анда Денедеги негизги тартиптердин бири – бизге тиешелүү болгон нерседен баш тартуу, курмандык кылуу, бир-бирибизди күтүү. Бул 1 Корунттуктарга 11:27-34 айтылган нерсенин негизги мааниси. «Көпчүлүгүңөр алсыз жана оорусуңар жана көбү өлүп жатышаттын» себеби жеке, индивидуалдуу күнөө болгондугунан эмес. Кеп чогуу тамак ичүүгө болгон мамилеси менен алар Машайактын Денесине болгон жалпы мамилесин көрсөтүшкөндүгүндө жатат.

Биз нанды бир дене болгонубуздун символу катары жейбиз. Жалпы жашоо жана тагдырды бөлүшөрүбүздүн символу катары чөйчөктөн ичебиз. Ал кайра келгенге чейин Анын өлүмүн жарыялайбыз. Өлүм бизди бир бүтүн нерсе кылды деп жарыялайбыз. Тамак ичүү үчүн чогулганыбызда биз бир бирибизди күтүшүбүз керек. Ал эми Корунтта кандай көйгөй болгон?

Теңирдин Кечки тамагы – бул жайнаган дасторкон, чыныгы тамак. Колунда бар адамдар түрдүү тамак-аштарды алып келип, өз алдынча ичип жеп отурушчу. Ушул эле учурда жардылар ачка кетишчү.

Байлар жардыларды уяткарышчу. Алар «Теңирдин Денеси» тууралу ойлонушчу эмес. Жардылар деле байлар сыяктуу Теңирдин денесинин мүчөлөрү болушкан да. Жардыларга болгон мамилеси менен байлар Ыйсаны жана Ал эмнеге өлгөндүгүн сыйлашпай турган.

Буга кандай чечим? *«Кечки тамакка чогулганда бир-бириңерди күткүлө»* (1 Корунттуктарга 11:33).

А эгер сиз аябай ачка болуп турсаңызчы? Анда башкаларга азгырык болбос үчүн келер алдында бир жерден түштөнүп ал деген кеңеш берилген (1 Корунттуктарга 11:34).

А эгер өзүн да, үй-бүлөсүн да бага албай турган кедей адам келсечи? Анда ал дагы чогулуштун алдында үйүнөн тамак ичип алышы үчүн кам көрүп жалгап койгула, антпесе анын муктаждыгы дасторкондун үстүндө башкалардын арасынан аябай байкалып калат да, сиздин сыйлаганыңыз анын намысына тийбесин. Кандай гана болбосун Машайактын денесинин мүчөсү катары анын да ар-намысы бар да.

Бир-бирин күтүү – көп колдонууга ээ принцип. Эгер чын эле Машайактын башчылыгын үстүмөн сезип турсам, анда мага караганда Кудайда улуураак, жеткилең кишилерди сыйлап, күтүп турам. Мен алардагы Машайакты тааныйм. Ал тууралу Еврейлерге 13:8 – «Ыйса Машайак кече, бүгүн жана түбөлүккө ошол эле бойдон» деп айтылган. Ыйык Жазуунун бул аяты бир эле Ыйса тууралу айтпайт. Ооба, Ал ошондой, муну атайылап баса көрсөтүүнүн деле кереги жок. Кудайдын ырайымы өз жашоолорубузда күн сайын Ыйсаны чагылдырып, көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берип жатканы таңгалдырбай койбойт. Бул аят адам өмүрүндөгү жемиштер тууралу айтып жатат. Биз Ыйсаны кимдир бирөөнүн жашоосунан көрүп жатабызбы? Биз ошол ишенимден үлгү алып ээрчишибиз керек. Ыйсаны дайыма көрсөткөн кишилер биздин баш ийүүбүздү талап кылып отурашпайт!

Эгер чын эле Машайактын Денесинин жеткилең мүчөсү катары Ыйсаны башчыбыз деп тааныган жашоо менен жашап жатсак, анда Аны жаңы эле ишенип калган кишиден да тааныйбыз. Ооба, Машайакты алардан да көрө алабыз. Эгер мен өзүм Машайакта ким экенимди билсем, анда эч качан мага иш ийүүгө эч кимди чакырбайм. Эгер алар менден Ыйсаны көрүшпөсө жана Ыйык Рух аларга эчтеме айтпаса, мен эмне кыла алам? Мен кантип кыла алам?

## КӨП БЕРИЛГЕН СУРООЛОР

**1.«Рухий аталарды» эмне кылабыз? Кудайдагы тагдырыбыз ишке ашсын деп жолго салып, насааттаган рухий аталар бизге керекпи?**

Ооба, Пабыл Тиметейди «ишенимдеги чыныгы уулум» деп атаган (1 Тиметей 1:2) жана ага таалим берип, шыктандырып, насааттап жүрсө керек. Пабыл ошондой эле көптөгөн окутуучуларга караганда чыныгы аталар көбүрөөк болсо деген тилегин да айткан эле (1 Корунттуктарга 4:5).

Пирамидалык структуралардагы рухий аталар боюнча көйгөй – алар бул түшүнүктү көзөмөлдөө, финансы менен камсыз кылуу жана алга жылдыруу системасына айландырып алышат. Эгер талап бар болсо, анда ар бирөө рухий атага ээ болуш керек жана баласы ал атасына ондуктарын берүү аркылуу сыйлап турушу керек болот.

Нундун уулу Жашыя Мусанын, Элиша Илиястын, Тиметей Пабылдын алдында болгон деген сыяктуу мисалдар келтирилет. Мындай мамилелерден келип, сизге сөзсүз бирөөнүн аталык мамилеси керек, ал гана Кудайдагы багышталган ордуңузду ачып берет деген жыйынтык чыгарылат. Ал эми ушул эле фактылардан Мусанын да, Илиястын да, Пабылдын да рухий атасы болбогону белгилүү. Алардын үлгүсүнүн эки жагы бар. Улуу агага, насаатчыга, рухий атага ээ болуш кандай сонун, бирок бул сөзсүз боло турган муктаждык эмес. Бул кемчилик алардын Кудайдагы милдетин аткарганга тоскоол да кылган эмес.!

Чынында Пабыл атүгүл Ыйса тууралу ачылышты Ыйсанын Өзүнөн алгандыгынын далили катары ишеним боюнча устаттары болбогондугуна шилтеме берген: «Кээ бирөөлөр тарабынан кадырлуу деп эсептелгендер (алардын качан, кантип кадырлуу болушкандыгы мен үчүн мааниге ээ эмес, анткени Кудайда бет карамалык жок) мага эч кандай кошумча нерсе жүктөшкөн жок» (Галаттыктарга 2:6). «Кадырлуу деп эсептелгендер» деп ал Иерусалимдеги апостолдорго карата айткан! Чыныгы рухий аталар балдарын бир Асмандагы Атага түрткүлөшөт жана мамиле курууда туура эмес орун ээлебеш үчүн Ыйсанын сөздөрүн жүрөгүндө сакташат. Ыйсаны чын эле көргөндөр өзүн же башка лидерлерди өтө деле олуттуу карашпайт: *«Ал эми силер «Устат» деп аталбагыла, ант-*

*кени силердин бир гана Устатыңар бар, Ал – Машайак, силер болсо бир туугансыңар. Жер үстүндө эч кимди «Ата» дебегиле, анткени силердин бир гана Атаңар бар, Ал – асмандагы Атаңар. «Жол башчы» деп да аталбагыла, анткени силердин бир гана Жол башчыңар бар, Ал – Машайак. Араңарда ким чоң болсо, ал силерге кызматчы болсун. Анткени ким өзүн көтөрсө, ал басынтылат; ким өзүн басынтса, ал көтөрүлөт» - Матай 23:8-12.*.

Ал эми өз балдарынан ондук талап кылып жаткан аталарды кантебиз? Пабыл акча талап кылуу аларды ата катары баркын түшүрөт деп айтмак жана корунттуктарга өзүнүн аталык мамилеси тууралу мындай дейт: *«... силерге оордук келтирбейм. Анткени каалаганым силердеги эмес, силерсиңер. Балдары ата-энеси үчүн эмес, ата-энеси балдары үчүн мал-мүлк жыйнашы керек» (2 Корунттуктарга 12:14)..*

**2. А апостол Иван же Жимми пайгамбарчы? Чындыкпы же жокпу?**

Ыйсанын Матай 7:21-23 аятындагы сөздөрүнө ылайык «жалганчылар» кереметтер менен аяндарды жасай алышса да, жашоолорунда мыйзамсыздык жасап, Атанын эркин аткарбай, Аны билбештери да мүмкүн. Ыйсанын ысмынан жасалган кереметтер өзүнөн өзү кызматтын чын дилден, ак ниеттен экендигин далилдей албайт. Бардык жөндөмдөр менен таланттар да чыныгы жүзүн айгинелешпейт. Ага караганда мүнөз, жашоо жана өз ара мамиледеги ыймандуулук кызматчынын жөндөмдөрүнүн, кызматынын чын жүрөктөн, ак ниеттен экенин көрсөтүп турат.

Матай 23 бөлүмдөгү Ыйсанын сөзү боюнча «жалган кызматчылардын» белгиси – алар адамдарга оор жүк артышат (мисалы, сөзсүз ондуктарыңарды алып келесиңер дешет) жана чин, наам, кызмат орун менен коомдук атакты сүйүшөт.

Матай 20:25-28 аяттарына ылайык «жалгандар» лидерликтин стили боюнча таанылышат. Ал Ыйсанын үлгүсүндөгү курмандыкkка барган кызмат эмес эле, дүйнөдө кандай болсо ошондой болуп калат..

Элчи иштери 20:30 ылайык «жалгандар» бузулган

сөздөр аркылуу элдерди ээрчиткени менен байкалышат (сөзсүз руханий атаңар болсун деген окутууларга окшоп).

2 Корунттуктар 11 бөлүмүндөгү Пабылдын айтканына ылайык, жалган апостолдордун белгилери – адамдардын үстүнөн кантип өздөрүн бийликке коюшканы жана элден акчаны кантип алып жаткандыгынан билинет.

«Жалгандар» өздөрүн акча менен бийликтен көз каранды экендиктеринен билгизип коюшат. Алар керемет жасай ала турган жөндөмдөрүн өзүнө тартыш үчүн колдонуп, Кудай элин акча табыш үчүн пайдаланышат. Азыркы жыйындардын канчасы акча менен инсандын культунун айкалышы болуп саналышат. Машайактын колуктусу таланып жатат!

Катуу сөз бекен? Нигериядагы досум кафедрадагы айтылган насыяттын негизги аяты Малахия 3 экенин күбөлөндүрөт. Башчылар ондуктар менен курмандыктарды алып келсин үчүн өз мүчөлөрүн бардык жагынан кысмакка алышат. «Эгер муну кылсаңар ак батага тунасыңар» деп азгырышат, «антпесеңер каргышка каласыңар» деп коркутушат. Лидерлер мерседес минип жүрүшөт, ал эми муктаж болгон адамдар өз балдарын тойгуза алышпайт. Сиз «бул эми Африка да» деп айтарсыз. Болуптур, бир нерсенин чыныгы табиятын көрүш үчүн анын логикалык аякталышына көз чаптырыш ашыктык кылбайт. Америкада ушундай эле система аябай жаман деле көрүнбөстүр. Анткени андагы көп эл жок дегенде балдарын тойгузганга жарашат. Бирок Африкадагы курмандык бергиле деген чакырыктар эмнеге окшош? Жардыларды тоногонго. Чынында эле мааниси боюнча ошондой болуп саналышат.

Эгер себүү жана түшүм аркылуу ушунчалык бат байып кетесиз деп ынандырып жаткан ишенимдин насыятчысы өзү буга ишенсе, эмне үчүн анда топтолгон элдин ар бирине 100$ таратып берип, андан кийин өз курмандыгынын жана ишениминин түшүмүн жыйнап албайт? Албетте, ал бул иштебей турганын билет. Ал мындай убадалар курулай самындын көбүгү гана экенин туят деле.

Эмне үчүн көптөр бул жалган, калп нерселерге курмандык бере бергенин токтотушпайт? Анткени алар бул калпка ишенгилери келишет. Бул «христиандык» лотерея – мүмкүн бу жолу менде ишеним жетиштүү болор, мүмкүн бу жолу насыятчыда жетиштүү майлоо бардыр, мүмкүн дал азыр мага финансылык алдыга жылуу келгендир!

Бир баарлашууда кайсы бир саякатчы кызматчы мындай пикирин айтты: «саякатчы насыятчылардын көбү жалап-проституткаларга окшош. Пасторлор мүчөлөрүнө руханий толкундоо сезимдерди уюштуруп берүүсү үчүн, ошол аркылуу жыйындарга келгендерин токтотпой, курмандыктардын келиши үзгүлтүккө учурабасын үчүн аларга төлөшөт»!

Башка бир курбум Машайактын Денесиндеги кээ бир нонсенстерди укканда «Машайактын денесинде мите курттар көп» деп турат.

Жон Уимбер бир жолу аэропорттон таксиге түшүп, насыят окуй турган чогулушка бара жатып, айдоочу менен аңгемелешип калат. Айдоочу Жон христиандык лидер экенин билер замат христианчылыктагы белгилүү лидерлердин бардык финансылык жана сексуалдык ызы-чууларын тизмелеп санап кирет. Ал бул тууралу баарын билет экен! Сөзүн аяктап келатканда Уимбер ага мындай суроо бериптир: «Эгер Ыйса чын эле жашаса жана анын жыйыны бар болсо, анда алар эмне кылуулары керек эле?». Айдоочу: «алар бир-бирин сүйүп, муктаж болгондорго жардам бериштери керек» деп жооп айткан экен. Дүйнө биз эмне кылышыбыз керек экендигин жана кантип жашашыбыз керек экендигин жакшы билет. Ал эми өздөрүн христиан деп атагандардын көбү минтип жашабай жаткандары кандай трагедиялуу...

**3.Машаяктын Денеси демократия эмес, - теократия, ошондуктан биз Ыйса беш кырдуу кызматка берген кызматка баш ийишибиз керек деген пикирге кандай карайсыз?**

Ооба, Машайактын денеси – бул теократия, бирок сиз башка бир адамдын бийлигине баш ийсеңиз, анда те-

ократияда болбой каласыз! Сиз – монархиядасыз. Ошондуктан 1 Падышалык китебинде Кудай менен Шемуэл элде падыша болушун каалашкан эмес: *«алар сени эмес, Мени четке кагышты, алардын үстүнөн Мен падышалык кылбашым үчүн».*

Машайактын Денесинде дайындалган бийлик жок. Падышадан ар бир мүчөгө карата бөлүштүрүлгөн бийлик гана бар жана биз аны бир бирибизге кызмат кылууда эле колдонушубуз керек

Эгер лидерлер Шабул, Дөөт жана Сулайман тууралу көп айтышса сак болуңуз. Биз үчүн үлгүлөр – Ыйса менен Пабыл.

Биз теократиядабыз жана Ыйса – сиздин Падышаңыз.

Бир гана Падыша Ыйса бар жана биз баарыбыз – бир тууганбыз.

Анан бир туугандар ынтымакка келбесе эмне болот? Эгер сиз Кудайда чогуу жүрөлү деген бир туугандык келишимге өзүңүздү арнасаңыз, анда бир эле нерсени Эгеден укмайынча бир-бириңерди күткөндү үйрөнүшүңүз керек.

А эгер сиз такыр эле макулдашууга келбей калсаңызчы? Анда Элчи иштери 15:36-40 аяттарындагы Пабыл жана Барнабага окшоп, ой-пикирдеги бул айырмачылыкты таштап, макулдашпаганга макулдашасыз да, андан ары ишиңизди кыла бересиз.

**4. А жөнөкөй жыйындардагы ерестер жана адашуулардычы?**

Роланд Аландан цитата келтиргенге уруксаат берсеңиздер: «чыныгы доктрина жөн эле акылдан болгон насаатка караганда, Машайактын күчүн баштан өткөрүп сезгенден келип чыгат. Ерестер билбестиктен, караңгылыктан келбейт, а билимдүү, окушкан адамдардын ойлорунан жаралат». Ыйса таянгандай биз да Ыйык Рухка таяна алабызбы?

Ал Ыйык Рух бизди бардык чындыкка жетектейт деп ишенген. Бул ишенүү менен ал шакирттерин үч жылдан кийин таштап кеткен. Биз адамдарды өзүбүздөн көз каранды кылып коебузбу же Ыйык Рухтанбы? Жакан 16-бөлүмдү биз өз шакирттерибизге жаза алат белек?

**5. Сиздин сөздөрүңүздөн чоң кызмат жетектегендердин баары туура эмес мотивге ээ, пилде кетип бараткандар башкаларга көрүнөйүн деп эле иштеп жаткандай жаткандай көрүнөт экен?**

Ооба, мүмкүн ошондой көрүнөттүр. Ырас эле ар кыл жерлерде кул жүрөк менен кызмат кылган кызматчылар бар. Кудай пилдерди да, эмен жыгачтарын да жараткан. Пил минген жакшы кызматчылар жана аны бакканды абдан жакшы көргөн жолдоочулары да бар. Бирок кептин мааниси пил минген жүрөгү жакшы бир нече кызматчыны табыш жана пил жасагысы келгендерди актоо эмес. Кептин мааниси Ыйсаны жолдоочу болуп, Ал буйрук кылгандарды аткарууда жатат.

Биз кимбиз – Ыйсанын жолдоочуларыбызбы же ийгиликтүү кишилердинби? Эгер эң жакшы мотивдер менен каалоолорубуз бар болуп туруп, Ыйса кылбаган жана буйрук бербеген нерсени кылып жатсак, туура эмес жерде турган болобуз. Биз – Ыйсанын үлгүсүн жана буйруктарын жолдоочуларбыз!

Бирок кантип Ыйса жана Анын Падышалыгы тууралу айкын аяны бар бирөө пилдерге тамак берүү менен эле чектелип каларын түшүнүү кыйын!

## ЧЕТКЕ КАГУУ, КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА МАҢЫЗ

*«Эгерде кайсы бир шаарга барганыңарда, силерди кабыл алышпаса, анда көчөгө чыгып: «Шаарыңардан бутубузга жуккан чаңды да силерге күүп таштайбыз. Бирок силерге Кудайдын Падышалыгы жакындап калганын билип койгула», - деп айткыла. Ким силерди укса, ал Мени да уккан болот. Ким силерди кабыл албаса, ал Мени кабыл албаган болот. Мени кабыл албаган адам болсо, Мени жиберген Кудайды кабыл албаган болот» (Лука 10:10-11, 16).*

Эгин талаалары саргарып, орулганга даяр болуп турат, бирок сизди кабыл алышпаса, ал жердин чаңын күбүңүз да, андан ары жөнөңүз! Биздин жогору үмүттөрүбүз талкаланышы мүмкүн экендигин Ыйса

эскертет: «Баары мени кабыл алган эмес, силерди да бардыгы кабыл алышпайт. Ушул түшүнүк менен куралдангыла да, четке кагылуудан жапа чеккенге жол бербегиле».

«Түшүнгүлө, бул сизге жеке байланыштуу эмес, сиз борбор эмессиз. Борбор – бул андан баш тарткан адамдарга жакындап келген Кудай Падышалыгы».

Кимдир бирөө «тозок бул биз каалаган жана сураган нерсени алуу» деп айтыптыр. Кудай Падышалыгынан баш тартып жатасызбы? Кудай сиздин тандооңузду азыр жана түбөлүккө сыйлайт жана Анын ырайымы жок жер кандай боло турганын өзүңүз көрөсүз. Сиз тынч, жалгыз калгыңыз келеби? Болуптур, Кудайдын катышы жок жалгыз калган кандай экенин сезесиз. Өз каалаганыңыздан кылгыңыз келеби? Өз жолдоруңузга жана алар сизди кайда алып келгенине түбөлүк жыргай бериңиз.

Оң муздактык деген түшүнүк жок. Муздакты кошуп, бир нерсени муздагыраак кылыш мүмкүн эмес. Жылуу энергияны улам-улам алыстатып, муздатса гана болот. Абсолюттуу нөл – ала тургандай жылуу энергиянын таптакыр калбай калышы, жоктугу.

Оң караңгылык деген түшүнүк жок. Караңгылыкты кошуу менен бир нерсени ого бетер капкара кылыш болбойт. Эгер уламдан улам жарыкты жок кылса, караңгылык карая берет. Толук караңгычылык – эч кандай жарык булагынын жоктугу.

Оң жамандык деген түшүнүк жок. Адам улам чоң жамандыкты кабыл алган сайын жаман боло баштабайт. А уламдан улам адилдиктен баш тарткан сайын болот. Толук жамандык – бул бүт адилдиктин жоктугу

Оң жек көрүү деген түшүнүк жок. Көп жек көрүүнү кошуу менен адамды көбүрөөк жек көргөзүш мүмкүн эмес. Ал аны сүйүүдөн улам баш тарткан сайын сезе баштайт. Толук жек көрүү толук сүйүүнүн жоктугун билдирет.

Сиз Падышалыкты четке кагып жатасызбы? Кудайдан баш тартып жатасызбы? Анын адилдигин жана Анын сүйүүсүн четке кагып жатасызбы?

Ал сиздин чечимиңизди сыйлайт жана Өзүнүн Падышалыгынын, Жарыгынын, адилдигинин, ырайымынын сизге агып келишине жол бербей коет, ошондо сиз бир гана Ал бардык жакшылыктын булагы экендигин түшүнөсүз.

Кудай жамандыкты жараткан эмес. Кудай жамандыкка жол бербейт. Ал жөн гана бизге каалаганыбыздай иш кылганга жол берет да, анын жемиштерин таттырат. Аны четке кагасызбы? Ал сиздин чечимиңизди сыйлайт да, сиз акыры абсолюттук жалгыздык жана караңгылыкта калып каласыз.

Кабыл алуунун же баш тартуунун бул динамикасы үрөйдү учурат. Келечекке карай түбөлүктүү кесепеттери бар чечимди кабыл алууга адам баласынын эркиндиги эң сонун да, эң коркунучтуу да.

Бирок баарынан да таңкалдырган жана кубаттандырган нерсе – түшүм жыйноого бараткан бизге Өзүн теңдештиргени. Ал жаныбызда болот экен. Башкача айтканда эгер кимдир бирөө бизди кабыл алса же четке какса, ал ушунусу менен Ыйсаны кабыл алат же Андан баш тартат, ал эми Аны кабыл алуу же четке кагуу – Асмандагы Атаны кабыл алуу же четке кагууну билдирет. Биз – Анын Денесибиз жана Ал бизди Өзү менен биримдикте карап, бир бүтүндүккө айландырып отурат. Ыйсанын ушундай Өзүн биздей кароосу Дамаска бараткан Пабылды ашкерелеген болчу (Элчи иштери 9:4-5), анда Ыйса *«Шабул, Шабул, эмнеге сен Мени кугунтуктап жатасың» деп андан сураган болчу. Шабул болсо «Сен кимсиң?» деп сурады. Ошондо Теңир мындай деди: «Мен - сен кууп жаткан Ыйсамын».*

Ыйса дагы өзүн толугу менен абсолюттук түрдө бирдей караган жери Матай 25 бөлүмдө кездешет: анда ал ооруларды жана камактагыларды көргөнү баргандарды, ачкаларды тамактангандарды, жылаңачтарды кийгизгендерди, жана качкын, жолоочуларды кондургандарды мактайт. Ал: «силер ушул кичине бир туугандарым үчүн эмне кылсаңар, Мен үчүн кылганыңар» дейт. Ал бул салыштырууну сол жакта калгандарга карата да айтат: «бул кичине

бир туугандарга кылбаганыңар, Мага кылбаганыңар». Аларды четке кагуу Аны четке кагууну билдирет.

Ыйса жарды, кыйналган, алсыз, жабырлангандарга Өзүн толугу менен салыштырган. Ал Өз жүзүн ар бир ачка жетимге жана ВИЧ диагнозу бар ар бир балага бурат.

Жүрөгү боорукер адамдар көп жолу суроо беришет чыгаар: «Эгер тегеректе ушунчалык көп кыйынчылык болсо, Кудай кайда? Кантип Кудай ушуга жол берди экен? Сүйүүнүн Кудайы болуп туруп, кантип бул жерде бир нерсени жасабай жатат? Анын ушунчалык эле күчү, кудурети жетишпейби? Кантип ааламды жараткан кудуреттин Кудайы болуп туруп, ушул кырдаал үчүн бир нерсе жасаганга күчү жетпесин? Өз сүйүүсүн көрсөтө албаган ушунчалык эле алсызбы?» Кудай Өзү курган дүйнөгө карайт жана Өзү эркиндик берип, ушул дүйнөнү сакташ үчүн кызматташ кылган адамга карап, ушул эле суроолорду берет: Кантип биз ушундай кыйынчылыктарга жол берип жатабыз? Ушунчалык эле алсызбызбы? Чын эле башкалардын кыйынчылыгы бизди ушунчалык аз ойлондурабы? Эч кимибиз бардык жүктү көтөрө албайбыз, бирок баарыбыз кандайдыр бир салым кошо алабыз да. Эмне үчүн биз ушунчалык аз кылып жатабыз? Бизде планетадагы ар бир адамды тамактандырып, кийиндирип, үйрөтүп, кондурганга ресурстар жана мүмкүнчүлүктөр бар. Бизге жөн гана каалоо жетишпейт. Кичинекей балдарды баккандын ордуна акчабызды имараттарга курутканды жакшы көрөбүз.

Бул азаптарда Кудай кайда? Ал эки жакта. Ал азап чеккендер менен. Ал дүйнөнүн эң алсыздары менен. Ал ошондой эле Өз Денесинде. Ал Өз элинде. Анын эли кыйналгандар менен жабырлангандарга кызмат кыла баштаганда Кудай көзгө көрүнөт. Анын эли байкуштарды камтый баштаганда Кудай көрүнө баштайт.

Кудайдын элди Өзүнө күч жана кудурети аркылуу табындырбай турганы – бул ачылыш. Таңууланган же мажбурлаган табынуу – бул табынуу болбой калат. Кудай Өзүн көрсөтүү аркылуу аракет кылат. Бул – дене бо-

луп келген Сөз, ырайым жана чындыкка толгон Кудай Уулунун даңкын адамдар тандап жана кабыл ала алышат. Бул кыздын курсагында бала болуп, денеде төрөлүп, «балдарды мага кое бергиле, анткени Асман Падышалыгы ошондойлордуку» деп айткан Кудай. Уулдун бул даңкынын жолун тандап алышкан кишилер Ал сыяктуу болгонду, сүйгөндү, табынганды тандап алышат. Анын аларды толтурушуна, аларда жашаганга жана алар аркылуу жашаганына жол беришет. Алар Анын болуп турушуна мүмкүндүк беришет. Алар эң кичинекейлер тууралу кам көрүп, камтыганга чечим кылышат.

## КӨП БЕРИЛГЕН СУРООЛОР

**1. Кудай жамандыкты жараттыбы?**

Жок, Кудай жамандыкты жаратпаган. Кудай адамзатты жана периштелерди бирдей мүнөз менен жараткан: аларда Анын даңкын тандаганга же четке какканга жөндөм бар болчу. Караңгылык жана жек көрүү, эгоизм жана бийликти эңсөө - курмандык сүйүүнүн даңкынан баш тарткан эрктин көрүнүшү.

## БААРЛАШУУДАН УЛАМ БОЛГОН КУБАНЫЧ

*«Ыйсанын жетимиш шакирти кубаныч менен кайтып келип: «Теңир, Сенин атыңды атаганда, бизге жиндер да баш ийишти», - дешти. Ыйса аларга: «Мен шайтандын чагылган түшкөн сыяктуу, асмандан кулап түшкөнүн көрдүм. Мен силерге жыландарды, чаяндарды жана душмандандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем. Эми эч нерсе силерге зыян келтире албайт. Бирок жиндердин силерге баш ийгенине эмес, асманда ысымыңардын жазылганына кубангыла», - деди (Лука 10:17-20).*

## 1. БАРДЫК БИЙЛИК

Лукадан болгон аяттар Матай 28:18-20 менен

үндөшөт да, аны кантип колдонууну айтып турат. Ыйса асман менен жердеги бүт бийликке ээ экендигин айтып, аны шакирттерине душман күчтөрүнүн үстүнөн берет, бирок бир да Евангелиеде Ыйса шакирттеринин кайсы биреөсүнө башка Өзүнүнүн жолдоочуларынын үстүнөн бийлик бергени айтылбайт. Жаңы Келишимде бир Ыйык Кызматчыга экинчи бир Ыйык Кызматчынын үстүнөн бийлик берилбеген. Басымдуу буйрук – бизге «Ыйык Рухка толуу... баарына ыраазычылык келтирүү...бир бириңе Кудайдын коркунучу менен баш ийүү аркылуу» (Ефестиктерге 5:18-21). Бизде жашап турган Ыйык Рухтун реалдуулугу Ага толуп турган башкаларды да сыйлоо аркылуу ишке ашуусу керек. Эгер Кудайдын Тагы бир тууганыңдын жүрөгүндө болсо, кантип өзүңдү андан жогору кое аласың?

Ыйса бизге душман күчүнө карата бийлик берген. Айыгууну, бошонууну көргөн кандай сонун. Бул биздин ичибизеги Кудай Падышалыгынын карапайым гана көрүнүшү. Бул жерде болгон Падышалыктын чагылышы. Кудай Падышалыгы келди. Ал бул жерде, жаныбызда.

А сиз сыйынсаңыз да, эч нерсе болбой жатсачы? Еврейлерге 2:8-9 баары Анын бут алдына баш ийгизилген экенин, бирок баары эле айыкпагандыгы тууралу түшүнүктөрдү камтыйт. Бул бир бирине карама каршы, өз ара тирешкен чындыктар жана биз да аларды ошондой кабыл алышыбыз керек: *«Бардыгын бут алдына жыгып, багындырып бердиң. Бардыгын Ага багындырып бердиң, Ага багындырылбаган нерсе калган жок, бирок баары Ага багындырылганын азырынча көрө элекпиз. Бирок биз периштелердин алдында бир аз эле убактыкка басынтылган Ыйсанын өлүмдү баштан кечиргендиги үчүн даңк жана урматты таажы катары кийгендигин көрдүк. Ал Кудайдын ырайымы боюнча бардыгы үчүн өлүмдү башынан кечирди»..*

Биз Ыйсаны көрүп, бироко баары Анын бут алдында болгонун көрө элекпиз. Биз Ал азап чеккендей эле азаптануудабыз. 1 Корунттуктарга 15:20-28 ушул эле чындыкты алып жүрөт: «Анткени Ал бардык душмандарын

Өзүнүн бут алдына жыкканга чейин бийлик жүргүзүүгө тийиш». Ал – баарынын үстүнөн Эге, бирок баары али Анын бут алдында эмес. Анда бардык бийлик бар, бирок али бардыгы Ага табына элек. Падышалык бул жерде, бирок Падышалык али келет. Падышалык азыр бул жерде, бирок али боло элек. Падышалык келди жана келип жатат. Падышалык келе алат, анткени келген болчу. Ар бир жаңы адам Падышалыкты урматтап, сүйүп жана баш ийген сайын Падышалык келип жатат.

Убадаланганды көрүп жатабызбы же анын аткарылышын күтүп кыйналып жатабызбы – бул биздин ишенимибиз жана үмүтүбүз (Еврейлерге 11:40). Биз али баарын бут алдыбыздан көрө электирбиз, бирок Ыйсаны көрүп турабыз да!

## 2. МЕН СИЛЕРДИ ДОСТОРУМ ДЕП АТАДЫМ

*«Достору үчүн өз жанын берип коюудан өткөн сүйүү жок. Эгерде силер Менин айткан сөздөрүмдү аткарсаңар, Менин досторумсуңар. Мындан ары силерди кул дебейм, анткени кул кожоюнунун эмне кылып жатканын билбейт. Мен силерди досторум дедим, анткени силерге Атамдан уккандарымдын баарын айтып бердим» (Жакан 15:13-15).*

Бардык бийлик, орун, майлоо, титул, чин, ардак жана даңк чын эле тийиштүү болгон Ыйса ошол сапаттары менен элди үстөмөндөткөн эмес. Жакында Аны сатып кете турган адамдардын көздөрүнө карап, аларды досторум деп атаган. Муну кылуу менен Ал абсолюттуу түрдө, таптакыр жана бардык мезгилде Өз Падышалыгынын чагылышы катары болгон бүт иерархияларды талкалап таштаган. Пирамидалар өлүктөр үчүн. Кудайдын Тагынын алдында деңиз айнектен болот! Деңизде дөбө да, ой да, тоо да, талаа да болбойт. Бардык дөбө жалпайып, бардык ой толсун. Так алдында баарыбыз бир туугандарбыз! Ошондуктан Жаңы Келишимде өз ара мамилешүүбүзгө тийиштүү кырк буйрук бар!

Достук – баарынан жогору!

Бардык иерархияда төмөндө тургандар дайыма

баш ийгендер болуп калат. Иерархиялык лидерлер достук маанайдагы сөздөрдү сүйлөшү мүмкүн, бирок бу көзөмөл менен буйруктардын жалтылдаган жашырмасы гана. Пирамидаларды кулдар курат.

Ар бир иерархияда жогору тургандар – сиздин начальниктериңиз. Сиз иш жүзүндө аларга баш ийгениңиз менен көбүнчө алардын ордун ээлегенди каалайсыз. Сиз сөз жүзүндө достукту, сыйлоону, урматтоону көрсөтөсүз, бирок ийгилик жогоруда турган погондордон жана даражалардан келет. Сизден жогору же тең тургандар потенциалдуу конкуренттер.

Ыйса карамагындагыларды бийликтин астына койгон бутпарастардай башкарбагыла дейт. Биз Ыйсанын үлгүсүндөгү лидерлер болушубуз керек. Анын лидерлигинин максаты - Өз жүрөгүн ачып, төгүп берип жана Өз достору үчүн Өз жанын кыюу (Жакан 15:15). Эгер бул достук болсо, анда достору үчүн жан берүү гана бул анын маңызы. Эгер сиздин максатыңыз – тепкичке жогору чыгуу болсо, анда эч качан досторуңуз пайда болбойт. Сиз өзүңүздү пайдалана турган кишилер менен гана курчайсыз.

Юджин Петерсон 1 Корунттуктар 10:14 аятын аябай ашкерелөөчү кылып которгон:: *«урматтуу досторум, эгер кимдир бирөө Кудайды көзөмөлдөгөндөй же колдонгондой кылып кыскартып жатса, андайлардын жанынан тезинен качып кеткиле!».*

Шакирттиктин максаты – дос болуп калуу. Шакирттиктин максаты – бирдей укуктагы адамдардын мамилешүүлөрү. Булар Үчилтиктин ичиндеги карымкатышты чагылдырышат. Кудайдагы өз ара сыйлашуу, таянуу жана кызмат кылууну дүйнө көрө алган мамиле – бул максат..

Жакан 16 бөлүмүндө көрсөтүлгөн Ыйсанын үлгүсү ого бетер ажайып!

*«Бирок силерге чындыкты айтып коеюн, Менин кеткеним силер үчүн жакшы! Эгерде кетпесем, силерге Соороотуучу келбейт. Эгерде кетсем, Аны силерге жиберем» (Жакан 16:7).*

Шакирттер Ыйсанын кетишинен өткөн жаман оку-

яны элестете алышкан эмес! Лидерлердин эң мыктысы болгон Ыйса аларга кеткеним жакшы деп отурат! Анан биз кыйынбыз, маанилүүбүз жана алмашкысбыз дейбизби? Өзүбүздү ким деп эсептейбиз? Ыйса шакирттерине сырттан болгон Анын лидерлигинен, денеден турган Ага караганда Ыйык Рухтун ички жетекчилиги жакшы болорун билген! Анын достору ичинен Өзү сыяктуу ички отту сезишин Ал каалаган эле.

Биздин милдет – досторубузга Ыйык Рухтун ички жетегине, Ыйсаны өмүрүндө жеке Теңир деп таануусуна жана ишенүүчүлөр катары чогуу коллективдүү жашообузга тоскоолдуктардын баарын жок кылуу. Көп учурда өзүбүз эң башкы бөгөөт болуп калабыз! Шакирттиктин максаты – ичиндеги Ыйык Рух бардык чындыкка алпарат деп ишенген досту күтүү. Ушунчалык көп адамдык лидерлик кишилерди бизден көз каранды, төмөн болуп, бизден бир нерсе үмүттөнүп, сыйлап, эмне сурасак, ошону аткарганга даяр тургандыкка негизделген эмеспи. Адамдардагы мындай көз карандылыкты куруу өз падышалыгыбызды companyкургандыкка жатат. Бул Падышалардын Падышасына акаарат келтиргендик.

Ыйса Ыйык Рухтун элди Чындыкка жетектеп барарына толугу менен ишенген. А бизчи? Ошондуктан Ыйсага кетиш керек болгон! Ошол үчүн Ал шакирттерин шакирт кылгыла жана кийинки айылга барып, тынчтыктын үйүн тапкыла деп үйрөткөн. Аларга өз тегерегине көз карамалыкты курууга укук берилген эмес. Аларга бир айылда калып, падыша болуп алууга болмок эмес. Алардын милдети – жаңы досторун Падышалардын Падышасы менен тааныштырып, андан кийин Анын кам көрүүсүнө калтыруу болчу..

## 3. ДОСТОРДУН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИ

Албетте, достор өз жашоолорунда Кудай Падышалыгын камтуулары керек, ал үчүн негизги милдеттер жана жоопкерчиликтерди аткара башташ керек, дал мына ушунда көйгөйлөр келип чыгат.

Көп учурда адамдар эркиндиктен улам боло турган

жоопкерчиликти алгылары келбейт. Алар жоопкерчиликтен эркин болгон кулдардын эркиндигин тандап алышмак.

Эмнени кылыш керек жана кандай кылыш керек деп айтып турган падышаны үстүлөрүнө коюп алгылары келмек. Дайыма падышаны каалагандар жана падыша болгусу келгендер бар, бирок бул аркылуу эки жак тең чынында эч качан Падышаны көрбөгөндүгүн көрсөтөт!

Мен Кудай Падышалыгында төрт негизги жоопкерчиликти же эркиндикти көрүп турам. Буга шакирттерди үйрөтүш керек.

**1.Падышаны өз алдынча өзүңүз үчүн издөө!**

Бул өзүңүздү өз алдынча тамактандыра баштайсыз дегенди билдирет! Бул ырайымга өз жашооңузду башкарганга жол beresиз дегенди билдирет. Даллас Уиллард «Кудайдын Планында» айткандай: «сиз же ырайым менен же көз карандылык менен жашап жатасыз»! Жана башкалардан туура эмес көз карандылык, алардын кабыл алышын, бекемдешин, көңүл бурушун жана көзөмөлүн издөө - бул эркиндик эмес, мамилешүүдөгү көз карандылык.

Бул оорулуу, ууландырган мамилелер. Теңирибиздин денесинен жеп, канынан ичмейин бизде жашоо жок жана бир-бирибизге бере тургандай эч нерсебиз жок болот (Иоанна 6:53).

Көп учурда институционалдык жыйындардын келүүчүлөрүнүн «пастор жакшы тамак берет», же «бизге тамак бербей калды», «эт бербейт» деген сөздөрүн угуп калабыз. Эгер сиз бир жарым жашар баланы тамактандырсаңыз, бул кадыресе көрүнүш. Бирок ушул эле баланы он сегиз жашында деле тамактандырып турсаңыз, анда сизде дагы, анда дагы чоң аномалиялар бар го! Чоңоюп эле калган киши бирөө ага кашык менен тамак беришин эмнеге каалмак эле? Чын эле эмнеге?

**2.Баарлашуу чөйрөсүндө бир-бирибиз тууралу жаңы келишимдик буйруктарды аткаруу.**

Эгер сиз жубайыңыз менен табына албасаңыз же эгер эки же үч киши менен жыйын боло албасаңыз, анда эл алдындагы табынууңуз – бул шоу болуп калат.

Ефестиктерге 4:15-16: *«тескерисинче, чындыкты сүйүү менен айтып, бардык жагынан Башчыбыз Машайакка окшошуп өсүшүбүз үчүн дайындады. Анын башчылыгы астыда өз ара бириккен бардык муундардын жардамы менен бириктирилген жана түзүлгөн дене өзүн сүйүү менен*

*бекемдеп, ар бир мүчөнүн өз алдынча кылган аракетине жараша өсөт» - бул бир-бирине болгон эң маанилүү буйруктардын бири. Эгер биз бир-бирибизге чындыкты сүйүү менен айтпасак, анда Машайактын Денесинде жеткилеңдикке өсүү жок.*

Мага өз досторума бардык чындыктарды, алар ыңгайсыз жана катаал болсо да айтканга сүйүү жана ынаным болуш керек.

Достoруман жана жубайыман чындыкты кабыл алышым үчүн менде момундук жана ишенүү болушу керек. Жеткилең эместик жана бой көтөрүүчүлүк бул процессти бузуп таштайт. Эгер чындыкты айтуу үчүн сизди жетишерлик түрдө сүйбөсөм, анда чынында мен сизди четке кагып, достукту бузуп жатам. Эгер сизден чындыкты момундук менен кабыл алалбасам, анда сизди эч качан сүйгөн эмесмин жана дос катары сизге ишенген эмесмин.

Машайактын Денесиндеги көп адамдар рухий жактан артта калып, ушунчалык көк жашыл бойдон кала беришет, анткени алар кафедрадан айтылган жалпы чындыктарды гана угушат. Бу бир тараптуу кеткен бир жактуу чындык гана. Бизге эки багытта кеткен чындык керек. Достор тарабынан чын жүрөктөн айтылган жана кабыл алынган чындык керек. Эгер сиз шакирт тарбиялап жатсаңыз, анда бетме-бет же жүрөктөн жүрөккө чындыкты кантип айтып же кабыл алыш керек экендигинен мисал келтиришиңиз керек.

Ыйса чыгыш адамы болгон, бирок Ал «репутацияны сактоо», бат таарынчаактык, жумшак кеп, ыңгайсыз чындыктарды бетке айтуудан качкан чыгыш маданиятын бузуп өткөн. Ал өз муунуна жана досторуна айтуу үчүн сыйлоо жана урматтоого негизделген маданиятты бузуп өткөн. Ар бир маданияттын чындыкты айтуу боюнча өз көйгөйлөрү бар. Чындыкка карай моюн сунган, кызганычтуу мамилесиз биз бат эле жалганчылыктын адамдары болуп калабыз. Дүйнө момундуктан, таануудан жана ийгиликсиздиктен таарынбайт. Дүйнө эки жүздүүлүктөн, жашырып коюудан, бой көтөрүүдөн жана жалгандан көбүрөөк мүдүрүлөт. Биз Өзү Чындык болгон Ыйсанын жолдоочуларыбыз!!

**3. Эң биринчи кезекте өз балдарыбыздан шакирт кылуу керек!**

Эгер өз балдарыңызды Кудайда тарбиялай албасаңыз, кантип элдерди үйрөтө аласыз? Эгер сизде

балдарыңыз менен мамиледе чын дилдик, толуктук, ак ниеттик болбосо, анда ким менен ошондой болот?

Христиан үй-бүлөсүндөгү кээ бир балдар чоңойгондо Ыйсанын жолдоочулары болбой калышынын башкы себептеринин бири - алардын ата-энеси христиандык жашоо менен кызматты тирүү мамилелерде колдонушпай, аларды иш активдүүлүгү катары карап, чуркап жүрүшкөндүгүнөн балдар чыныгы мотивацияны теше көрө алышат. Алар эки жүздүүлүктүн менталитетин жана сырткы көрүнүшкө гана багытты көрө алышат. .

Пресвитерлерди негизги сыноо – бул алар үй-бүлөсүндө көрсөткөн мүнөз жана бул тууралу айлана-тегерегинин күбөлөндүрүүсү. Балдарыбыз жана биз менен иштеген адамдар эл алдындагы сыйынууларыбыз жана Жазуудан жатка келтирген аяттарыбыздын санына суктанып калышпайт. Алар мүнөзүбүздү, кантип жубайыбызды караганыбызды, карыздарыбызды кандай төлөгөнүбүздү көрүшөт. Алар турмуштук тажрыйбабыз, жөндөмүбүз, ак ниеттүүлүгүбүз жана ар намысыбыз бар экенин же жөн гана диний драмалык оюнда роль ойноп жүргөнүбүздү көрүп турушат.

**4. Шакирттерди өстүрүү аркылуу Ата менен өз мамилени өстүрүү..**

Падышанын эң негизги буйругу – шакирттерди өстүрүү! Матай 28:18-20 – бул улуу сунуш эмес, а улуу буйрук. Бул иш чаралар же программалар менен байланышкан эмес! Шакирттер «бир бири тууралу» нерселерди чогуу аткаруу үчүн айкындык жана момундукка негизделген сапаттуу мамилелердин негизинде өстүрүлөт!

Эгер Ал буйрук бергендей иш кылып жана Ал буйругандай элдерди үйрөтсөк, анда Ал Өз убадасын аткарат жана Өзү Өз жыйынын курат.

## КӨП БЕРИЛГЕН СУРООЛОР

**1. Имараттарга карата оюңуз кандай? Жаңы келишимдик жыйын жардылыктан жана куугунтуктан улам имараттарды курбаган эмеспи?**

Ырас эле жыйындын алгачкы үч кылымында чогулуш үчүн курулган атайын имараттар тууралу эч кан-

дай тарыхый же археологиялык маалыматтар жок. Бирок бул кедейлик же куугунтукка байланышкан эмес. Көп ишенүүчүлөр оокаттуу кишилер болчу. Куугунтук мезгили да, бейкуттук менен эркиндиктин да учуру болгон. Эгер каалаinstalled, имарат курганга алардын ресурстары да, эркиндиги да бар эле.

Атүгүл, баштапкы жыйынга имарат куруучу же чогулуш үчүн имараттарды колдонуу үчүн эки жактан тең ачык көрүнгөн маданияттын басымы аябай күчтүү болчу. Иудаизм жактан синагога, раввиндери бар имараттардын системалары өңдүү мисалдар турган. Грек-римдик бутпарастыктан кечилдери бар буркандык ийбадатканалардын үлгүсү да бар эле.

Баса, баштапкы жыйын өзгөчө диний имараттарынын жоктугунан күч колдонулган куугунтуктарды баштан өткөрүшөт. Римдиктердин көзүнчө эгер кимдир бирөө курмандык жайлуу ийбадатканасыз болсо атеист деп саналчу, баштапкы жыйындын куугунтукталышына бир себеп да ушул болгон.

Маданият тарабынан басым болуп, финансылык мүмкүнчүлүктөр туулуп, куугунтуктан эркин жылдар кезме-кез өтүп турган. Эгер ишенгендер өздөрүнө имарат курушса, мындай жылдар узагыраак да болмок. Алгачкы ыйыктар имарат курушкан эмес. Алар муну алган аяндары жана бекем ынанымы менен кылышкан.

Алар бардык ишенүүчүлөрдүн ыйык кызмат кылуучулугуна ишенишкен жана ошондуктан ыйык кызматчылардын классын түзүп, колдошкон эмес. Алар Кудай Падышалыгы келди жана келгенде да жашоонун бардык сферасына келди деп ишенишкен. Андыктан алар өзгөчө ыйык жерлерге ишенишпеген. Жердин баары Теңирдики! Ыйса адамдын бүт өмүрүн жана ишин Кудайда ыйыктоо үчүн өлбөдүбү. Алар денелери Ыйык Рухтун ийбадатканасы, Кудай кол менен жасалган имараттарда эмес, тирүү таштардан турган тирүү ийбадатканада жашайт деген өз ишенимдерин көрсөтүү үчүн үйлөрдө чогулушчу. Тирүү таштар Ыйсаны өз чөйрөсүнө көрсөтүү үчүн нормалдуу жашоо өтүп жаткан бардык жерде, бардык учурда чогулуп турушчу.

Кудайдын ийбадатканасы бул Кудайдын эли экен деген өз ынанымдарына ылайык алар акчасын кирпич-

тер менен цементтин аралашмасына эмес, адамдарга жумшашкан. Жаңы Келишимде кайыр-садага ачкачылыктын курмандыктарына, жетимдерге, жесирлерге жана кедейлерге жумшалчу.

Эгер бүт дүйнө жүзүндөгү христиандык институттардын ар кыл офистери жана администрациясына, имараттарга, музыкалык аппаратурага салынган финансыны чыныгы Кудайдын ийбадаткасына, Кудай балдарына жумшасак, кыйналгандардын үйгө, окууга, тамак-ашка болгон муктаждыктарын көп канааттандырып салмакпыз.

Ыйсаны жолдоочулар Матай 25 негизинде соттолушат, анда бул дүйнөнүн эң кичинекейлери үчүн жасалган нерсе Ыйса үчүн жасалат деп айтылбады беле. Ушул стандарт, критерий боюнча Ыйса койлорду эчкилерден ажыратат. Имараттар адамдарга сүйүүнү жана Ыйсага кызматты чагылдыра алышпайт.

Имараттар биздин текеберчилигибизди жана кичинекей падышалыктарыбызды чагылдырышат. Имараттар бул бийлик менен кадыр барктын көрүнүшү. Алар – башка диндерден жаман болбогон биздин жөндөмдөр, таланттар, амбиция, керектөөлөрүбүздүн эстеликтери.

Имараттарга салынган ар бир доллар – бул ачкаларды тоюндурууга, жылаңачтарды кийиндирүүгө, ооруларга жардам берүүгө, түрмөдө отургандарга барганга жетпей калган жоголгон доллар. Ар бир имарат – бул эгоизм менен текеберчиликке эстелик. «Чогулуштар өтө турган» имараттарга төлөнгөн ар бир доллар Ыйса тарабынан соттолот жана «текенин» акчасы катары аныкталат.

Ийбадаткананы же сыйынуу чатырын куруу боюнча эски келишимдик окуяларды колдонгондор туура эмес иш кылышат. Биз эми Эски Келишимде эмеспиз. Бирок анын жолдору бардык жерде иштелип жатат! Качан Степан Кудай менен Жүйүт улутунун мамилесин «Кудай кол менен курулган ийбадатканаларда жашабайт» деп жыйынтыктаганда Иерусалимдеги Синедрион аябай ачууланышкан болчу (Элчи иштери 7:48). Кол менен жасалган ийбадаткана Кудайдын орду жана жашаган жери эмес деп айтуу менен Степан алардын бүт диний системасына жана акча табуу жолуна аябагандай коркунуч келтирген эле. Жыйындын эң биринчи азап тартуучусу (мученик) Кудай эми диний имараттарда эмес, тирүү адамдарда жашайт деген чындыкты жарыялаганы үчүн өз

өмүрүн берген. Азыркы күнгө чейин имараттарга карата бутпарастык тартылууларга каршы чыккан ар ким ушуга окшош реакцияларга туш болот.

Сиз «эчкилердин акчасы» тууралу кеп өтө эле катаал экен деп ойлоп жатасызбы? Анда сизге үч окуяны айтып берейин.

Анын бирөөсү мен жашаган Канаданын жанында болуп өткөн. Жаштар тобу үчүнчү дүйнөдөгү бир өлкөгө саякатка чыгышат жана алардын бир максаты ал жердеги жетимдер үйүнө баруу жана кызмат кылуу болот. Ал жакка барганда балдар аябай ачка экенин көрүшөт, анткени аларды колдоо кыскарып, бир жагынан ошол жылы күрүчтүн баасы эки эсе жогорулап кетиптир. Жаштар өздөрүнүн чоң, жетиштүү жыйынына кайтып келип, өз саякаты тууралу презентация жасашмак болушат. Анын алдында улуу пастор аларга жолугуп, өз презентациясында ошол жетимдер үйүнүн муктаждыктары жөнүндө айтканга тыюу салат. Эмнеге? Эгер келүүчүлөр жетимдердин кыйналгандарын билишсе, анда алардын жүрөктөрү сөзсүз ошолор үчүн курмандык берүүгө ачылмак, ал эми жыйынга өз имаратына жана имаратына байланыштуу ар кыл программаларына ар бир тыйын керектүү да.

Экинчи окуя армян шаары Ванадзордон. Бул шаар 7 декабрь 1988 жылы болуп өтүп, бүт өлкө боюнча 25 000 кишинин жанын алып кеткен жер титирөөдөн катуу кыйраган экен. Мага жер титирөөдөн кийин шаардын борборундагы район али талкаланып жаткандыгын, анда элдер балдарын келемиштер кемирип жатса да жашап жатканын айтышты. .

Шаарды айланып жүрүп, мага Армян Апостолдук Жыйынынын жапжаңы имаратын көрсөтүштү. Ал ушунчалык кооз, 2,8 миллион доллар турган таштан жасалыптыр. Ушунун баары анын шамдары жана иконалары түндө жылуу жана кургак укташсын үчүн! Андан ары таптакыр жаңы Армян Евангелисттик Жыйындын жанынан өттүк. Ал дагы заңгыраган, компьютер жана англис тилин окуткан жайы бар имарат экен. Мага ал төрт миллион доллар тургандыгын айтышты. Демек, компьютерлер жана гимн жыйнактары жылуу жана кургакта укташсын экен да!

Андан ары биз беш баладан, алардын ата-энесинен

жана чоң энесинен турган үй бүлө менен түштөндүк. Алардын баары эки бөлмөлүү квартирада турушат экен. Анын үстүнө дагы бир тууганы аялы жана баласы менен кирип алыптыр. «Бул тууган жумуш иштебейби» деген суроомо ал шаардагы жаңы жыйындын курулушуна катышканын айтышты. Бул жыйынга харизматтык дүйнөнүн элитасы насыят окуганга келип турушчу. Эмне үчүн азыр да ал жерде иштебейсиң деген суроомо ал андан ары улантталбаганын айтты. Анын бир жумалык эмгек акысы автобустан жумушка барган жол акысын да жаба албаптыр. Жыйындын муктаж болгон адамга жашоо минимумун да төлөбөгөн фактысы мени аябай ачууландырды.

Ошол эле күнү биз башка жолугушууга баратканда рулда отурган бир тууган жаңы курулуп жаткан жыйындын жанынан өтөөрүбүздү айтты. Бул аппак таш колонналары үч кабатка чейин жеткен заңгыраган ак сарай экен. Менин акылым ушул эки карама-каршы көрүнүштү сыйдырганга аракет кылды: бир жагынан көзгө көрүнгөн байлык ушундай имаратты текебердик менен мактанып куруп жатат, ошол эле учурда муктаж болгондордун аябай зарланган турмушу... Анан экинчи жагыма караганымда оозум ачылып эле калды. Мен жыйырма жыл мурунку жер титирөөдөн али калган талкаланган бир кварталды көрдүм. Андагы адамдар суукта титирешип, келемиштердин арасында укташып, эртең менен турушканда христиандар мактанып салып жаткан ак сарайды көрүшөт экен.

Үчүнчү окуя С. деген бир тууган кызмат кылган Борбордук Азиянын бир жакыр районунан. Ал Ыйсага түрмөдөн, өтө салттуу деноминациянын мүчөлөрүнүн кызматы аркылуу келиптир. Бул С. билген жыйындын жалгыз гана көрүнүшү болгондуктан аларды чын жүрөктөн сүйгөн экен. Түрмөдөн бошонгондон кийин С. иштеп жана жыйындарды негиздеп өлкө боюнча жүрө баштайт. Анын камактан бери келаткан, Ыйсага келген дагы бир досу болот. Ал эркиндикке чыкканда өлкөнүн ишенгендер жок жерине миссионер болуп барат. Бат эле жергиликтүү бийликтегилер жана ислам лидерлери аны «көйгөйлөр боло электе кеткиле» деп коркутушту. Досу баары бир калды да, бир жолу аялы жана башкалар менен Кудайды гитарада даңктап жатышканда, терезеден бирөө ок атып өлтүрүп салды.

**КУБАНЫЧ**

С. бир тууган бул окуяны мага айтып берип жатканда досунун өлүмү аны көп суроолорго жана депрессияга алып келгенин бөлүштү. Мен бул коркунучтанбы деп сурадым. Бул суроо аны таарынтып салды. Ал өз өмүрү үчүн корккон эмес, бирок ушундай курмандыкка жана коркунучка баруунун кажети барбы деген суроолорго жооп издеп жатыптыр. Буга мен да таңгала түштүм. Эмне үчүн? С. жаңы территорияларда шакирттердин тобун түзүп, эмнеге өз өмүрүн жана досторун тобокелге салуунун кереги бар экендигин айтты. Анткени андан кийин деноминациянын өкүлдөрү келишип, имарат курушуп, аларды скамейкалар менен толтурушкандан кийин жаңы шакирттер массалык түрдө кетип калышат. Жаңы келгендер азиялыктар болушат. Алар адатта полдо отурушат, чай ичишет жана Ыйса тууралу кечке сүйлөшүшөт. Качан топ он беш кишиге чейин өсүп калганда деноминация үй куруп же сатып алат да, «туура» библиялык билим алган пасторду сырттан алып келип коюшат. Азиялыктар аста-аста кете башташат да, скамейкаларда акыры бир нече славян кемпирлер эле калат экен. С. эмне үчүн деноминациондук лидерлер муну кылганына түшүнбөйт, анткени шакирттер үйлөрдө эле чогулушчу да. Чогулуш үчүн атайын үйгө айыл муктаж эмес болучу.

Аларга нан жана балдарына бут кийим көбүрөөк керек болмок. Тегерете отуруп алып, чай ичип, достору менен Ыйса жөнүндө сүйлөшкөндөрү аларга кызык болчу. Башка жерлик жаңы пастордун насыяттарын уккулары келчү эмес.

Лидерлерге анын суроолору жакпай, акырындап С. еретик дин бузаар деп деноминациядан куулуп кетти!

Андан бери С. дүйнөдө мындай ойлонгон адамдар көп экендигин, бул ересь эмес экенин көрдү. Мезгил өткөндөн кийин деноминациялык лидерлер аны тынчтык менен кое беришти.

Биздин салттар жана диний текеберчилигибиздин архитектуралык эстеликтерин, мемориалдарын куруудагы курулай кеткен каражаттарды санап отуруунун кажети жок. Ар бир ушундай курулуш биздин Ыйсанын айткан сөздөрүнө, көрсөткөн үлгүсүнө каршы көтөргөн толук козголоңубуз жана таптакыр тил албастыгыбыздын күбөлүгү болуп калууда..

Ошол эле учурда үйсүздөргө, ташталгандарга, байкуштарга жай берген, коноктогон, айыктырган тирүү коомдор канчалык көп керек. Чоң институттар эмес, иш

жүзүндө Кудайдын сүйүүсүн көрбөгөндөр үчүн үй-бүлө болуп калган кичи коомдор керек. Программаны өтүп коюп кетип калган реабилитациялык борбор эмес, а үй-бүлөгө окшогон кичи тирүү коомчулуктар зарыл. Аларда Ыйса тууралу күбөлүк жана айыгуу бар, аларда кишилер каалаexisted, көпкө чейин калып, иштеп, өз салымын кошсо болгудай мүмкүнчүлүк бар. Реабилитациянын мындай үлгүсү кошумча сырткы катышуусуз эле ошол маданиятта көбөйө алмак. Мындай коомчулуктар эксперттер тарабынан эмес, ошондой эле өткөн чагы бар, коомчулук, Кудайга табынуу жана эмгек аркылуу айыккан жергиликтүү кишилер тарабынан башкарылат.

Дүйнөдө чоң шаарлардын контекстинде мүчөлөрү чогуу жашап, кызмат кылып, үйсүз, баңги, алкаштар жана акыл жагынан артта калгандарга меймандостук жана айыктыруу атмосферасын тартуулаган коомчулуктар пайда болуп жатат.

Борбордук Азиянын шаарларынын биринде ишенүүчүлөрдүн тобу кичине бир коомчулукту түзгөн. Алар базардан бир мусулманды үйгө чакырып, ал жерде жашаганды сунушташыптыр. Ал чын эле буга муктаждыгы болгондуктан алар менен жөнөптүр. Бир нече убакыт алар менен жашагандан кийин бул адам «сага кызмат кылган бул адамдар – Меники, аларды ук. Алар чындыкты айтышат» деген үн угат. Ошондон кийин аларды угуп, Ыйсанын жолдоочу болуп, чөмүлүптүр.

**2. Насыят окуу боюнча оюңуз кандай?**

Эмне, жакшы насыяттарды угуу үчүн чогулбай эле коелубу? Кызык суроо экен! Жашоосу имараттарга топтоштурулган ишенүүчүлөр үчүн насыятка чоң фокус коюлат. Насыятчы канчалык кыйын болсо, ошончолук көп элди чогултуп, көп ресурстарды башкарса болот. Насыят чоң таасир жана элге таанылунун каражаты болуп калат.

Биз Пабылдын жанына көп эл топтоп алган аксакалдарга карата мамилесин көрдүк. Ал муну «бурмалоо» деп атаган. Анын максаты Лука 10 бөлүмүндөгү Теңирдин максатына (өз ара мамилелер аркылуу бардык жерде көбөйгөн кичине табигый топтор) шайкеш болчу. Өзүнө ээрчиткендердин туура эмес жагы - алар өз ара мамилеге негизделген көбөйгөн шакирттиктиктин кыймылын токтотуп коюшкан.

Пабылдын насыятка карата мамилеси кандай болгон? А бул тууралу 1 Корунттуктарга 2:1 – 5: мындай де-

ген: *«Бир туугандар, мен силерге барганымда, Кудайдын күбөлөндүрүүсүн чечендик же адамдык акылмандык менен жарыялаганы барган эмесмин. Анткени силерге барганда, айкаш жыгачка кадалган Ыйса Машайактан башка эч нерсе айтпай эле коеюн деп чечкем. Мен силердин араңарда алсыз болуп, калтырап коркуп жүрдүм. Силердин ишенимиңер адамдык акылмандыкка эмес, Кудайдын күчүнө негизделиши үчүн мен сөз сүйлөгөндө жана насаат айтканда, адамдык акылмандык менен менен айтылган ишендирерлик сөздөргө эмес, Кудайдын Рухуна жана күчүнө таяндым».*

Биз ал күндөрдүн маданий контекстин түшүнбөйбүз, ошондуктан мындагы болуп жаткан нерсени элес албайбыз. Ал кезде негизги жана эң сыйлуу искусствонун бири ораторлук жана чечендик эле. Улуу ораторлор рим дүйнөсүнүн супер жылдыздары болушкан. Алар угармандарын ыйлата да, күлдүрө да алышкан. Алар өз сөздөрү аркылуу элдерди башкарышкан.

Пабыл бу тууралу билген жана өз күндөрүнүн аябай билимдүү кишиси катары сөзсүз ораторлук жана эл алдына сүйлөө өнөрүнө үйрөтүлгөн болучу. Корунттуктар философиялык чыгып сүйлөгөн кептерди угуп көнүп калышкан – бул көңүл ачуунун катарына кирчү. Алар Пабылдан да ушул искусствонун канону менен сүйлөшүн күтүшкөн эле.

Павел же осознанно отказался это делать. Он предпочел бы произвести впечатление слабого и трепещущего. Такого, кто вряд ли собрал бы аудитории слушателей в той культуре. Но в том то и дело, – Павел не хотел увлекать людей за собой.

Пабыл болсо аң-сезимдүү түрдө муну кылгандан баш тартты. Ал алсыз, калтыраган кишидей элес калтыргысы келди. Мындай адам ал маданиятта угармандардын аудиториясын чогулта алышы күмөн болчу. Бирок дал ошондуктан Пабыл элди өз артынан ээрчиткиси келген эмес. Ал корунттуктардын ишеними Кудайдын күчүнө жана Ыйык Рухтун эмгегине негизделишин каалаган. Ал адамдык акылмандык менен инсандык күчтү колдонуп, адамдык жөндөм менен иш кылгандан баш тарткан. .

Эгер кимдир бирөөгө саат сайын, жума сайын, конференция сайын, диск сайын насыят окуусуна жол берсеңиз, анда ал акыры сизди караны ак деп ынандырып таштайт!

Ересь чындык сыяктуу эле ынаным жана «майлоо»

менен насыятталат. Мүмкүн эмес дээрсиз. Сөзсүз мүмкүн. Бул бардык жакта болуп жатат. Кантип «өркүндөөнүн жакшы кабарын» бүт дүйнө жүзүндөгү кээ бир чөйрөдө таптаза алтын катары кабыл алышты? Кантип, Жаңы Келишимде тыйындай да негизи жок нерсе ишенгендердин жүрөгүнө жана акылдарына ушунчалык бороз сала алды? Саат сайын насыяттар жана окутуулар, адамдык ач көздүк жана муктаждыктарды, контексттен жулуп алып Жазуудан аяттарды келтирүү аркылуу эмеспи.

Өлөрүнө аз калганда  Кеннет Хейгин (аны «ишеним тууралу окутуунун» атасы деп аташат. Ал окутуу акыры «өркүндөөнүн жакшы кабарына» чейин өсүп жеткен) «Мидастын кол тийгизиши» («Прикосновение Мидаса») деген китепти жазган. Анда өз жолдоочуларын материализми, каражат жыйноодогу жана курмандык жыйноодогу манипуляциялык ыкмаларды колдонгону үчүн ашкерелеген эле. Бирок эмнегедир бул чыгарма өркүндөөнүн насыятчылары кезектеги курмандык бергениңиз үчүн жибере турган китептердин бири болбой калды.

Менин оюмча, бүгүнкү күндөрдө актуалдуу болуп жаткан өркүндөө тууралу окутуу, ондук жана курмандыкка байланышкан баталар жана каргыштар менен коркутуулар бир кезде Пабылдын учурунда актуалдуу болгон сүннөт маселесине окшошуп кетет. Бул Пабылдын соттоосуна тете бөлөк евангелие: *«бирок эгер биз же асмандан периште биз айткан жакшы кабардан бөлөк кабарды айта баштаса, анда анафема болсун» (Галаттыктарга 1:8).*

Пабыл 1 Тиметей 6:3-6 аяттарында Тиметейге жалган окутуучулар менен эмне кылыш керек тууралу насаатын айтып, аны мындай сөздөр менен аяктайт: «Мындай талаш тартыштар акылынан айныган, чындыктан алыстап кеткен, такыбаалыкты байлыкка жетүүнүн жолу деп ойлогон адамдардын ортосунда болот. Ошондойлордон алыс бол». Бул өтө эле кескин, бирок өтө керектүү насаат!

Кафедрадан окулган насыят маселесин талкуулоодо Пабыл өтө катуу айткан: *«Бир туугандар, чогулганыңарда рухий ырлардан ырдайсыңар, насаат айтасыңар, алган*

*ачылышыңар менен бөлүшөсүңөр, ар кандай тилдерде сүйлөйсүңөр, аны которуп түшүндүрүп бересиңер, бирок мунун баары Жыйындын бекемделиши үчүн болсун» (1 Корунттуктарга 14:26).*

Эгер биз ушул насаатка карасак, эч ким кайсы бир багыттагы окутууда же таалим бергенде башчы болуп, башкарбашы керек экен. Аят Ыйсанын Өзүнүн кызматындай суроо-жооптордун, чакырыктар менен ага реакциялардын, монолог эмес, диалогдун атмосферасын түзүш зарылдыгын айтат. Андай болгондо Дененин ар бир мүчөсү аркылуу багытталган Ыйык Рухтун агымы жүрөт. Бул Ыйса Дененин кимдир бирөө каалаганын кылгандай сөз жүзүндөгү эмес, чыныгы башчысы боло ала тургандай түзүлүш. Бул Жазуунун ар бир жери башка бирөө аркылуу теңдештирилген бөлүшүүнүн атмосферасы. Анда Ыйса Өз денесинин ар бир мүчөсү аркылуу сүйлөй алат.

Качан биз бөлөк контексти түзгөнүбүздө, бир же бир нече эле кишилердин интенсивдүү насааттарынын атмосферасы жаралат, лидерлер көп учурда ошол сүйлөп жатканды «Кудайдын адамы», аны кыңк этпей угушуңар керек деп ачык же жашыруун жарыялаганга негиз түзүшөт. Бу термин Эски Келишимден реалийлеринен алынган жана аны колдонгон ар ким ишенүүчүлөрдүн баары ыйык кызматчылар делген келишими бар Жаңы Келишимди жакшы билбегендигин көрсөтөт. Мындай мамиле менен адамдын руханий абалы ал канчалык деңгээлде ошол «Кудайдын адамын» жана анын окуусун кабыл алганына жана ага баш ийгенине байланыштуу бааланат. Бул бардык сектанын негизи. Суроо берип, ойлонгусу келген бардык каалоолор басылат, ошондой эле өз ара бир бирине отчет берүүлүк, айкындык жоголот, лидерликтин культу түзүлөт. Бул Ыйса Машайактын жыйыны эмес. Баары жөнүндө суроолорду бере бергиле! Ыйык Рух эгер сиз Ага суроо бербесеңиз, сизди бардык чындыкка ээрчите албайт. Жакан айткандай:

*«Башынан бери эмнени уксаңар, ошол ичиңерде жашасын. Эгерде башынан бери укканыңар ичиңерде жашаса, анда силер да Уулдун жана Атанын ичинде жашайсыңар. Ал эми Анын бизге берген убадасы – түбөлүк өмүр. Мен силерге адаштыруучулар жөнүндө жаздым! Дегинкиси, Андан алынган Рух силердин ичиңерде жашап жатат, ошондуктан силер кимдир бирөөнүн үйрөтүүсүнө муктаж эмессиңер. Си-*

*лерге баарын үйрөтүп жаткан ал Рух – жалган эмес, чындык. Ал силерге эмнени үйрөтсө, ошону сактап жашагыла» (1 Жакан 2:24 — 27).*

Бир жактуу насыят, конференциялар жана семинарлардын контекстине байланыштуу көйгөйлөрдүн бири – көбүрөөк китеп, конференцияларга билет, аудио жана видео материалдарды сатуу жана телеберүүлөргө көрүүчүлөрдү тартуу үчүн лидерлерге дайым бир жаңы нерсени берип, жаңы сенсациялык ачылыштарды ойлоп табууга туура келет. Акчалар токтолбой келе бериши жана кызмат кылуунун чоң машинасы иштей берсин үчүн ишенген керектөөчүгө кандайдыр бир «жаңы» нерсе берип туруу керек да. Сиз Кудайдын Падышалыгы менен жашабай каласыз жана коңшу кыштакка жаңы үй жыйынын ачуу үчүн да барбайсыз. Сиз сүйлөп эле, анан ага бирдеме үмүттөнүп каласыз. Бир мезгил өткөндөн кийин кезектеги «жаңы» нерсени берүү үчүн кайрадан аны ойлоп табуу керек болуп калат. Кантип кимдир бирөө бир нерсени жөн эле жерден ойлоп таап койсун деп сурай турган чыгарсыз? Кудай Сөзүн сатуучу болуп калганыңыздан кийин бу анча деле татаал болбой калат. Сиз ыймандуулук менен коштошуп, Сөздү сатуучу болуп калгандан кийин калптарды сатууга бат эле жетүүгө болот.

Элин тоюндуруп, жакшылыкка үндөөгө багыттоо негизги милдетим деген чыныгы, багышталган Кудай кызматчыларынын деңгээлинде насыяттын көйгөйү али толуп жатат. Жалаң эле насыяттын сөзү аркылуу эле элдерди өзгөртүп, Кудай Падышалыгынын иштерин кылууга үндөө - жөн эле эшек такалоо. Ошондуктан насыятчылар туңгуюкка кептелишет, анткени иштер кичинеден эле жүрөт да. Ал эми христиандык лидерлик - максат менен багыттоону берүү эмес. Бул сөздөр библиялык эмес. Христиандык лидерлик, башкача айтканда Падышалыктын таралышы үчүн элдерди чакыруу ыкмасы – бул Жеке Үлгү жана Таасир берүү. Сиз лидер катары кызмат кылууга биринчи чуркап турушуңуз керек.

Үйдөн үйгө, баарлашуудан баарлашууга карата гана өзгөрүлүү болот. Реалдуу жашоо - сөздөрдүн, сырткы ке-

бетенин, жөндөмдөрдүн, эмоциялык эйфориянын эстрадалык дүйнөсүнө негизделген эмес. Үйдөн үйгө мамилелери бул өз ара мамилешүүлөрдөгү ак ниеттүүлүк жана Падышалыкты чагылдыруу..

Дагы эле, насыят жөнүндө айталы. Анын Денесинин реалдуу турмушунда чектелген гана орду бар. Насыят али ишене электерге карата эле туура, актуалдуу деп айтсак болот. Эгер 1 Корунттуктарга 14:26 аткарсак, ишенгендердин Денеси чогуу убактысын таптакыр башкача өткөрүүлөрү тийиш. Ар бир мүчөдө Ыйык Рух бар. Аларга дайыма бирөө бир жактан эле насыят айта бериши кажетсиз:

*«Бир туугандар, чогулганыңарда рухий ырлардан ырдайсыңар, насаат айтасыңар, алган ачылышыңар менен бөлүшөсүңөр, ар кандай тилдерде сүйлөйсүңөр, аны которуп түшүндүрүп бересиңер, бирок мунун баары Жыйындын бекемделиши үчүн болсун». .*

**3. А коллективдүү табынуу жана музыкалык даңктоочу? Бизге бул динамиканы сезүүнүн зарылдыгы жокпу?**

Албетте, «коллективдүү даңктоо» деген жаңы келишимдик термин эмес экендиги айдан ачык. Алгачкы үч кылымда органдар, хорлор жана атайын хорго кие турган кийимдер болгон да эмес. Ошондой эле катуу музыкасы, бийи, секирүүлөрү, өзүн эстрадалык артист сыяктуу алып жүргөн башчысы бар рок-группалары да жок эле. Буга окшогон азыркы феномендер менен кошо мындай жаңы терминдер да пайда болду: «коллективдүү майлоо», «Кудай даңкынын көрүнүшү», «даңктын салмагы», «Кудайдын оту түшсүн үчүн даңктоодон курмандыкты куруу» ж.б. Андай сөздөр адамдар чогуу табынып, «Кудай даңкынын чагылышын» көрүп жатканда айыгуулар менен бошонуулар аябай көп боло турганын түшүндүрөт.

Чынбы? А «даңктоо учурундагы коллективдүү майлоо алуу» менен рок-концертте же футболдук матчта алган сезимдердин ортосунда кандай айырмачылыктар бар? Буга окшогон нерселерден жаралган сезимдер бир нерсеге көңүл коюшкан, бир нерсени чогуу ырдап, кыйкырып жаткан, жанында тургандар менен биримдикти

сезишкен топтошкон элдерди түшүндүрбөйт бекен? Бардык диндер биримдиктин күчүнө жана катышып жаткандардын санына басым коюшат. Ошого карабай, сыйынып жаткан адамдардын санына карап Кудайдын жообу болбойт экен. Жакып «адил кишинин сыйынганы көп нерсени кыла алат» деп Илиястын мисалын келтирет (Жакып 5:16-17). Кудай бизди кишилиредин санынан жана бир эле нерсени улам кайталаганыбыздан улам укпайт. Ал бизди моюн сунганыбызга жана Ыйса менен болгон мамилебизге жараша угат.

Ушул «коллективдүү майлоону» биз кандайча түшүнөбүз? Британиялык иллюзионист, бир кезде харизматтык ишенүүчү болгон Дэррен Браундун айтуусу боюнча православныйлар шамдар, жыпар жыттар жана кайталанган ырлар жана фразалар менен элди жеңил эйфориялык абалга киргизип, аны ритуалдар аркылуу Кудайдын катышуусун сезгенге жетишүү деп баалашат экен. Дэррен харизматтар да ушуга окшогон эйфорияга жана сезимдерге жетүү үчүн жандуу ритмикалык даңктоолорду, бийлерди жана кайталанган жарыялоолорду колдоноорун белгилейт. Кызык!!

Массалык евангелизация учурунда айыккан канчалык көп кишилер бат эле анысын жоготуп коеру тууралу ойлондуңуз беле? Дэррен чогулуштун атмосферасы эйфориялык абалды же жеңил гипноз жаратып, топтошкон эл «Майлоону сезгиле!», «Өзүңүздү жеңил сезип калдыңызбы?» деген сыяктуу таасирлентүүлөргө ачык болуп калышат дейт. Гипноз учурунда оору сезилбей калат. Анан бул абал өтөөрү менен эле оору кайрылып келет да, «айыгууңузду» жоготосуз. Сиз албаган айыгууңузду жоготосуз!

Качантан бери «табынуу» профессионалдуу музыкалык топ коштогон бир же эки сааттык интенсивдүү ырдоого айланган? Жаңы Келишимдеги табынуу – Ыйсанын алдында курмандык кылып тил алган жашоо:

> *«Ошондуктан бир туугандарым, Кудайдын боорукердиги менен силерден өтүнөмүн: Кудайга өзүңөрдүн денеңерди тирүү, ыйык жана Ага жага турган курмандык катары бергиле. Бул силердин рухий кызматыңар болот. Бул дүйнөгө ылайыкташпагыла, тескерисинче, Кудайдын жакшы, Өзүнө жаккан жана жеткилең эрки эмне экенин таанып билүү үчүн, акыл-оюңарды жаңылантып туруу аркылуу толугу менен өзгөрүлгүлө» (Римдиктерге 12:1 — 2).*

Бир саат ырдоо аркылуу жетишилген эмоциялык се-

зимдер тууралу Жазууда эч нерсе жок. Ушундай туюмдарды алууга умтулуп жатып биз дүйнөгө окшошуп кетебиз. Биз эмоциялык туюмдарды издейбиз жана көбүнчө бул абалдан чыгар замат чын эле Ыйсаны укканга умтулбайбыз. Бардык эле коллективдүү табынуулар жаманбы? Албетте, жок! Анда ар ким эмоциялык жактан өзүн кандырып, жыргаш үчүн болушабы? Албетте, жок! Ошого карабай мунун баары толугу менен Жаңы Келишимден жана Ыйсанын насааттарынан сырткары турат. Бардык библиядан тышкары турган нерселер канчалык жакшы тилектер менен башталбасын көйгөйлөр менен бүтөрүн унутпасак.

Ушул коллективдүү табынуунун артында турган түшүнүк Жаңы Келишимдик турмуш үчүн талкалагыч мүнөзгө ээ:.

1. Профессионалдуу музыканттар тарабынан имаратта коштолгон табынуу бизди артка, бардык диндер үчүн бирдей болгон диний режимге кетирет. Ал табынууну эстрадалык концерт, шоуга айландырат, мындагы максат эмоциялык туюмдар. Анын «сапатын» адамдар баалашат. Борбордо адам турат. Бул диний гуманизм.

2. Табынуу эл алдында ырдоо жана атайын окуя катары Эски Келишимдик иретке негизделет. Эски Келишимде Кудай чатырда, анан ийбадатканада жашаган. Анын оту түшүп, анан кетип турган. Ыйык Рух түшүп, анан кетип турган. Ыйык кызматчыларынын атайын классы болгон, алардын жалгыз милдети алты смена бою табынып туруу эле. Бул Эски Келишимдик реалийлер азыркы табынуубуздун сезимдерине импорттолуп келген. Ушундай кызматы бар жана чоң майлоону бере алган ар кыл жылдыздардын жарыялоосу аркылуу Рухту түшүрүү, Ыйык Рухту чакыруу тили колдонулат. Биз минтип башыбыз менен Эски Келишимге кирип кетебиз. Ал эми Жаңы Келишимдик реалдуулук болсо – «даңктоонун үмүтү болгон Машайак силерде»!!

3. Буга окшогон иш чараларда көп колдонулган сөздөр – «Кудай чаңкагандарды гана жолуктурат, ошондуктан биз Кудайга чаңкап, суусап турушубуз керек». Ооба, Кудай ырас эле чаңкагандарды тосот жана аябай кыйналып, азап чеккен абалда Аны издегенибизде баарыбыз Анын бизди толтуруусун, жаңыртуусун сезгенбиз.

Бирок бул тил оңой эле Эски Келишим болуп калат.

Мисалы: «Кудай келип, биз менен жолуксун үчүн Аны чакыралы», «От түшсүн үчүн курмандык жайын курушубуз керек». Бул сөздөрдүн баары эмоциялык дүүлүгүү жана мына-мына бир нерсе болот деп күтүүнүн атмосферасынын элементтерин алып жүрөт.

Мында эмне туура эмес? Мүмкүн катачылыктар анча көп эместир, бирок алар бизди Эски Келишимдин ой жүгүртүүсүнө ыргытып жиберсе, анда көп көйгөйлөргө дуушарланабыз. Ал келишимде Кудай Өз элинде, алардын ичинде жашай албагандыктан, эл Кудайдын катышуусун көзгө көрүнгөндөй абалга муктаж болушкан. Ал эми бийиктиктерге бутпарастар барышат да! Кудай ошол жакта деп ойлошот. Кудайдын алыс экендигин туйдурган ушул тилди мына бул сыйынуу менен салыштыргылачы:

*«Ошол себептен мен Теңирибиз Ыйса Машайактын Атасынын – жердеги жана асмандагы бардык үй-бүлө Ким аркылуу аталса, Ошонун алдында тизе бүгүп, Ал Өз даңкынын молдугу боюнча Руху аркылуу ички адамыңарды бекемдесин деп, ишеним аркылуу Машайак силердин жүрөгүңөрдөн орун алсын деп, ошондой эле сүйүүгө тамырланышсын жана негизделишсин, бардык ыйыктар менен бирге Машайактын сүйүүсүнүн кеңдиги менен узундугу, тереңдиги менен бийиктиги эмне экенин түшүнө алышсын деп, акыл жеткис ошол сүйүүнү таанып билишсин, Кудайдын толуктугуна толушсун деп сыйынам. Биздин ичибизде күчү менен аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да, ойлогонубуздан да артык кыла ала турган Кудай жыйында Машайак Ыйса аркылуу муундан муунга, кылымдан кылымга даңкталсын! Оомийин!» (Ефестиктерге 3:21-25).*

Чоң же кичине чогулуш болсун, кээ бирөөлөр айыгышат, кээ бирөөлөр жок. Көпкө чейин калган айыгуунун кереметтери алар пайда болгон жерден эмес, ошол алган кишинин жүрөгүнөн көбүрөөк көз каранды. Биз достору үчүн ыйыктардын үйлөрдө, ашкана бөлмөлөрүндө, көчөдөгү сыйынуусунан ажайып айыгууларды көргөнбүз же укканбыз. Анда профессионалдуу музыка болгон эмес. Өзгөчө атмосфера да жок эле. Бир гана өздөрүндө жашаган Машайакка акырын ишеними, аларда эмгектенген, ашып ташыган Ыйык Рухтун майлоосу болгон. Ыйык Рух адамдарды сүйөт жана Ыйсаны даңктаганды жакшы көрөт.

«анткени биз – Кудайдын кызматташтарыбыз»

«силер Кудайдын эгин талаасысыңар»
«силер – Кудайдын имаратысыңар»
«баары - силердики»
«силер – Машайактыкысыңар, а Машайак Кудайдыкы».

«Кудайдын мага көрсөткөн ырайымы менен мен акылдуу куруучу катары пайдубал салдым. Башка бирөө ошол пайдубалдын үстүнө куруп жатат. Бирок ар бириң өзүңдүн кандай куруп жатканыңа көңүл бур! Себеби эч ким салынган пайдубалдан бөлөк пайдубал сала албайт, ал пайдубал – Ыйса Машайак Өзү».

Пабыл кайда гана барбасын ушундай негиз салуучу жана анын милдети аткарылганын билчү. Ал жыйынды үч-төрт айдан кийин эле калтырып, Кудай андагы курулушту улантаарына ишенчү. Анын негизи эмне эле? Негизи Машайак болчу.

Сиз Анда болушуңуз үчүн Ыйса өлгөн. Анын үнүн уга алышыңыз үчүн, сизди Өз Руху менен толтуруу үчүн Ыйса каза тапты. Өз Атасын көрсөтүү үчүн Ыйса курман болду. Ыйса сиздин башчыңыз болуу үчүн көз жумду. Өз даңкы сиздин жабууңуз, коргонучуңуз болсун деп Ыйса дүйнөдөн кетти. Сиз менен Кудайдын ортосундагы жалгыз арачы болуу үчүн Ыйса өлдү. Өз атынан бийлик берүү үчүн Ал көз жумду.

Пабыл мындан кийин ошол пайдубалга курууга өз адамдарына жол берчү. Аларды ката кетиргенден коргогонго аракет кылбаган. Аларды жанынан чыкпаган апасындай бөпөлөгөн эмес. Аларга ата болгон. От кийин алар эмне курганын көрсөтөт. Эгер алар Кудай курганды талкалашса, анда аларды Кудай талкалайт. Пабыл башка адам курган нерсеге эч кандай жоопкерчилик алган эмес. Аларды Кудайдын колуна тапшырган. Бул иш жүзүндө кандай болгон?

Ал кездеги чоң маселелердин бири жуманын кайсы күндөрү чогулуу керектиги жана буркандарга багышталган этти жесе болобу деген суроолор эле. Мындай маселелерди Пабыл - ачылыш-аяны бар бир тууган, ошол жыйындарды негиздеген апостол жана руханий ата катары жөн эле буйрук же указ менен чечип коет деп ойлосок да болмок. Бирок ал муну кылган жок.

Римдиктер 14 бөлүмдө ал маселелер менен принциптерди талкуулайт, бирок сүйүү эрежесинен тышкары эч кандай эрежелерди сунуш кылган эмес.

2 Корунттуктар 1:24 аятында ал жарыялайт: «Биз силердин ишенимиңердин үстүнөн бийлик кылып жаткан жокпуз, тескерисинче, силердин кубанычыңарга өбөлгө түзүп жатабыз, анткени силердин ишенимиңер бекем». Көңүл бурсаңыз, бул жыйындагы өзү кам көргөндөрдүн арасындагы эң жашыраактарына кайрылуу болчу. Тартип маселесинде ал буйрук бербеген, чакырган. Эгер ал ошол ишенүүчүлөрдүн ишениминин үстүнөн бийлик алса, анда алардын кулашына себеп болмок. Эмне үчүн? Ал Машайактын пайдубалын салды. Эгер ал өзү ошол пайдубалды урматтап, ага таянбаса, анда кантип корунттуктар ага ишенмек. Пабыл Ыйсага Өз жыйынын курганга жол берген. Ал Роланд Аллен «четтөө искусствосу» деп атаган нерсени колдончу. Эгер ата эле чече берсе, уулдары өсүшпөйт да!

Машайактын денесинде бөлүшкөн бийлик деген жок. Машайактын Денесинде бийлик жана урмат гана бар. Бир гана Машайактын бийлиги бар. Машайак Өз бийлигин Өз денесинин ар бир мүчөсүнө бөлүштүрүп берет. Анын ушул авторитети өз ара бир-бирине кызмат кылууга жумшалышы керек.

Эгер сиз Машайактын пайдубалын салсаңыз, анда четке чыгып, Машайактын денесинин мүчөлөрүнө өз жоопкерчилигин алганга жол беришиңиз керек. Эгер антпесеңиз, анда элдер сизден көз каранды болуп калышат. Бул сизди да, аларды да талкалайт. Лидерчилик жеке үлгү жана табигый таасир менен эмес, көзөмөлдөө жана башкалардын үстүнөн бийлик аркылуу иш кылып калат.

Ооба, көп адамдар падышаны каалашат, ооба көптөрү падыша болгусу келет. Ооба, бул кыска убак ичинде ийгиликтүү жана күчтүү болушу мүмкүн. Бирок, атүгүл акылман Сулаймандын падышалыгы да узакка созулган эмес. Мүмкүн араңардан бирөө «бирок бул козголоң жана жекечиликти козгойт» деп айтып жаткандыр. Албетте, бирок Пабыл ушул тобокелге барууну каалаган. Амбициянын маскасын жана бийликке кумарын жашырып, сырткы тил алчаактыкты чүмбөт кылып кийип алуунун ордуна, жүрөктөрдө эмне бар экенин ачык көргөн жакшыраак.

Мен бир лидердик конференцияда сөз сүйлөгөм, андан кийин кокустан бир пастордун кебин угуп калдым. Ал эгер өз адамдарын Кудай үнүн өз алдынча укканга жол берсе, анда анын жыйындагы адамдардын көпчүлүгү кетип калмак деп жатты. Буга анын жанында турган киши-

си макул болду. Эгер андай болсо, анда сиз мыйзамчылык менен манипуляциянын ар кыл формасын куруп жатасыз. Эгер андай болсо, анда мунуңуз кийин Кудайдын оту менен эмес, азыр тезирээк ачылсын дейт элем.

Башкаларга Машайактын пайдубалын куруп жатсаңыз, анда сиз ушул пайдубалга таяна турганыңызды биринчи болуп көрсөткөнүңүз жакшы болот. Антпесе, шакиртиңиз эч качан аны кыла албай калат. Кудай жанына ар бир эркек, ар бир аял үчүн орун сактап койгон. Ал биздин даңкыбыз жана башыбызды көтөртө турганыбыз. Эмне үчүн аябай көп лидерлерибиздин шайы кетип, алсырап калыша тургандыгынын бир себеби – алар Кудай Өзүнө багыштап койгон орунду ээлеп алгандыгында. Эгер биз адамдарды өзүбүзгө көз каранды болууга мажбурласак, анда Кудайдын ордун ээлеп алган болобуз. Бир жолу кайсы бирөө мындай деген эле: «кааласаңыз Кудайдын тагына отура аласыз, бирок Ал Өз тагына Өзү отура баштаганда сизге абдан оор болот».

**4.Апостолдор жана беш кырлуу кызматтын бөлөк жөндөм белектеричи? Алар эмне, жыйындын үстүндөгү Машайактын бийлиги эмеспи?**

Апостолдук реформация кыймылдарында апостолдун мындай популярдуу сүрөттөмөсү бар. Анда апостол жыйындарды коллекциялап, андан кийин алардын үстүнөн бийлик алып, башкарган киши катары көрүнөт. Бар жыйындарды чогулткан адам – жаңы келишимдик апостол эмес. Мүмкүн ал диний администратор эле болушу мүмкүн. Жаңы келишимдик апостол – бул шакирттерди өстүрүү үчүн жаңы территорияларды ачкан адам. Алар биринчи элчилер, чыныгы жиберилгендер. Алар конференциядагы чечендер же сценадагы эстрадалык артисттер эмес.

Жылдар бою кайсы бир чөйрөлөрдө беш кырлуу кызмат тууралу сүйлөө адатка айланып барат. Кызык, Эфестиктер 4:11 – бул жөндөмдөр ушундай түрдө саналып өткөн жалгыз жер экен. Анан ушул жалгыз аят боюнча абдан көп нерселер курулган! Дагы өлгөндөр үчүн чөмүлүү тууралу бир аят бар. Ооба! 1 Корунттуктар 15:29. Эмнеге бул аятты чоң иш үчүн көтөрүп чыкпайбыз? Бизде өлгөндөр үчүн чөмүлүү боюнча проблемабыз бар да, ошондуктан бул аят тууралу айткыбыз келбейт..

Бирок, бышып жетиле элек, өзүнө ишенбеген, корккон, бийликти орун аркылуу алганга умтулгандар Ефестиктер 4:11 аятын ушунчалык жакшы көрүшөт дейсиң, анткени аны Машайактын денесинде бийликтин позиция-

ларын, чин, кызматтар системасын негиздегенге колдонсо болот да. Индивидуализмдин жана өзүбүздү реализациялоонун дүйнөсүндө баарыбыз өз таланттарыбыз, орундарыбыз, жөндөмдөрүбүздү аябай карманабыз. Кудай Падышалыгын иерархия катары түшүнгөнүбүздө, бизди бийлик менен таасирдин структурасына кантип кире алганыбыз гана кызыктырат.

Кандай лидер ушундай «апостолдук торлор» менен байлангысы келет? Кандай лидер «апостолдук атаны» издейт? «Апостолдук колдоочуну» каалайт? Көбүнчө өзүнө ишенбеген, Машайакта ким экенин билбегендер. Алар бийликти, кадыр-баркты, атакты ассоциациялар жана бирикмелер аркылуу издешет. Алар жылуу орунду, өзүнө ишенимди жана стабилдүүлүктү Ыйсадан эмес, а кыймылдарга кошулуп, кирип кетүүдөн издешет. Ыйсаны Өз Башчым деп таануу жетиштүү эмеспи? Кудайды Атам деш жетишсизби? Жөн эле Машайактын Денесинин мүчөсү болуш жетпейби?

*«Эч ким эски чаначка жаңы шарап куйбайт. Анткени чанач айрылып, шарап төгүлөт, чанач жараксыз болуп калат. Тескерисинче, жаңы шарапты жаңы чаначка куюу керек» (Марк 2:22).*

Жаңы чанач – бул жыйынды төрт дубалдын ичинде же бийликтин иерархиялык түзүлүшүнүн ичинде уюштуруунун жаңы образы эмес. Сиздин төрт дубалдын ичинде эмеректи ары-бери жылдырганыңыз эч кимди кызыктырбайт.

Бирок, Кудайдын Падышалыгы чынында Бир Башчы, Ыйса менен чыныгы достукта курулган, бул Падышалык – «тескери кеткен» Падышалык, анда башчылык жогоруга эмес, төмөнгө чуркоо экенин түшүнүп, айта баштасаңыз, анда «кыйын абалга» кабыласыз. Сиз диний жашиктин чегинен чыгып кетесиз да, анын ичиндегилердин баарына коркунуч туудуруп каласыз.

Жаңы шарап чаначы – бул «тескери» падышалык. Жаңы шарап чанач – бул башчы-кызматчы. Жаңы шарап чаначы – бул достордун бир деңгээлдеги табигый жыйыны. Жаңы шарап чаначы – бул ыйык кызматчылардын падышалыгы.

Жаңы шарап чаначы – пирамидагы орундарды ээлөө жана бийлигин көрсөтүү эмес, а өз ара бир-бирине осуяттарды аткаруу, достугун көрсөтүү аркылуу аныкталган мамилешүүлөр.

## КУБАНЫЧ

Албетте, кимдир бирөө ар кимдин бирдей баркы бар, баарыбыздын маанибиз тең, бирок ар бирибиздин ар кыл функциясы бар деп айтаар. Ооба, бул туура, бирок ушул ар кыл функцияны бир-бирибизге кызмат кылуу үчүн колдонобузбу же ушул функциялардын кээ бирөөлөрү аз сандагы адамдарга баарын чечкен начальниктер катары иш кылганга бийлик берип жатабы? Уруксаат берүү же бербөө - бул бизди бийлик аныктаган бутпарастык мамилелерге сүрүп таштаган жол эмеспи. Жана баары номиналдуу түрдө тең укуктуу болгону менен иш жүзүндө кимдир бирөө башкаларга караганда көп укугу бар болгондук - бул бутпарастык реалдуулук.

Беш кырлуу кызматтын жөндөмдөрү структурадагы чин, статус же орунду билдирбейт. Эгер сиз эң кичинелерге, дүйнөгө жана Машайактын Денесине кызмат кыла баштасаңыз, өмүрүңүз белгилүү бир жемиштерди апкелиши мүмкүн. Эгер досторуңуз бул жемишти таанышса, анда сизди апостол же пайгамбар катары, же евангелист, же пастор, же окутуучу катары жалгай башташат.

Же беш кырлуу кызмат – биздин жашообуздун этаптары. Биз досторубузга жана туугандарыбызга Ыйсадагы жаңы өмүрүбүз тууралу айта баштаганыбызда, евангелисттер катары иш кылабыз. Качан алар Ыйсага келишкенде, аларды Ыйса жана Кудай Падышалыгы жөнүндө үйрөтө баштайбыз. Биз алардын мамилелериндеги, жашоосундагы көйгөйлөрдү кечирим, калыбына келүү жана чындыкты таануу аркылуу айыктырып, пастор катары багабыз. Карым-катыштардагы чиелерди чечип, адамдарды эркиндикке чыгаруу үчүн пайгамбарчылык жетекчилик да керек. Жеткилең болгон сайын, шакирттердин топторуна өсүүгө жардамдашып, жаңы территорияларга жылып, нөлдөн баштап, элдерге Ыйса тууралу айтып, жаңы окуучуларды өстүрө баштайбыз. Биз Машайактын кызматчыларынын эң төмөнкүлөрүнөн болгон апостолдуктун фазасына өтө баштайбыз да, өзүбүзгө башкалардан көп тобокелдикти алып, эң коркунучтуу жактарга жөнөйбүз.

Же мүмкүн, беш кырлуу кызматтар – Ыйса биздин жашообуз аркылуу муктаждыктарга жараша адамдарды

сүйүп, жардамдашып, кандай кызмат кылып жатканынынын көрүнүшүдүр. Баарыбыз Анын денесинин мүчөлөрү болгонубуздан, качан бизге пастор, пайгамбар, евангелист, окутуучу же апостол катары чыгууга туура келгенде, Ал Өзүн биз аркылуу Өз Толуктугунда көрсөтөт да.

Кандай гана жөндөм, талант же кызматыңыз болбосун, эгер Ыйсаны көрсөңүз, анда сиздин бааңыз, ысмыңыз, образыңыз, маңызыңыз - иштериңиз менен кылган аракеттериңизде эмес, бир гана Ыйсада экенин билесиз. Эгер Ыйсаны көрсөңүз, анда бир эле Эгебиз бар экенин жана баарыбыз бир-бирибизге дос экенин; бир эле Мугалим болуп, калган баарыбыз шакирт экенибизди; бир эле Ата, а биз Анын балдары экенибизди; бир Ыйык Рух жана биз баарыбыз Анын ийбадатканасы экенин билесиз.

Ушул беш кырлуу кызматтардын жөндөмдөрүн ар кыл колдонсо болот, бирок бардык учурда алар орун жана бийликти билдирбейт. Алардын маңызы – Машайакта толуктукта жашап, Машайактагы өз ордуларын билиши үчүн кишилерди бошотуу болуп саналат. Алар иерархиянын, көзөмөлдүн жана башкаруунун эски чаначына караганда достуктун, үлгүнүн жана таасир берүүнүн жаңы шарап чаначтарына куюлган жеңил болорун экенин билишет.

**5. А отчеттуулук (эсеп-кысап) маселесичи? Адамдарды бир-бирине отчеттуулукта кармоо үчүн бийликтин кызмат орду талап кылынат да?**

Баарынан мурун алыс аралыкта адамдары жайгашкан миссиянын чегиндеги отчеттуулук тууралу сөз жүрсө жана өзүн апостол же пастор деп атаган чек аранын ар жагындагы бирөөгө отчеттош болсоң, анда эмне болот? Алыскы аралыктагы бийликти алдап койгондон оңой эч нерсе жок. Кааласак, ага караңгыда кармап, аттын тезеги менен тамак берген козу карындардай эле мамиле кылсак болот.

Алардын астындагы лидер кооз сүрөттү көрсөткүсү келет жана ошондуктан бир гана оң көрүнүштөр менен бөлүшөт.

Качан жаман нерселер чыга баштаганда (алар абал өтүшүп, көбүнчө кризис абалына кирип кеткенде били-

нишет), эң жогоруда турган лидердин мындай алыс кеткен, түрү суук ситуацияга кызмат кылып, жардам берүүгө керек болгон убактысы да, таянычы да болбойт. А андан көз боочу калпагынан алып чыккан коендой, керемет чечимди баары күтүп турушат. Миссиянын алыскы жеринде башаламан бардак тереңдеп жатканда чет жактан карап турган башка жергиликтүү адамдар аны билип калышат же сезе башташат, бирок ошол эле учурда алыстагы улуу лидер бул тууралу билет, бирок эч нерсе кылбай жатат деп ойлошот, ошондуктан алар анын ак ниеттүүлүгүнөн, абийирдүүлүгүнөн күмөн санай башташат. Көп учурда улуу лидер да өз жагынан отчет берген адамынын үстүнөн өтө эле казгысы келбейт. Анткени бул ал кызматка карата курмандык берүүнүн санын терс таасирин тийгизиши мүмкүн да. Ошентип, төмөндөн жогору кеткен мындай эсеп-кысаптар көп учурда жаман же жакшы жабылган башаламандыкка алып келет.

Буга альтернатива барбы? Эгер дароо, көйгөйлөр али кичине кезде командадагы ишенип, чындыкты айталган достордун арасында талкуулай алсак, анда проблеманы ийгиликтүү чечүүгө көп мүмкүнчүлүк болмок. Андан тышкары адам сизге калп айтаардан мурун эле Ыйык Рухка жалган айта баштаган болот. Эгер кимдир бирөө Ыйык Рухка отчеттуу болгусу келбесе, анда эмне үчүн сизге эсеп-кысап берет деп ойлойсуз?.

Чындыкты айтуу – Жаңы Келишимдин бир-бирине мамиле боюнча буйруктарынын бири. Катачылыктарды жана күнөөлөрдү моюнга алуу – бул башка. Чындыкты айтуу жана сырын ачып тобо кылуу – бул иерархия таңууланган отчеттуулук жөнүндө эмес, а достук, ишенүү, ачыктык, моюн сунуу менен соттолуп, уят болуу коркунучунан эркин болуу жөнүндө. Чындыкты айтып, тобо кылуу бир гана теңчиликте, жарыштан, бир нерсени далилдөөгө умтулуудан эркиндикте, театралдык чүмбөттөрсүз жана бийлик үчүн күрөшсүз атмосферада гана болушу мүмкүн.

Иерархиялар – бул артисттик үчүн, чүмбөттөр, жарыштар жана атаандашуулар үчүн идеалдуу шарттар. Шатыдан жогорулаш үчүн дайыма жакшы көрүнүп туруу керек. Жакшы көрүнүүгө умтулуу бул алсыздыктарды, катачылыктарды, кемчиликтерди жашырыш керек экендикти билдирет. Плюс сиз мүнөзүңүз жана жандуу мамилешүүлөрдө ыйыктык, абийирдүүлүккө жараша эмес, иерархия боюнча жөндөмүңүз, эл алдында чы-

гып жүргөнүңүзгө жараша жыла баштайсыз. Көп учурда жогору жакка жылып бараткандар аябай алсыз мүнөзгө жана жандуу мамилелерде чынында баарынан аз ыйыктыкты көрсөткөндөр болушат. Бирок алар бийликтин оюнун кантип ойношту билишет.

Бул оюндун бир бөлүгү – кичинекей эрежеде: сен мага, мен сага. Эгер мен сени жаап койсом, сен да мени жашырып жабасың. Иерархиялар жакшы вертикалдуу отчеттуулукту көрсөтүшү мүмкүн, бирок проблема ушунда да. Көрүнүү – жашырып жабуунун бөлүгү.

Иерархия жана кызмат кылууну эстрадалык отчеттуулук деп ойлоо – достукту бузат. Кызмат боюнча жогорулайын деп ак эткенден так эткендердин досу болбойт. Тааныштары гана болот, аларды жөн гана колдонушат. Ал эми тааныштар  ошол эле оюнга катышкандыктан Кудай Сөзүнө реакция кылышпайт. Негизги эрежелер түшүнүктүү: «сен менин аркамды тырмасаң, мен сеникин тырмап берем. Кол колду жууйт. Бирок сен менин кийинки максаттарымды жылдырганга көмөк кылбасаң, анда

тууган, таарынба, мен да жардашпайм». Албетте, сиз башкаларды колдоносуз, алар да сизди пайдаланышат, бирок бул «кызматтын» өсүшүнүн ажырагыс бир бөлүгү катары кабыл алынат.

Ыйса Өз Падышалыгын бир туугандардын чөйрөсү аркылуу таралсын деп ойлоп, жараткан болучу. Ал Өз шакирттерин досторум деп атаган. Эч кандай деноминациялык устав же жүрүм-турумдун кодекси достордун жүрөктөрүнүн ортосундагы жакындыкты, чынчылдыкты жана ачыктыкты, чогуу жашоону алмаштыра албайт. Бирөөнүн үстүнөн канчалык бийлигиң болсо да, отчеттукту таңуулай албайсың. Биз пирамидалар үчүн жаралган эмеспиз. Биз Кудайдын достору болууга жана бир бирибизге дос болууга жаралганбыз.

# ТИРКЕМЕЛЕР 1-4

### №1 Тиркеме

## АПОСТОЛДОР – МАШАЙАКТЫН КУЛДАРЫ

Эмне үчүн кээ бир апостолдор өздөрүн супер жылдыздарга айландырышат? Жана эмне үчүн кээ бир адамдар азыр апостолдор жок деп белгилешет? Пабыл апостолдукту жыйынды насааттоо, өстүрүү, жеткилеңдикке жеткирүүгө керек болгон беш жөндөмдүн бири катары карайт. Эмне үчүн кимдир бирөөлөр бул жөндөмдү абдан мактайшат? Эмне үчүн бирөөлөр тескерисинче бул жөндөм алынып кеткен деп эсептейт? Жооп баарынан мурда апостолдун чынында ким болгонун түшүнбөстүктө жатат (грек-римдик социалдык контекстте). Бизге апостол жыйын түзүлүшүнүн иерархиясынынын башында тургандай элестелет, ал эми ошол эле учурда Жаңы Келишим аны эң төмөнкү катарга коет. Апостолдукту түшүнүү биздин лидерлик тууралу түшүнүгүбүздөн келип чыкса, Жаңы Келишимде ал бут жууган төмөнкү статустагы малай (Жакан 13), «төмөн карай моюн сунууга чуркоо» (Матай 20:26) жана «баары үчүн кул» болууну түшүндүрөт (1Корунттуктарга 9:19).

«Байыркы учурда «апостол» деген бир жакка жиберилген жөн эле адам болчу. Апостолду башка адамдын ысмы менен бир иштерди жасоого жиберишчү. Башында бул терминде диний маани деле жок эле. Алгач бул курмандык кылганга аянычсыз, анча баалуу эмес кул болгон. Байыркы дүйнөдө көчүү же саякат коркунучтуу болчу жана адамдар аны өз эрки менен жеңил-желпи аткара алчу эмес. Өзүнүн ордуна бирөөнү жиберүүгө укуктуу кишилер кул ээлөөчү, же мамлекеттик чиновник, же аскер командири болгон. Ал эми жиберилгендин өзү – апостол – эркин тандай алган эмес. Аскер же өкмөттүк органдар тарабынан указдар менен жиберилген апостол аскер кортежинин коштоосунда жүргөн. Бирок кул апостол мындай коргонучка ээ болбогон. Кожоюн жөн гана анча бааланбаган, ажырап калса анча кайгырбаган кулду тандап алчу да, аны өз иштери боюнча алыскы аралыктагы жерлерге жиберчү. Кул апостол үй системасында бут жуу өңдүү эң төмөнкү кара жумуштарды жасаган (Жакан 13). Эң төмөн баалангандыктан кабарчы катары жөнөтүлчү.

Пабыл каттарында өзүн кабарчы кул деп атаган:

*«Ыйса Машайактын кулу, элчи (апостол) болууга чакырылган, Кудайдын Жакшы Кабарын таратуу үчүн тандалып алынган Пабылдан салам»* (Римдиктерге 1:1). Анын өзү тууралу абдан көп кездешкен сүрөттөмөсү төмөнкүдөй: *«Мен жүйүт эместерге Ыйса жиберген кулмун. Аларга Кудай Падышачылыгы Ыйсада келди деп айтыш үчүн жиберилгем».* Бүгүн биз Пабылдын өзүн кабыл алуусунун ушул маанилүү аспектисин байкабай калышыбыз мүмкүн. Анткени Жаңы Келишимде кулчулукка байланышкан 190 ар кыл грек терминдери биздин тилде эки гана вариантта: *«кул»* жана *«кызматчы»* деп берилген. Бул анча ылайыктуу эмес котормо. Анткени Пабылдын учурунда рим империясынын калкынын үчтөн бир бөлүгү кул ээлөөчүлөр, 1\3 бөлүгү кулдар жана 1\3 бөлүгү мурунку кулдар болчу. Пабыл эмне айткысы келгенин ачык билдирген: Машайакка кулчулук – бул өзгөчө ээлик. Машайак бул кожоюндун Өзү («куриос» - бул кожоюнду билдирген карапайым элдик термин). «...азыр мен адамдарга жагууну ойлоп жатамбы же Кудайга жагууну ойлоп жатамбы?

## Биринчи Тиркеме

Же силер мени адамдарга жагууга аракеттенип жатат деп ойлоп жатасыңарбы? Эгерде мен дагы эле адамдарга жагынып жүрсөм, анда Машайактын кулу болмок эмесмин».

«Апостол» деген сөздүн библиялык маанисин түшүнүүдөгү башка бир проблема – бул орто кылымдык сүрөттөр. Анда Ыйсанын он эки шакирти баштарынын тегерегинде жаркыраган нимб менен тартылышчу. Бизге алар эмнегедир жогорку статустагы жана чоң бийликтеги адамдар катары көрүнүп, аябай өзгөчө болгондуктан саны он экиге эле жеткен деп ойлойбуз. Бул «апостол» деген түшүнүктүн баштапкы маанисинен таптакыр башкача түшүндүрмө. Бул жогорку статустагы башчылык позициянын даражасы болгон эмес. Ыйсага чейин да, кийин да «апостолдор» болуп, эч кандай бийлиги жок, азыркы идиш-аяк жуугучтардай көп таралган төмөнкү статустагы кулдар эле. Эгер байыркы мезгилдей эле азыр да бизде кулчулук болсо, «апостол» деген сөз укканыбызда менеджер, аткаруучу директор же ресторандын ээсин элестетмек эмеспиз. «Апостол» жогорку статуска жана бийликке претензия эмес, а төмөнкү статус менен баарын, өмүрүн да курмандык кылууга даярдыкты билдирчү. Качан сиз «Машайактын» деген сөздү кошумчаласаңыз, анда апостол кимдин ишин кылып жатканын, кимдин бийлигинин астында аракеттенип жатканын көрсөткөн. Машайак – негизги, Ал апостолдорду жөнөтчү, ал эми апостол айтып жатканда ал жөн гана жол көрсөтүүчү болгон.

«Апостолдук» - Жазуудан келген термин эмес. Эгер Жазуу боюнча айтсак, анда апостол кулдар (көмөк берүү, кудайы кылуу, кайрымдуулук берүү ж.б. жөндөмдөр сыяктуу) ошол кезде аябай таралган жөндөм белектердин бири болгон. Азыр да бу көп болушу керек.

Жаңы Келишимде Он Эки менен Пабылдан тышкары көптөгөн апостолдор бар эле. Алар Жазуунун авторлугуна киришкен эмес, жана бул жөндөмдү титул, статус же артыкчылык деп эсептешмек эмес. Бизге баарынан мурун эмне керек? Ушундай апостолдор, жарадарлар жана жоголгондорго бара турган Ыйсанын миссиясынын кулдары керек. Кудай Кудайды жиберет жана жолдоочуларына жолдорунан адашкандарга барууга, алар качан келет деп күтпөгөнгө буйрук берет. Көп лидерлер модалуу айтылуу окутуулар тууралу угушуп, китеп окушуп, «апостолдук башчылыкка ээ болгусу» келет. Ошол эле учурда алар башчылыкта калып, бийликти кармап, коопсуздук менен комфортто,

кандайдыр бир христиандык бункердин стабилдүүлүгүн жана тартибин сактагылары келет. Бул өз ара бир-бирине сыйгыс түшүнүктөр. Апостол болуу дегендик курмандыкка барып, төмөнкү статусту кабыл алып, бул дүйнөнүн шылдыңдарына жана стабилсиздигине дуушарланууга даярдыкты билдирет: «Кудай бизди, элчилерди, өлүмгө өкүм кылынган акыркы адамдардай кылып койсо керек деп ойлойм. Анткени биз бул дүйнөдө периштелер менен адамдар үчүн тамашага айландык (1Корунттуктарга 4:9,10).

Апостолдор Кудай тарабынан жыйынга жана дүйнөгө белек катары берилишен (Эфестиктерге 4:11) жана азыр аларга аябагандай муктаждык бар. Апостолдору (пайгамбарлары да) жок жыйын жалыны жок отко окшойт. Машайактын Денесинде эмне туура эмес болуп жатат? Биз интеллектуализм, диний көзөмөл жана дене кумарлары аркылуу апостолдордун көптөгөн санын жок кылып алдык. Ошондуктан көпчүлүк жөндөм белектер дагы колдонбойт жана практикаланбайт, Кудайга курмандыкка берилбейт, анткени апостолдордун ролу Денени кызматка жана жеткилеңдикке жеткирүү эмеспи. Биз бүгүн билген жыйындардан апостолдордун көпчүлүгүн таба албайсың, ошондуктан жалын башка бир жакта күйүп жатат. Ыйса – башчыбыз, Ал Өзү жөнөтүлгөн, ошондуктан Өзүнө тийиштүүлөрдү азап тартууга жана кызмат кылууга жөнөтүп жатат. Өз Падышалыгынын толуктугунун келе жатканын сезишсин деп жөнөтүп жатат. Апостолдор менен пайгамбарлар – Кудай көргүсү келген жыйындын негиздери (Эфестиктер 2:20; 3:5 —6; 4:11).

Бизге алардын пайда болуп, санынын көбөйүшү керек. Булардын ысмы «а» же «п» өңдүү баш тамгалардан башталбайт, а кичине тамгалардан башталып, эч ким эмес, кичине болушкандар Машайак аркылуу Кудайга кымбат болгондор. Биз азыркы жыйыныбыздагы чума болуп калган «бир адамдын шоусунун» жаңы версиясы туралу сөз кылып жаткан жокпуз. Алар кичине тамгадан башталып, чоң «Лар» менен бүткөн апостолдор менен пайгамбарлар. Бизге эми жекече супержылдыздар кереги эмес. Бизге *«бир-бириңерге Кудайдын коркунучу менен баш ийгиле» дегендин чыныгы маанисинин үлгүсү керек (Эфестиктерге 5:21).*

Теңир, суранам, берекелүү түшүмгө жумушчуларыңды жиберчи!

Брайан Додд (Жаңы Келишимдик изилдөөлөрдүн доктору, Шеффилд Университети) – автор «Жыйындык башчылык күчүндө: Пабылга ылайык Рухта кызмат кылуу» [Downers Grove: Intervarsity Press, 1991].

## № 2 ТИРКЕМЕ

# ЖАҢЫ КЕЛИШИМДЕГИ ҮЙ ЖЫЙЫНЫ

Бул тиркемеде биз Лукадан болгон Жакшы Кабардагы Ыйсанын үйлөрдөгү кызматын талкуулоону улантабыз. Ооба, Ыйса, Пабыл жана башка апостолдор да Элчи иштеринин башында синагогаларда да, ийбадаткананын босогосунда да кызмат кылгандыгы айтылат. Бирок ал китептен айкын көрүнгөндөй, Пабыл мындан ары жүйүттөргө эмес, бутпарастарга гана барайын деп чечет (Элчи иштери 18:6-7). Элчи иштеринде дагы мындай жазуу бар: «миңдеген жүйүттөр Ыйсага ишенип калышты, алардын баары Мусанын мыйзамын кызганчаактык менен тутушат» (Элчи иштери 21:20). Бирок жыйындын бул бөлүгү үчүнчү кылымда жок болуп тынышты, анткени Ыйсага бул ишенүүчүлөр өздөрүнүн синагогадагы эски келишимдик системасына жана мыйзамына кайра кирип кетишти.

Ошондуктан чогулуштар башында ар кыл жерлерде өткөн, Жаңы Келишимдин каттары багышталган кишилер күнүмдүк кадиресе турмуш өтүп жаткан бардык жерде чогулушчу экен.

### *1. 1.Ыйсанын үй боюнча кызматтары жөнүндө Луканын Жакшы Кабарынан тогуз шилтеме:*

*5:19 – бирок элдин көптүгүнөн алар аны үйгө киргизе албай, үйдүн төбөсүнө*

*чыгып, чатырды ачышты. Ошол жерден шал оорулуу аламды төшөнчүсү менен, ортого Ыйсанын алдына түшүрүштү.*

*5:29 –Леби Ыйсаны үйүнө чакырып, чоң сый көрсөттү.*

*Ыйса менен көптөгөн салык жыйноочулар жана башка кишилер бир дастаркондо отурушту.*

*7:36 – бир фарисей Ыйсаны тамакка чакырды. Ыйса анын үйүнө барып, дасторконго отурду, (англ. котормо алардын жанына отурду).*

*10:7 –ошол үйдө калып, алардын берген тамагын ичипжегиле. Анткени эмгектенген адам эмгек акысын алууга татыктуу. Үйдөн үйгө көчпөгүлө ( үй жыйындарын куруу жөнүндө Ыйсанын буйругу).*

*10:39 – Анын Мариям деген сиңдиси бар эле. Ал Ыйсанын бут жагында Анын сөзүн угуп отурду (Мариям менен Марфанын үйү Ыйсага борбор болчу).*

*11:37 –Ыйса бул сөздөрдү айтып бүткөндө, бир фарисей Аны түшкү тамакка чакырды. Ал келип дасторконго отурду. .*

*14:1 – Ишемби күндөрдүн биринде Ыйса фарисейлердин башчысынын үйүнө конокко барды. Фарисейлер Аны карап турушту.*

*19:5 – Ыйса ошол жерге келгенде, жогору карап:«Закай, тезирээк түш! Мен бүгүн сенин үйүңдө болушум керек» -деди. .*

*22:11 «Шакирттерим менен Пасах тамагын жей турган бөлмөм кайсы?» - деп сенден Устатыбыз сурап жатат, - дегиле». «Ошондо ал силерге төшөнчүлөр төшөлгөн, үстүнкү кабаттагы чоң бөлмөнү көрсөтөт, тамакты ошол жерге даярдагыла,» – (эскерүү тамагы Кожоюндун үйүнөн башталган)..*

### *2.Жаңы Келишимдеги үй жыйындарына болгон түзмө-түз он беш эскерүүлөр:*

Лука 10 бөлүмүнүн призмасынан карасак, Пабыл көп учурда шаардын жыйынына кайрылып, андан кийин ар кыл ыйыктардын үйүндө чогулган үй жыйындарын эскерип кеткенин түшүнөбүз. Ошол ар кыл үй жыйындары жалпы биригип келип, шаардын жыйынын түзүшчү. Шаар жыйыны тууралу кам көрүү үчүн аксакалдар менен дьякондор айрым конкреттүү үй жыйындарынан шайланышкан. Аксакалдар жалпы абалды караштырышса, дьякондор үй жыйындарындагы жетим-жесирлерге көмөк көрсөтүүнү териштиришкен.

Бирок Пабыл эч качан каттарын жыйындын аксакалдарына жекече эмес, а дайыма ыйыктарга жазган.

## Экинчи Тиркеме

Ошол эле учурда аксакалдарга эч качан буйрук стилинде эркин билдирбей, дайыма кайрылып, диалог кылып, жыйынга толугу менен сүйлөгөн.

*Элчи ишт. 1:13-14 –Шаарга келишкенден кийин Петир, Жакып, Жакан, Андрей, Филип, Томас, Барталамей, Матай, Алпейдин уулу Жакып, Зилот Шымон жана Жакыптын уулу Жүйүт өздөрү чогулуп жүргөн үйдүн үстүңкү бөлмөсүнө чыгышты. Булар бир топ аялдар менен, Ыйсанын энеси Мариям менен жана анын бир туугандары менен чогуу, бир тилек менен сыйынып жүрүштү.*

*Элчи ишт. 2:46 – Күн сайын ийбадатканада чогуу болушчу, үйлөрдө нан сындырып, кубаныч менен, таза жүрөк менен тамактанышчу.* .

*Элчи ишт. 5:42 - Ошондон кийин алар күн сайын ийбадатканада жана үйлордө адамдарды окутуп, Ыйса Машайак жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратууну токтотушкан жок.*

*Элчи ишт. 8:3 – Ал эми Шабыл үйдөн-үйгө кирип, эркек болобу, аял болобу, бардыгын сүйрөп чыгып, түрмөгө кармап, Жыйынды жок кылууга аракет кылып жатты.*

*Элчи ишт. 10 – Корнилийдин үйү.*

*Элч. ишт 12:12 –ал Марк деген да ысымы бар Жакандын энеси Мариямдын үйүнө келди. Ал жерде бир топ киши чогулуп, сыйынып жатышкан эле.*

*Элч. ишт. 16:25-34 – Филлипидеги түрмө сакчысынын үйү.*

*Элч. ишт. 28:30-31 – Пабыл Римде эки жыл батирде жашады (өзү акы төлөп-англ. тил.) Келгендердин баарын кабыл алып. Кудайдын Падышалыгы жөнүндө, Теңир Ыйса Машайак жөнүндө кайраттулук менен айтып, аларды тосколдуксуз окутуп жатты.*

*Элч. ишт. 16:5 – жыйындагылардын ишеними бекемделип, сан жагынан күндөн-күнгө көбөйүп жатты.*

*Элч. ишт. 16:40 –алар болсо түрмөдөн чыккандан кийин, Лидиянын үйүнө келишти. Ал жерде бир туугандарга жолугуп акыл-насаат айтышты, анан жолго чыгышты.*

*Римдиктерге 16:4 – Алардын үйүнө чогулган жыйынга да салам айтып койгула.*

*Римдиктерге 16:23 – мага жана бүт жыйынга меймандостугун көрсөтүп жаткан Гай силерге салам айтып жатат*

*1 Корунтукттарга 16:19 –Теңир жолунда жүргөн Акила менен Прискила да өздөрүнүн үйүндө чогулган Жыйын менен бирге ысык салам айтып жатышат.*

*Колосалыктарга 4:15 – Лаодикиядагы бир туугандарга жана Нимпанга, анын үйүндө чогулган жыйынга салам айтып койгула*

*Филемонго 1:2 –сенин үйүңө чогулган Жыйынга, сүйүктүү бир тууганыбыз Апияга,*

*Биз менен бирге күрөшкөн Архипке салам!*

***3.Жаңы Келишимдеги үйдөгү жыйын тууралу он беш кыйыр эскерүү:***

Эгер Жазуунун ушул жерлерин общиналарды имараттардын тегерегинде, же имаратка байланыштырып куруу менен байланыштырып карасак, анда алар анча мааниге ээ эмес. Бирок биз аларды Лука 10 бөлүмүнүн призмасынан окусак жана биринчи кылымда жыйын үйлөргө уюштурулганы факт болсо, анда таптакыр бөлөк мааниге ээ болуп, үйлөрдөгү жөнөкөй жыйындардын тарыхынын бир бөлүгү болуп калат.

*Элчи ишт. 18:7 –Ошентип, Пабыл синагогадан чыгып, Кудайды урматтаган Жуст деген бир кишинин үйүнө келди. Анын үйү синагоганын жанында эле.*

*Элчи ишт. 19:9 –Бирок кээ бир адамдар өжөрлөнүп, Теңирдин жолу жөнүндөгү окутууну эл алдында жамандап, ишенбей коюшту. Ошондо Пабыл аларды таштап, шакирттерди бөлүп кетти да, күн сайын Туран деген адамдын орто окуу жайында насаат айта баштады.*

*Элчи ишт. 20:8 – Биз чогулган үйдүн жогорку бөлмөсүндө көп шам чырак күйүп турган.*

*Элчи ишт. 20:20 – Силерге пайдалуу боло турган нерселердин бардыгын айттым, силерди бүт эл алдында да, үймө-үй кыдырып да окуттум.*

*Римдиктерге 16:10 –Машайак жолунда сыноодон өткөн Апелеске салам айтып койгула. Аристобулдун үйүндөгүлөрүнүн ишенгендерине салам айтып койгула.*

*Римдиктерге 16:11 – Менин тууганым Иродийонго жана Нарскистин үйүндөгүлөрүнүн Теңирге ишенгендерине салам айтып койгула.*

## Тиркеме №3

*Римдиктерге 16:16 – Ыйык өбүшүү менен саламдашкыла. Силерге Машайактан бардык Жыйындары салам айтып жатышат.*

*1 Корунттуктарга 1:11 – Бир туугандар, өз ара талашып-тартышып жатканыңар Хлоянын үйүндөгүлөрү аркылуу мага маалым болду.*

*1 Корунттуктарга 1:16 – Степандын үйүндөгүлөрүн да суга чөмүлдүргөм.*

*1 Корунттуктарга 16:15 – Ахая жеринде Теңирге биринчилерден болуп ишенген, өздөрүн ыйыктарга кызмат кылууга арнаган Степандын үй-бүлөсүн билесиңер.*

*Филиптиктерге 4:22 – Бардык ыйыктар, айрыкча падыша сарайындагылар силерге салам айтып жатышат.*

*2 Тиметейге 1:16 – Теңир Онесепордун үй-бүлөсүнө ырайым кылсын, анткени ал мени көп жолу сооротту, менин кишенимден уялган жок.*

*2 Тиметейге 4:19 – Прискила менен Акилага, Онесепордун үй-бүлөсүнө салам айтып кой.*

*Титке 1:11 – Алардын жаагын жап кылуу керек. Алар өз керт башынын уятсыз кызыкчылыктары үчүн, окутпаш керек болгон нерсени окутуп, кээ бир үй-бүлөлөрдү толугу менен бузушат.*

*2 Жакан 1:1 – Кудай тандап алган мырзайымга жана анын балдарына аксакалдан салам! Силерди мен эле эмес, чындыкты билгендердин баары жакшы көрүшөт.*

# №3 ТИРКЕМЕ

# БИР БИРИНЕ БОЛГОН МАМИЛЕ ТУУРАЛУ БУЙРУКТАР

Өз ара мамилелердеги ак ниеттүүлүксүз жана чындыксыз туура доктрина бул – жансыз ортодоксалдуулук. Класста отуруп, бирөөнүн лекциясын уга берип, дос болууну үйрөнбөйсүң. Күнүмдүк жашоодо Ыйсанын артынан чогуу ээрчүү менен дос болгонду үйрөнөсүң. Жаңы Келишим бир-бирине болгон мамиле тууралу буйруктарга толгон. Достордун бир-бирине болгон мамилеси тууралу Жазуудан 40 аят төмөнкүдө саналып берилди, бирок

эгер «бир туугандар»,. «жакындар» же «мүчөлөр» деген сөздөр колдонулган окшош аяттарды кошсок, алардын саны жетимишке чейин узарат эле.

Бүткүл Жаңы Келишимге себилген бул буйруктар иерархиялык түзүлүштө эмес, тең укуктуу мамилелерде курулган достордун общиналарынын реалдуулугун далилдейт. Мындай жыйындар чын жүрөктөн бир бирине кызмат кылып жашап, ушунусу менен ар киминде жашаган Падышага кызмат кылууга чакырылышкан болчу.

*1. Жакан 13:34-35 – Силерге жаңы осуят берем: бири-бириңерди сүйгүлө! Мен силерди сүйгөндөй, силер да бири-бириңерди сүйгүлө! Эгерде бири-бириңерди сүйсөңөр, башкалар силердин Менин шакирттерим экениңерди билишет.*

*2. Жакан 15:12 – Менин осуятым бул: бири-бириңерди Мен силерди сүйгөндөй сүйгүлө.*

*3. Жакан 15:17 – Силерге бере турган осуятым бул: бири-бириңерди сүйгүлө.*

*4. Римдиктерге 12:10 – Бири-бириңерди бир туугандык сүйүү менен, чын жүрөктөн сүйгүлө;*

*5. Римдиктерге 12:10 – бири-бириңерди оозунуп урматтагыла.*

*6. Римдиктерге 12:16 – Бир ойдо болгула (англ.: бир-бириңер менен гармонияда жашагыла). Өзүңөр жөнүндө жогору ойлобогула, тескерисинче, момундардын жолун жолдогула. Өзүңөрду акылдуу эсептебегиле (англ.: мактанбагыла, бирок төмөнкү даражадагы адамдар менен мамилешүүгө даяр болгула).*

*7. Римдиктерге 13:8 – Бири-бириңерди сүйгөндөн башка эч кимге эч нерсе карыз болбогула. Анткени жакынын сүйгөн адам мыйзамды аткарган болот.*

*8. Римлдиктерге 14:13 – Ошондуктан бири-бириңерди соттобойлу, андан көрө бир тууганыбыздын жыгылуусуна түрткү болбоо жөнүндө ойлонолу.*

*9. Римдиктерге 15:7 – Машайак силерди Кудайдын даңкы үчүн кабыл алгандай, силер да бири-бириңерди кабыл алгыла.*

## Тиркеме №3

*10. Римдиктерге 15:14 –Бир туугандар, мен ишенем, силер өзүңөр деле ар кандай жакшы нерселерге жана билимге байсыңар, ошондой эле бири-бириңерге акыл-насаат айта аласыңар.*

*11. Римдиктерге 16:16 – Ыйык өбүшүү менен саламдашкыла. Силерге Машайактын бардык Жыйындарды салам айтып жатышат.*

*12. 1 Коруntтуктарга 1:10 – Бир туугандар, Теңирибиз Ыйса Машайактын атынан өтүнөм, баарыңардын сөзүңөр бир болсун. Өз ара бөлүнбөгүлө, тескерисинче, бир ой, бир пикирге келгиле.*

*13. 1 Корунттуктарга 10:24 – Ар бир адам өзүн эле эмес, өзгөнү да ойлосун.*

*14. 1 Корунттуктарга 11:33 – Ошондуктан, бир туугандарым, Кечки Тамакка чогулганыңарда, бири-бириңерди күткүлө.*

*15. 1 Корунттуктарга 12:25-27 – Бирок дене мүчөлөрү өз ара бөлүнбөш үчүн, мүчөлөрдүн бардыгы бири-бирине кам көрүш үчүн, Кудай дененин көрксүз мүчөсүн өзгөчө кам көрүлгүдөй кылып жайгаштырган. Ошондуктан бир мүчө азап тартса, аны менен кошо бардык мүчөлөр азап тартышат. Бир мүчө даңкталса, аны менен кошо бардык мүчөлөр кубанышат. Силер Машайактын денесисиңер, өз-өзүнчө алганда, ар бириңер бул дененин мүчөлөрүсүңөр.*

*16. Галаттыктарга 5:13-15 – Бир туугандар, силер эркиндикке чакырылгансыңар, бирок эркиндигиңер күнөөкөр табиятыңарды канааттандырууга негиз болуп бербесин, тескерисинче, бири-бириңерди сүйүү менен кызмат кылгыла.*

*17. Галаттыктарга 5:26 – Менменсинбейли, бири-бирибизди кыжырдантпайлы, көрө албастык кылбайлы.*

*18. Галаттыктарга 6:2 – Бири-бириңердин кыйынчылыгыңарды көтөргүлө, ошентип, Машайактын мыйзамын аткарасыңар.*

*19. Эфестиктерге 4:2 – бардык учурда момун, жоош жана чыдамдуу болгула, бири-бириңерге сүйүү менен мамиле кылып, көтөрүмдүү болгула.*

*20. Эфестиктерге 4:32 – Бири-бириңерге кайрымдуу, боо-*

*рукер болгула. Кудай силерди Машайак аркылуу кечиргендей, бири-бириңерди кечиргиле.*

*21. Эфестиктерге 5:19 – бири-бириңерге забурларды, даңктоо ырларын жана рухий ырларды айтып, Теңирди чын жүрөгүңөр менен даңктап ырдагыла.*

*22. Эфестиктерге 5:21 – Кудайдан коркуу менен бири-бириңерге баш ийгиле.*

*23. Филипиликтерге 2:3, 4 – Эч бир нерсени атаандаштык жана көйрөңдүк менен кылбагыла, тескерисинче, момундук менен башкаларды өзүңөрдөн жогору санангыла. Ар кимиң өзүңдү гана эмес, өзгөнү да ойло.*

*24. Колостуктарга 3:9, 10 – Бири-бириңерге жалган айтпагыла, анткени эски табиятыңарды жаман иштери менен бирге чечип салып, жаңы табиятты кийгенсиңер. Кудайды таанып билген сайын жаңыланган, Жаратуучунун бейнесине окшошуп бара жаткан жаңы табиятты кийгенсиңер.*

*25.Колостуктарга 3:13 – Көтөрүмдүү болгула, бири-бириңерди кечиргиле, эгерде бири-бириңерге наарazyчыгыңар бар болсо, Машайак силерди кечиргендей, силер да кечиргиле.*

*26. Колостуктарга 3:16 – Машайактын сөзү молдугу менен ичиңерде жашасын. Бири-бириңерди акылмандуулук менен үйрөткүлө, бири-бириңер забурлар, даңктоо ырлары жана рухий ырлар менен насаат айткыла, Кудайга чын жүрөгүңөрдөн ыраазычылык келтирүү менен ырдагыла*

*27. 1 Тесалоникалыктарга 4:18 – Ошондуктан бири-бириңерди ушул сөздөр менен сооротукула.*

*28. 1 Тесалоникалыктарга 5:11 – Ошондуктан бири-бириңерге кайрат берип, акыл- насаат айтып жатканыңардай эле, мындан ары да ошондой кыла бергиле.*

*29. Еврейлерге 3:13 – Күнөөгө азгырылып, жүрөгүңөрдү катуулантпашыңар үчүн, «бүгүн» деген айта турган күнгө чейин, ар күнү бири-бириңерге акыл-насаат айткыла.*

*30. Еврейлерге 10:24, 25 – Бири-бириңерге көңүл бөлүп, бири-бирибизди сүйүүгө жана жакшы ишке үндөйлү. Чогулушка барбоону адатка айландырып алган кээ бирөөлөргө окшоп, чогулуштарыбызды калтырбайлы. Ал Күндүн жа-*

*кындап калганын билгендиктен, бири-бирибизди сергек болууга чакыралы.*

*31. Жакып 4:11 – Бир туугандарым, бири-бириңерди жамандабагыла. Ким бир тууганын жамандаса же соттосо, ал мыйзамды жамандап, мыйзамды соттогон болот. Эгерде сен мыйзамды соттоп жатсаң, анда мыйзамды аткаруучу эмес эле, соттоочусуң.*

*32. Жакып 5:16 – Ошондуктан айыгышыңар үчүн, бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү ачык айтып, бири-бириңер үчүн сыйынгыла. Адил адамдын күчтүү сыйынуусу көп нерсени аткаралат.*

*33. Жакып 5:9 – Бир туугандар, соттолбош үчүн, бири-бириңердин үстүңөрдөн арызданбагыла. Соттоочу босогодо турат.*

*34. 1 Петир 1:22 – Бир туугандык таза сүйүүгө ээ болуу үчүн, рух аркылуу чындыкка тил алуу менен жаныңарды тазалап, бири-бириңерди дайыма чын жүрөктөн сүйгүлө.*

*35. 1 Петир 3:8 – Ошентип, баарыңар бир ойдо болгула, кайрымдуу болгула, бир туугандарыңарды сүйгүлө, боорукер жана момун болгула.*

*36. 1 Петир 4:8-9 –Бири-бириңерге күңкүлдөөсүз меймандостук көрсөткүлө.*

*37.1 Петир 4:10 – Ар бириңер Кудайдан алган жөндөмдүүлүгүңөр менен бири-бириңерге кызмат кылгыла. Кудайдын ырайымы менен берилген көп түрдүү жөндөмдүүлүктөрдү жакшы үй башкаруучулар катары колдонгула.*

*38. 1 Петир 5:5 – Бардыгыңар бири-бириңерге баш ийип, момун болгула. Анткени Кудай текеберлерге каршы турат, ал эми момундарга ырайым кылат.*

*39. 1 Жакан 1:7 – Ал жарыкта болгон сыяктуу биз да жарыкта жүрсөк, анда бири-бирибиз менен мамилебиз бар жана Анын Уулу Ыйсанын каны бизди ар кандай күнөөдөн тазалайт.*

*40. 1 Жакан 3:11 – Анткени силер башынан бери угуп келе жаткан кабар бул: бири-бириңерди сүйөлү.*

*41. 1 Жакан 3:23 – Ал эми Анын осуяты болсо бул: Уулу Ыйса Машайакка ишенүү жана бири-бирибизди Ыйса осуяттагандай сүйүү.*

## №4 Тиркеме

# ТОЛУК МЕЗГИЛДҮҮ КЫЗМАТ КЫЛУУ (ТӨЛӨНҮҮЧҮ) ЖАНА ЖАҢЫ КЕЛИШИМДЕГИ ФИНАНСЫЛЫК МАСЕЛЕЛЕР

Кээ бир машайакчылардын арасында «толук мезгилдүү кызмат кылуу» деген түшүнүк бурканга айланып, бардык каражаттар менен ага жетүүгө тилек кылышат. Ушул умтулуунун артынан турган мотивдер Машайактын Денеси үчүн көп учурда ойрондуу келет. Анткени бул толук мезгилдүү кызматчыларды башка мүчөлөргө караганда өзгөчө статустагы ыйыктардын катарына көтөрүүнү туудурат. Бул буркан ошондой эле биздин жашообузга дагы бир жалган карама-каршылыкты, полярдуулукту алып келет. Анда христиандык кызмат кылуу гана жалгыз «руханий» жана «ыйык» иш, ал эми калган иш-аракеттин баары «дүйнөлүк» же «Кудайдан тыш» деп үйрөтүлөт. Бул диний полярдуулук жана ал таптакыр Жаңы Келишимдеги түшүнүктөр жана көз караштар менен далилденбейт.

Пабыл Колос шаарындагы кул ишенүүчүлөрдү төмөндөгүдөй насааттаган: «Кулдар, кожоюнуңарга бардык нерседе баш ийгиле, адамга жагынуучулар сыяктуу алардын көзүнө көрүнүш үчүн эмес, чын жүрөктөн, Кудайдан коркуу менен баш ийгиле. Анткени сыйлыкка Теңирден мурас аларыңарды билесиңер, силер Теңир Машайакка кызмат кылып жатасыңар» (Колостуктарга 3:21-22). Бул Жаңы Келишимдин темасы, анткени биз баарыбыз падышалык ыйык кызмат кылуучуларбыз жана «Машайакта бирбиз», Пабыл айткандай: «Анткени силер бардыгыңар, Машайактын урматына чөмүлдүрүлүп, Машайактын бейнесин кийдиңер. Мындан ары силердин араңарда жүйүт да, эллин да, кул да, эркин адам да, эркек да, аял да жок, анткени бардыгыңар Машайак Ыйсанын ичинде бирсиңер» (Галаттыктар 3:26-28).

Козу-улактар эми курмандыкка жарабайт. Биз өзүбүз тирүү курмандык болуп калдык (Римдиктерге 12:1-2). Ошондуктан менин карапайым күнүмдүк жашоомду түзгөн нерселердин баары – Ал үчүн күн сайын алып келген менин курмандыгым. Күнүмдүк жоопкерчиликтер жана милдеттердин арасында адал менен арамдын, руханийлүүлүк менен дүйнөлүктүн ортосунда ажы-

рым жок. Машайак жашоону толугу менен кун төлөп куткарып алды! Биз эми эмне иш кылбайлы, Ал үчүн жасашыбыз керек жана муну күнүмдүк курмандык катары кабыл алышыбыз керек.

Көптөр кызматты статус жана орун алууга акча үчүн же акчага жасашат. Кызмат кылуу биздин маңызыбыз, ысымыбыз, баабыз эмес. Ыйса мындай кызматты жагымдуу курмандык деп кабыл албайт. Туура эмес мотивдер менен болгон кызмат – Кудайга жагымдуу курмандык апкелүү эмес. Кудайга жагымдуулук эмне иш болуп жаткандыгында эмес, а бул кандай жүрөк менен аткарылып жаткандыгында жана ким алдында экендигинде. Сыйлык өз чакырыгына ишенимдүүлүгүнө жараша болот. Бул дүйнөнүн эң алсыздарына кызмат кылуу – Ыйсага кызмат кылуу. Асман Падышалыгы бул – тескери кеткен падышалык. Анда биринчи акыркы болуп, акыркы биринчиге айланып кетет. Ошондуктан эң алсыздарга туруктуулук менен ишенимдүү кызмат кылган белгисиз кызматчы конференцияларды өткөрүп, көптөгөндөргө таасир бергендей көрүнгөн атактуу насыятчыга караганда көбүрөөк сыйлык алып калышы ыктымал.

Бардык мыйзамдуу жана чынчыл жумуш - кызматтын өзү! Кимдин кызматы абдан маанилүү? Конференциянын спикериникиби же ашпозчунунбу? Спикердинби же даараткана жуугучтунбу? Спикердинби же айдоочунунбу? Ашпозчулар, уборщицалар жана айдоочуларсыз семинар да болбой калышы мүмкүн. Биз – Машайактын Денесибиз. Ар бирибиз – падышалык ыйык кызматчыбыз жана бир бирибизге, Ыйсага чын жүрөктөн өз ара кызмат кылбасак, Падышалык жылбайт жана таралбайт да.

*А. ОШОГО КАРАБАЙ ЖАҢЫ КЕЛИШИМ ЧЫН ЭЛЕ ЖАКШЫ КАБАРДЫН НАСЫЯТЫ АРКЫЛУУ ЖАШАГАНДАР ТУУРАЛУ, БУЛ АЛАРДЫН УКУГУ БОЛГОНУН ЖАНА БУЛ УКУК ТЕҢИР ТАРАБЫНАН БЕКИЛГЕНИН АЙТАТ.*

1.Лука 8:1-3 Ыйса жана Анын шакирттери өздөрүн камсыз кылбай эле саякаттап жүрүшкөнүн айтат, анткени аларга ооκаттуу аялдар өз каражаттары менен кызмат кылышкан экен.

2.Элчи иштери 6:1-7 боюнча апостолдор жана дьякон-

дордун тобу да кызмат кылып, бүт жыйындын курмандыктарынан колдоо алышканы айтылат.

3. 1 Коринттуктарга 9:7-14 кызматчылардын «руханий» нерсе үчүн материалдуу нерсени алууга «укугу» бар экени айтылат да, «Евангелие айткандарга Теңир жакшы кабардан жашаганга буйрук берген» делет. Ыйса ушинтип жашаган жана муну Өзү сыяктуу же Пабыл сыяктуу саякаттап жүргөндөр үчүн нормалдуу көрүнүш катары баалаган. Андайлар Кудай Падышачылыгынын жакшы кабарын насыятташы үчүн атайын бошонуулары керек.

4. 2 Корунттуктарга 11:9 – бул Пабылдын Корунт шаарында жүргөндө муктаждыктары Македониялык бир туугандар аркылуу канааттандырылганы жөнүндө күбөлүгү. Ал Евангелиеден жашаганга өз укугун практикалаган.

5. Филипиликтерге 4:10-15 Филипидеги ишенгендерди ар дайым аны туруктуу колдоп жүргөндөрү үчүн мактайт да, алардын өз жыйындарында да бөлүшүп жүрүүсүн белгилейт.

6. 1 Тиметейге 5:17-20 башкарган пресвитерлерге «бөлөкчө урмат» көрсөтүүнү буйруйт. Өзгөчө бул сөз менен окутууда эмгектенип жаткандарга тиешелүү. Кээ бирөөлөр бул аяттар жергиликтүү пасторлорго айлык төлөп берүүнү көрсөтүп жатат дешет.

Келгиле, кайрадан Лука 10 - бөлүмгө кайрылалы. Эмне үчүн үйгө чогулган топ муктаж болуп же өзүнүн епископуна, пасторуна, пресвитерине, койчусуна айлык бергиси келет экен? Ал дагы эмне себептен ага төлөшүн каалламак? Эгер биз пресвитерлерди үй жыйындарын жетектеп, өз үй-бүлөлөрүндө жана досторунун арасында мактай тургандай иш кылып жаткан, өз жыйынынан да башка жерге кызмат кылалгандыгын бардыгы тааныган кишилер катары көрсөк, анда бул түшүнүктүү болот. Алар географиялык жактан кеңири кызматка өтүп, насааттап, үйрөтүп жүрүшүп, жаңы үй жыйындарына жаралганганга жардамдашат. Дайыма саякаттап, көчүп жүрүшкөн кызматчылар мурункудай өз кесиби менен иштегенге убактысы жок калып, жакшы кабардан жашаганга укуктарын колдонгонго акылуу болушкан.

Азыр дүйнөдө дүркүрөп өсүп жаткан үй жыйындарын

негиздөө кыймылдарынын ажырагыс бөлүктөрүнүн бири – алардагы лидерлер өздөрүн өзү багышат, атүгүл сапар тартчу (транслокалдуу) кызматчылар да өз алдынча акча табышат.

Жетекчи кызматчылар өздөрүн камсыз кылышат. Эгер сизди сөздөрүңүз үчүн акча төлөнгөн киши катары кабыл алышса, анда айткан кебиңиздин нравалык баркы абдан төмөн болуп, сыйланбай калат. Эгер өз эсебиңизден сүйлөп, насыят айтсаңыз, анда сөздөрүңүздүн авторитети көбүрөөк боло түшөт. Сиз өзүңүз эмне деп жатканыңызга чын жүрөктөн ишенишиңиз керек!

Андан тышкары, акча табуунун иш аракети сизге түшүм жана жыйым-терим болуп жаткан кадиресе табигый дүйнө менен аралашканга жол берет. Ушунчалык көп лидерлер христиандык геттолорунда камалып алышкан дейсиң, өздөрүнө өзү насыят окушат жана указ менен башкарышат, бир сөз менен айтканда нерселер тууралу айтуу жана ошону кылууну бир эле иштей көрүшөт. Алар отчеттуулукка, нормалдуу табигый жашоого жана жемиштери менен соттолгонго ээ эмес..

### *Б. ПАБЫЛДЫН ҮЛГҮСҮ ЖАНА ЭМНЕ ҮЧҮН АЛ ЖАКШЫ КАБАРДАН ЖАШОО УКУГУН КОЛДОНГОНГО КӨП УЧУРДА БАШ ТАРТКАН*

. Элчи иштери 20:26-35 – бул Пабылдын Эфестеги пресвитерлерге акыркы кайрылуусунун жазмасы. Анда ал окутуусу жана жеке үлгүсү жагынан аябай тигилерди ашкерелеген. Пабыл эч кимдин дүйнөсүн каалабагандыгын, өзүн жана өз командасын камсыз кылуу үчүн өз колу менен эмгектенгенин айтып, аягында: «ушинтип эмгектенип, алсыздарга жардам берүү керек экендигин, Ыйса Теңирдин «Алганга караганда берген жакшы» деген сөзүн унутпоо керек экендигин бардык жагынан көрсөттүм» деп жыйынтыктаган. Ал өз өмүрүн үлгү жана норма катары башкаларды жетектеп, Ыйсанын артынан ээрчигенди үйрөткөндөргө көрсөткөн. Пабыл Эфестеги пресвитерлер ал кылган эмгекти жасап, анын үлгүсүн

кайталаса деп күткөн. Бул бардык мезгилдеги пресвитерлер үчүн үлгү. Жана да бул сиз эч качан конференцияларда укпай турган Жазуудагы финансы тууралу жер!

2. 1 Корунттуктарга 4:12 «өз колубуз тууралу иштеп, эмгектенип жатабыз» деп басым жасап айтат. Пабыл муну Корунттук ишенүүчүлөргө сүйүүсүнүн, кам көрүүсүнүн белгиси катары көрсөтөт жана аларга өз аталыгын далилдейт.

3. 1 Корунттуктарга 9:1-19 – мында Пабыл башка апостолдор жандарына аялдарын алып жүрүшүп, Жакшы Кабардан жашаганга укуктарын колдонушканын айтат. Ал кайрадан Барнаба экөө Жакшы Кабардагы өз укуктарын пайдаланбай, өз алдынча акча таап, иштей беришкенин эскертет: «Машайактын Жакшы Кабарынын таратылышына кедерги болбош үчүн, баарына чыдап жатабыз». Корунттук ишенгендерден акча алуу эмнеге Машайактын жакшы кабарынын таралышына кедерги болуш керек? Жөн гана, алар Пабыл Корунтка ишенүүчүлөрдөн бирдеме алыш үчүн эле келет деп айыпташы мүмкүн эле.

4. 2 Корунттуктарга 11:7-9 Пабылдын бир чакырыгын камтыйт, анда ал корунттуктардын үстүнөн моралдык жактан негизделген авторитети тууралу дагы айтат: аларга акысыз насыяттаган жана эч качан оор жүк болгусу келбеген.

5. 2 Корунттуктарга 12:13 дагы кайрадан Пабыл корунттук ишенгендерге жүк болуудан карманганын айтат.

6. 2 Корунттуктарга 12:14 жүк болбоо темасын кайталайт: «анткени балдары ата-энеси үчүн эмес, ата-энеси балдары үчүн мал-мүлк жыйнашы керек». Өздөрүн «апостолдук аталар» деп атап, балдары аларга ондук бериши керектигин үйрөткөндөр эч качан өз Библияларын жакшылап окушкан эмес, ошондуктан ачкөздүктүн мотивдерине түшүп кетип жатышат.

7. 2 Корунттуктарга 12:17-18 бизге Пабылдын тобунда жүргөндөр да акча тууралу сөз кеткенде ал сыяктуу принциптерди карманганын айтат. Кээде кызматтын башчысы финансы тууралу өзү айтпайт, бирок өз тобуна

ал жөнүндө сүйлөөнү буюрат. Ал акча тууралу сөздөн жогору болгусу келет. Пабыл бул оюндарды өз тобу менен кылган эмес, тескерисинче алар чогуу иштешкен жана ал командасындагы адамдарды өзү карманган көз караште жана принципте деп айта алган.

8. 2 Тесалоникалыктарга 3:6-12 – өтө жөнөкөй насаат. Пабыл аларга ак ниеттүү мамиле кылбаган б.а. иштебеген бир туугандан алыс качкыла деп кеңеш берет. Ал Жакшы Кабардан жашоо укугун билсе да, өзүнчө иштеп, башкаларды да ушундай кылгыла деп суранат. Жыйынтык? «Ким иштебесе, тиштебейт»..

### *3. ЖАЛГАН АПОСТОЛДОР ЖАНА ПАЙГАМБАРЛАР АКЧАНЫ ЖАКШЫ КӨРҮШКӨНДҮГҮНӨН БИЛИНИШЕТ…*

Пабыл жалган апостолдор менен жалган пайгамбарларды алардын акчага карата мамилесинен улам абдан айкын аныктап койчу. Ошондуктан башка лидерлерге үлгү көрсөтүү үчүн эмне үчүн өзү катуу иштегендиги түшүнүктүү болот. Ыйса да жүйүт дин башчыларын акчаны, урматсыйды жана орун кызматты сүйгөндүгү үчүн соттогонун билебиз. Теңирибиз аларды элдин ийнине өтө оор жүк салышып (ал жүктүн көбү финансылык эзүү болчу), өздөрү аны көтөрүшкөнгө жардамдашпаганы үчүн айыптаган. Бүт дүйнө жүзүндө бутпарастык кечилдер менен ийбадатканалык салттар системасы дайым аларга баргандарга чоң финансылык жүктү жүктөйт. Дин дайыма адамдарды басмырлайт, өзгөчө муктаж болгондор менен жардылардын акчаларын сууруйт. Пабыл мындай мамилелерге аралашкысы келбегендиктен Ыйса сыяктуу абдан айкын, бир эле позицияда туруп, акчалай сыйлык алган кызматчыларды соттогон.  Мотивациясы ачкөздүк болгондордон айырмалангanын көрсөтүү үчүн ал иштечү. Ал Кудай Сөзүн сатып жатасың деп айыптагандарга негиз бербеш үчүн азап тартып кыйналса да, иштөөнү ылайык көргөн.

Эгер Пабылдын күндөрүндө ушундай болсо, анда бул азыркы күндөрдө канчалык актуалдуу. Анткени ар бир христиандык кызматчы акча үчүн эле иш кылып

жүрөт деп бүт дүйнө ойлоп жатпайбы. Китептер рекламалаштырылат, диний окутуулар сатылат, анан дизайнердик костюм кийип, Rolex саат тагынган белгилүү бир насыятчыга курмандык кылсаңыз, сөзсүз жүз эсе жалгана турганыңыз тууралу жалган кептер жарыяланат. Кудай Сөзүн сүйгөндөр аны сатышпайт.

1. 2 Корунттуктарга 11:13-20 – бул «жалган апостолдорго» түздөн түз кайрылуулар. Пабыл корунттук ишенүүчүлөрдү жалган апостолдордун эзгенине чыдап жатканы үчүн айыптайт: «силерди кул кылып жаткандарга да, силердикин жеп түгөтүп жаткандарга да, силердикин тартып алып жаткандарга да, силерге менменсинип жаткандарга да, силерди жаакка чаап жаткандарга да чыдайсыңар».

Бул ыйыктарды өз көзөмөлүнө салып, курмандык маселеси боюнча манипуляциялап, аларды өздөрүнүн кичинекей падышалыктарын курганга колдонуп жаткан – жалган апостолдор эле.

2. 1 Тиметейге 6:3-10 – Мында Пабыл жалган окутуучулар тууралу Тиметейге кайрылат, «алар такыбаалык пайда алып келгенге кызмат кылат деп ойлошот» имиш. Мындайлар менен жолукканда ыйыктар эмне кылуулары керек? «Алардан качып кетүү гана керек». Ушундай стандарт боюнча биз сыналгыдан көрсөтүп жаткан насыяттардын көпчүлүгүнөн баш тартып, жана өркүндөп гүлдөөнү Кудайга тил алуу жана ишенимдүү болгондуктун батасы деп үйрөткөндөрдүн баарынан алыстайлы.

3. Титке 1:11 – Пабыл Титти жалган окутуучулардын «жаагын жап кылуу керек. Алар өз керт башынын уятсыз кызыкчылыктары үчүн, окутпаш керек болгон нерсени окутуп, кээ бир үй-бүлөлөрдү толугу менен бузушат» деп үйрөтөт. Ооба, телекөрсөтүүлөрдөгү насыятчылар Библияны колдонушат. Ооба, алардын күбөлүктөрү бар. Ооба, алар өздөрүн Ыйсанын жолдоочулары деп аташат. Ооба, алар өтө эле ийгиликтүү көрүнүшөт. Пабыл алардын жаагын жап кылыш керек дейт. Эмнеге? Алардын кылып жатканынын негизги максаты – акча жыйноо гана.

4. 1 Петир 5:2-3 – бул койчуларга Кудай элине чын көңүлдөн ынтаалык менен кызмат кылуу тууралу чакырык: «өзүңөрдүн керт башыңардын кызыкчылыгы үчүн эмес,

ынтаалык менен, энчиңердин үстүнөн үстөмдүк кылуу менен эмес, үйүргө үлгү болуу менен кайтаргыла». Дагы эле ач көздүк менен көзөмөлдөө биздин башчылыгыбызды жалган лидерлик кылат. Андан ары укмуштай «Кудай текеберлерге каршы, момундарга ырайым берет» деген аныктама келет. Кудай кантип текеберлерге каршыланат? Бул этиш пассивдүү ыңгайда эмес болгондуктан «текеберлерге каршы салгылашат» деп которулушу мүмкүн. Кудай мени менен салгылашын каалабас элем!

5. 2 Петир 2:3, 14 – акчаны эңсөө аркылуу жалгандык аныктала турганын көрсөткөн айкын пикирлер. Бул кандайча болот? Бир башчы бир маркадагы машина же бир түрдөгү офис менен мебелге ээ болсо, экинчиси аны каалай баштайт. Сыналгыдагы бир насыятчы жеке самолет алгысы келсе, башка баары да ошону самашат. Анан мунун баары «Жакшы Кабардын таралашы үчүн» деп актала башташат, чынында бул калп. Мында ач көздүк менен материалдуулукту эңсөө гана турат.

Белгилүү христиандык башчылар биринин артынан бири акча жана кумарларга байланыштуу жаңжалдарга дуушар болгон сайын Кудай кантип текеберлер менен кармаша турганы ачык көрүнө баштады. Ал жамандыктын үчилтигине өз эркин көрсөткөнгө жол берүүдө. Алар турмуш-тиричиликтеги текебердик, өз абалына текеберчилик жана жетишкендерине, талант-жөндөмдөрүнө карата текебердиктер. Анан кумар аткарыла баштайт. Каалаганыбызды ала алабыз. Кудай элинин акчасы туура эмес колдонулуп,  жашоонун VIP образын камсыз кылып калат. Андан кийин дене кумары жана сексуалдык күнөө келет. Эгер каалаганымды ала алсам, анда эмне үчүн каалаган аялды же эркекти алсам болбойт?

Пабыл Тиметейди пресвитерлер менен мамилеси боюнча насааттап жатканда, ал айыптоолор менен күнөөдөгү кишилерди ашкерелөөнүн ортосундагы балансты белгилеп койгон (1 Тиметей 5:17-21). Айыптоолор бир эле адамдан кабыл алынбашы керек эле. Бирок күнөөсү менен кармалган лидерлерди Тиметей «башкалардын коркунучу болсун үчүн баарынын алдында ашкерелөөгө» тийиш болчу. Ал эми азыр христиан дүйнөсүндөгү атактуулардын жашоосунан уламдан улам чоң күнөөлөрдү көрүп жатабыз, аларды курчагандар жана бир кызматтагы кызматташтары муну жаап жашырып турушат. Эгер

кимдир бирөө бетин ачып ашкерелеп, ачкөздүк менен акчага байланыштуу маселени көтөргөнгө аракет кылса, анда аны «сенде диний жакырчылыктын жана соттоонун руху бар экен» деп жаагын жап кылышат. Эгер башка бирөө сексуалдуу күнөөнү ашкерелесе, анда «сизде кайрымдуулук жок экен, Теңирдин куткаруучу кечиримине ишенбейт экенсиз, и биздин дүйнөбүз ушул күнөө кылып жаткан башчыбыздын майлоосуна абдан муктаж, ошондуктан бул «көйгөйлүү маселени» кыйгап өтөлү» дей башташат. Ашкерелөө да, коркунуч да жок. Күнөөнү актоо жана шоу улана бериш керек деген жактоо гана бар.

Көптөгөн «машайакчылык» массалык кабар каражаттары (МКК) кээ бир адамдарга өз кызыкчылыгы үчүн сүйлөгөнүнө аябай жакшы шарт түзүп беришет да, Машайактын шакирттерин абдан жаман жасашат. МКК аудиториялар жана финансылык базаларды жакшы түзүшкөнү менен Ыйсаны чын дилден сүйүп курмандыкка барган адамдарды абдан аз кылышат. Ыйса Өз өмүрүнүн бүт жемишин он эки шакиртине ишенип берген. Жүрөктөн жүрөккө мамилеси аркылуу Өзү жашаган өмүрдү көбөйтүүнү аларга тапшырган. Ыйсада «Б планы» болгон эмес. Жалгыз планы – Ыйык Рухтун жетеги астында өз ара мамилелерди көбөйтүү эле.

Биз Ыйсанын жолдоочуларыбыз. Массалык Кабарлар Каражаттарынын күчүнө жана алар жаратып жаткан жылдыз-кызматчыларга алданбагыла. Ыйса биринчи жолкулардан болуп, Өз максаттарынын жүрүшү үчүн Өз ыкмаларынын үлгүсүн көрсөттү. Бул бир нече адамдарга Өз өмүрүн салуу аркылуу, алар да кийин башкаларга ошондой кылганга күчү бар болсун деген жол. Биз Анын ыкмасын жакшырта албайбыз. Силер да баргыла жана ошондой иш кылгыла!

### *4. МУКТАЖ БОЛГОНДОРГО ЖАҢЫ КЕЛИШИМГЕ ЫЛАЙЫК КАМ КӨРҮҮ.*

Биз Ыйса Өзүн толугу менен муктаж болгондорго киргизип, алсыздар үчүн эмне кылсак, Ал үчүн кылып жаткандай болосуңар деп айтканына бир нече жолу кайрылган элек. Матай 25 жана Ышайа 58 биринчи кылымдагы ишенгендердин арасында кандай болсо, азыркы биздин ой жүгүртүүбүз жана жашообузда да ошон-

дой пайдубалдык негиздер болушу керек. Алгачкы жыйындын дүркүрөп өскөнүнүн факторлорунун бири алардын арасында Рим Империясынын жакыр райондорунан ташталган балдарды багып алуу аябай кеңири таралган болучу.

*Жакып 1:27 – «Кудай Атанын алдындагы таза жана кемсиликсиз такыбаалык – бул жетим-жесирлерге кам көрүү жана өзүн бул дүйнөдө таза сактоо».*

*Элчи иштери 6:1 – «Ошол күндөрү, шакирттер көбөйө баштаганда, бутпарас өлкөлөрдө жашаган эллинисттерде эврейлерге каршы наразычылык пайда болду, анткени күнүмдүк тамак-аш бөлүнүп берилгенде, алардын жесирлери эске алынбай калып жаткан эле».*

*1 Тиметейге 5:3 - «жесирлерди сыйла, чыныгы жесирлерди».*

*1 Тиметейге 5:16 - «Эгерде Ыйсага ишенген адамдын, ал эркек болобу, аял болобу, жесир калган жакындары болсо, анда ал аларга жардам берсин, алар Жыйынга жүк болушпасын. Ошондо Жыйын чыныгы жесирлерге жардам бере алат».*

Машайактын Денесиндеги бул административдик кайрымдуулук функцияларды дьякондор кылышып, алар кимге, кантип жардам кылуу керектигин жана кайрылгандардын чын эле муктаждыктарын аныктоого тийиш эле. Муктаж болгондорго боор ооруу жана аларга активдүү кам көрүү Элчи иштери 15 бөлүмдөгү Иерусалим кеңешинде финансы боюнча аныкталган жалгыз насаат болуп саналат. Бул тууралу биз Галаттыктарга 2:10 аятынан билебиз: – «алар бизден жакырларды эстен чыгарбообузду гана өтүнүштү, мен бул ишти бүт күчүм менен аткарууга аракеттендим». Бирок ачкачылык учурунда Иерусалимдеги муктаж болгон ыйыктар үчүн каражат жыйноо өткөн, бул Пабыл муктаж болгондорго жардам чогултуу жана берүү тууралу эмне ойлонгонунун элесин берет.

*1 Корунттуктарга 16:1-2 – «Ыйыктар үчүн чогултулчу жардам жөнүндө айтарым: Галатиядагы жыйындарга берген көрсөтмөмдү колдонгула. Мен барганда чогултуп жүрбөшүңөр үчүн ар жуманын биринчи күнү ар бириңер*

*шардыңарга жараша колуңардан келгенин чогултуп коюп жүргүлө».*

Баарынан мурун акча жыйноо салты коюлганы менен проценттик саны же конкреттүү саны такталган эмес. Ар ким жашоодогу өз абалына жараша бергенге чакырылган болчу. Экинчиден, Пабылдын курмандыктар ал келгенге чейин эле жыйналып калышын каалагандыгына көңүл буруңуз. Өркүндөөнүн насыятчыларынын көпчүлүгү өздөрүнө жеке курмандык жыйнашат. Эмне үчүн? Алар элдерди бир нерсеге бергиле деп чакырганга маш болгон өз өнөрүнө таянышат. Пабыл болсо эч кандай мажбурлоо же манипуляция болушун каалаган эмес. Кудай алдында, жүрөгүнүн тынч түпкүрүндө кишилер канча бергенди өздөрү чечиши тийиш болгон. Ал үлгү катары Ыйык Рухка таянганын көрсөтүп, Кудай элине канча бериш керек экенин Ыйык Рух айтып турарына ишенген.

*2 Корунттуктарга 8:1-8 – «… силерди Кудайдын Македониядагы Жыйындарга көрсөткөн ырайымы жөнүндө кабардар кылабыз. Баштарына оор сыноолор келгенине карабастан, алардын кубанычы чоң; өтө жакырдыгына карабастан, алар өтө берешен. Анткени мен алардын чын көңүлдөн, колдорунан келишинче, атүгүл, ашыра беришкенине күбөмүн. Ыйыктарга кызмат кылууга кошкон салымдарын кабыл алышыбызды алар бизден көптөн көп өтүнүштү... эми силер да ушул кайрымдуулук ишинде ынталуулук көрсөткүлө».*

Курмандык берүү ыйыктарга багышталган жана бул кызматка катышуу ыйыктар тарабынан чоң кубаныч, ак дилден садага берүү менен коштолчу. Имарат иштеп турсун деп кирпич жана цементке, электр тогуна төлөгөнгө, бензинге жана секретарлар жана үй жыйноочуларга акча берүүдө кубануу кыйын.

*2 Корунттуктарга 8:13-15 – «Башкаларга жеңилдик болуп, силерге оордук түшпөсүн, тескерисинче, теңдик болсун. Теңдик болуш үчүн, азыр силердин ашык нерсеңер тигилердин кем-карчын толуктоого жумшалсын, кийин тигилердин ашык нерсеси силердин кем-карчыңарды толуктоого жумшалсын. Ыйык Жазууда: «Көп жыйнаган адамдыкы ашып калган жок, аз жыйнаган адамдыкы жетпей калган жок», - деп жазылган».*

Ыйыктарга кызмат кылууга катышуунун максаты «теңчиликке» жетишип, башкалардын кем-карчын толту-

рууга багытталган. Бул аркылуу кийин өзүбүздүн да пайда болгон муктаждыктарыбызды канааттандырууга болор эле. Муктаж болгон бир туугандарыбызды кантип карайбыз? Алардын алдындагы өз милдетибизди кандай көрөбүз? «Теңчилик» деген сөз биздин ой жүгүртүүбүздө кандайча орун алган? «Бир бириңерди күткүлө» деген принципти кантип бу жерде пайдаланууга болот?

Кээ бир айтылуу насыятчылар өздөрүнүн байлыгын жана ооматтуу жашоо образын Кудайдын аларга оң карагандыгынын белгиси жана аларды жибергендигинин далили катары угармандары дагы көп садага беришсин үчүн колдонушат. Анткени алар «жакшы топурак», финансылык түшүм алуу үчүн аларга финансы сепкен перспективалуу да. Алар теңсиздикти жылдырышып, жардыларды «жаман топурак» деп шылдыңдап, байкуштарды байкуш болгону үчүн айыптап, аларга себиш перспективалуу эмес деп эсептешет. Бул – толугу менен жалган.

Кудайдын жарыялоосу боюнча: «Ишенимге бай болушсун, Өзүн сүйгөндөргө убада кылган Падышалыктын мурасчылары болушсун деп, Кудай бул дүйнөнүн жардыларын тандап алган жок беле» (Жакып 2:5).

Накыл кептер: «кедейге кайрымдуулук кылгандар Теңирге карыз беришет» деп айтышат (19:17).

*2 Корунттуктарга 9:1 – «… ыйыктарга жардам кылуу үчүн». Курмандык кылуулар башчылар үчүн эмес, ыйыктар үчүн болгон. Элчи иштери китебинде да курмандыктар апостолдун бут алдына алып келингенде, ал берилгендердин негизги максаты ыйыктар, өзгөчө жетимдер менен жесирлерге кам көрүү болчу.*

*2 Корунттуктарга 9:5 «…оор салык эмес, тартуу катары болсун».*

Жаңы келишимдик курмандыктар мыйзамчылдык милдеттер же мажбурлоо аркылуу эмес, дайыма марттык принциптери менен ак дилден болууга тийиш эле. Жаңы Келишим – Кудайдын жүрөгүнө окшош болгон Ал берген жаңы жүрөктүн келишими. Кудай Өз элин марттыкка жетектеп алып барарына ишенебизби же жокпу?

*2 Корунттуктарга 9:6 – «…ким март сепсе, март оруп алат».*

Себүү жана жыйып алуу убадасы жардыларга курмандык кылууга арналган. Бул берүү «жакшы иштерге бай болсун» (9:8) үчүн «бардык ырайымдын түшүмүн» бошотот. «бардык нерсеге бай болуп, жоомарт болушуңар үчүн ушундай кылат. Ошентип силердин жоомарттыгыңар бизде Кудайга болгон ыраазычылыкты жаратат» (9:11), бул

аркылуу муктаж болгондор «Кудайды даңкташат» (9:13) жана сиздер үчүн алардын сыйынуусу күчөйт (9:14).

Ыраазычылык, сыйынуу жана Кудайды даңктоо көбөйөт жана сыйлык сыяктуу орулат жана кайрадан келечекте себиле турган урук сыяктуу болот.

*Жакып 2:5 – «Ишенимге бай болушсун, Өзүн сүйгөндөргө убада кылган Падышалыктын мурасчылары болушсун деп, Кудай бул дүйнөнүн жардыларын тандап алган жок беле». Жакып жыйынды байларга кошоматтыкты көргөзүп, жаман ойлуу сотторго айланганын ашкерелейт. Стандарт – жакыныңды өзүңдү сүйгөндөй сүй.*

Биз дагы эле «менин жакыным ким?» деген суроону берип келебиз. Бул канча көп адамдардын азаптарын көрүп жаткан зор дүйнөлүк кыштагыбыздагы чоң суроо. Жана да жаныңыздда жашагандардын баарын билген ар бир айылдагы чоң суроо. Жакыптын жыйынтыгы кандай?

*Жакып 2:15-17 «эгер бир тууганыңардын киер кийми, ичер тамагы жок болсо, араңардан бирөө аларга: «тынчтык менен баргыла. Жылуу кийингиле, курсагыңарды тойгузгула», - десе, бирок алардын денесине керектүүнү бербесе, андан эмне пайда? Ошол сыяктуу эле ишсиз ишеним - өлүк ишеним». .*

Жаңы Келишим имараттарды жана жылдыздардын жашоо образын кармап туруу үчүн курмандык берүүнү билбейт.

Негизги фокус – бул адамдар жана бул фокус Кожоюндун айткан сөзү менен коштолот: «эң алсыздар үчүн эмне кылсак, Ал үчүн кылып жаткан болобуз».

Авторлук укуктар © 2010 Стив Хилл. Бардык укуктар корголгон. Эгер бул китептин бөлүктөрүн колдонгуңуз келсе, уруксаат алуу үчүн автор менен байланышыңыз. Адрес: stevehill@harvest-now.com.
Дагы көп материалдарды тапсаңыз болот www.harvest-now.com.
Биринчи чыгарылыш 2010.